Ж. Мамытов
Б. Сыдыкова

# Кыргыз тили

# 7

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:*** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

Ж. МАМЫТОВ, Б. СЫДЫКОВА

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин
VII классы үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлиги бекиткен*

Кайрадан иштелип, 3-басылышы

БИШКЕК – 2012
«КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ» БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки я721
М 22

2-басылышы 2003-жылы басылган

**Шарттуу белгилер – Условные обозначения:**

- – сөздүк – словарь
- – эске түшүргүлө – вспомните
- ? – суроолорго жооп бергиле – ответьте на вопросы
- – үй тапшырма – домашнее задание

М 22 Мамытов Ж., Сыдыкова Б.
**Кыргыз тили:** Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7 кл. үчүн окуу китеби. – Б.: «Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясы, 2012. – 160 б.

ISBN 978–9967–14–083–7

М $\frac{4306020200}{\text{М } 454 \ (11) - 12}$

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки я721

ISBN 978–9967–14–083–7

© Ж. Мамытов, Б. Сыдыкова, 2012
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2012
© «Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясы, 2012

*Жаңы окуу жылыңар менен, жаш достор !*
*С новым учебным годом, юные друзья!*

# I ЧЕЙРЕК

## § 1. Киришүү сабагы – Вводный урок

1. Төмөнкү текстти окугула жана орус тилине которгула.

### БИЛИМ КҮНҮ

Күз келди. Жаңы окуу жылы башталды. Окуучулар майрамдык маанайда кайрадан мектепке чогулушту. Мектепте Билим күнүнө арналган салтанаттуу майрам уюштурулду. Бул майрамга мугалимдер, ата-энелер жана коноктор да келишти. Алар мектеп окуучуларына билим алууда албан ийгиликтерге жетишүүнү каалашты. Билим майрамында жашы жеткен бөбөктөр 1-класска кабыл алынды. Ата-энелер аларга ар кандай белектерди тартуулашты. Окуучулар мугалимдерди куттуктап, кооз гүлдестелерди беришти.

**билим алуу** – получить знание
**албан ийгилик** – большой успех
**ийгиликке жетишүү** – достичь успеха
**жашы жеткен бөбөктөр** – дети, достигшие школьного возраста

1. Жогорку тексттен алынган сөз айкаштарын сөздүк дептериңерге көчүрүп жазгыла жана жаттагыла.

1. Силер билимди кайдан аласыңар?
2. Мугалимдер окуучуларга эмнени каалашат?
3. Билимдүү окуучу эмнеге жетишет?
4. Билим күнүндө кимдер 1-класска кабыл алынат?

2. Макалдарды орус тилине которгула жана жаттагыла.

Окуу – билим булагы,
Билим – өмүр чырагы.

Билим – элге, суу – жерге.
Билимдүүгө дүйнө жарык.

БИБЛИОТЕКА
СОШ №3 г.Бишкек
Инв. №..........

## 6-КЛАССТА ӨТҮЛГӨН МАТЕРИАЛДЫ КАЙТАЛОО
## ПОВТОРЕНИЕ ПРОЙДЕННОГО МАТЕРИАЛА 6-КЛАССА

### § 2. Ат атоочту кайталоо – Повторение местоимения

2. Ырды окугула, ат атоочторду тапкыла.

#### ЭНЕ ТИЛИМ – ӨЗ ТИЛИМ

Эне тилим – өз тилим,
Эси жоктук иш кылат.
Өзүнүн эне тилинде,
Сүйлөбөсө сөздү ким.

Эне тилим – карегим,
Сенде менин дарегим.
Сен турганда мен бармын,
Биз турганда бар элим.

*Т. Арыков*

▶ Эске түшүргүлө: – Вспомните:

1. Ат атооч деген эмне? – Что такое местоимение?
2. Ат атоочтор мааниси боюнча кандай түрлөргө бөлүнөт? – На какие виды делятся местоимения по значению?
3. Жактама ат атоочтор деген эмне жана ага кайсы ат атоочтор кирет? – Что такое личные местоимения и какие местоимения относятся к ним?
4. Шилтеме ат атооч деген эмне жана ага кайсы ат атоочтор кирет? – Что такое указательные местоимения и какие местоимения относятся к ним?
5. Сурама ат атооч деген эмне жана ага кайсы ат атоочтор кирет? – Что такое вопросительные местоимения и какие местоимения относятся к ним?

3. Биринчи катардагы ат атоочторду экинчи катардагы сүйлөмдөргө маанисине карай тууралап байланыштыргыла.

| | |
|---|---|
| Мен | салтанаттуу майрамга мектепке бара жатабыз. |
| Бул | ата-энеден белек алды? |
| Биз | кыргыз тилин окуп жатамын. |
| Ким | менин гүлдестем. |
| Бардыгы | эшиктин коңгуроосун басты. |
| Эч качан | бүгүн сабакка толук келишти. |
| Кимдир бирөө | адамдын көңүлүн оорутпа. |



4. Текстти окугула, айрым сөздөрдү ат атоочко айландыргыла.

#### ОКУУ ЖЫЛЫ БАШТАЛГАНДА

Индияда окуу жылы июнь айында башталат. Бул күнү мугалимдер окуучуларга эң кызыктуу элдик легендалардан айтып беришет. Ата-энелер мугалимдерди жаңы окуу жылы менен куттукташат. Мугалимдердин моюндарына гүл гирляндаларын илишет.

Японияда апрель айында, алчалар гүлдөгөндө окуу башталат. Мектепке окуучулар эшик алдына бут кийимдерин чечип киришет. Ал эми Кытайда окуучулар окууга кыпкызыл бажырайган гүлдестелерди алып келишет. Окуу – дене тарбия сабагынан башталат. Германияда болсо бул күнү балдар түркүн таттуу салынган баштыкчаларды белекке алып, абдан кубанышат. Финляндияда окуучулар жыл аягына чейин мектеп эмеректерин булгабай, сындырбай таза сактоого сөз беришет. Эгерде ант аткарылбаса, айып төлөнөт.

? 1. Окуу жылы Индияда качан башталат?
2. Мугалимдер окуучуларга эмнелерди айтып беришет?
3. Ата-энелер мугалимдерди кантип куттукташат?
4. Окуу кайсы өлкөдө алча гүлдөгөндө башталат экен?
5. Германияда балдар белекке эмне алышат?
6. Финляндияда окуучулар кандай ант беришет?

● **элдик жомоктор** – народные сказки
**алча** – вишня
**гүлдөө** – цветение
**түркүн таттуу** – разные сладости
**баштыкчалар** – пакеты
**эмеректер** – мебель (парты, стулья)
**булгабоо** – не испачкать
**сындырбоо** – не ломать
**сөз берүү** – обещать
**ант** – клятва, клятвенное обещание

5. Төмөнкү сүйлөмдөргө суроо түзгүлө да, кыргызча сүйлөшкүлө.

– Мен Долоноту айылындагы Т. Атаев атындагы орто мектепте окуймун.
– Мен 7-класста өзүмдүн курбуларым менен бирге окуймун.
– Бизге кыргыз тили сабагы абдан жагат.
– Кыргыз тили сабагынан бизди Айгүл эжей окутат.
– Биз сабакта кыргыз тилинде гана сүйлөшөбүз.
– Окуучулар кыргызча ырларды жатка айта алышат.

**6.** Төмөнкү макалдардын маанисин түшүндүргүлө жана ат атоочторду аныктагыла.

Бирөөгө ор казсаң, өзүң түшөсүң.

Өз жакшылыгыңды милдет кылба,
Бирөөнүн жакшылыгын эч качан унутпа.

Өзөктөн чыккан өрт жаман,
Өздөн чыккан жат жаман.

Жогорудагы макалдарды жаттагыла.

1) Ат атоочтун маанисин кайсы вариант билдирет?

а) заттын атын билдирет
б) заттын сын-сыпатын билдирет
в) кыймыл-аракетти билдирет
г) затты жалпылап көрсөтүүчү сөздөр

2) **Эч ким, сиз, өзүм, ушул, бир нерсе, канча** – бул сөздөр ат атоочтун кайсы түрлөрүнө тиешелүү, ар биринин тушуна тууралап жазгыла.

| | |
|---|---|
| 1. Жактама ат атооч – | 4. Тангыч ат атооч – |
| 2. Шилтеме ат атооч – | 5. Аныктама ат атооч – |
| 3. Сурама ат атооч – | 6. Белгисиз ат атооч – |

## § 3. Ат атоочтун түрлөрүн кайталоо– Повторение видов местоимений

Эске түшүргүлө: – Вспомните

**7. Ким? Кимдер? Кайсы?** суроолоруна жооп берүүчү ат атоочторду жөндөгүлө.

Ү л г ү: *Ким? – мен, сен, ал, биз*

| | |
|---|---|
| Атооч: мен | Табыш: мени |
| Илик: менин | Жатыш: менде |
| Барыш: мага | Чыгыш: менден |

**8.** Көп чекиттин ордуна ат атоочторго жөндөмө мүчөлөрдү улап, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

1. Биз... мектеп Ысык-Көл аймагында жайгашкан. 2. Алар... чоң жаңылык күтүп жатат. 3. Жылдыз сен... канча жаш улуу? 4. Мен... Ч. Айтматовдун жаңы китеби бар. 5. Рысбек тээ алыстан кимдир бирөө... байкады.

**9.** Кыргызча маек кургула. 1. Ат атоочторду тиешелүү жөндөмөгө коюп (кашааларды ачып) сүйлөшкүлө.

– (Сен) туулуп-өскөн жериң кайсы?



– ( Мен) туулуп-өскөн жерим ... .
– (Ал) көрүнүктүү эмнелери бар?
– (Ал) көрүнүктүү жерлери ..., жана башкалар аталат.
– (Сен) жана (сен) досторуңа бул жайлар жагабы?
– Албетте, (мен) жана (ал) абдан жагат.

2. Суроолорго жооп берүүдө ат атоочторду туура коюп сүйлөшкүлө. **(бардыгы, алардын, аны, биздин, анын )**

– Мекенибиз – Кыргызстан кандай өлкө?
– ... Кыргызстан эгемендүү, көп улуттуу өлкө.
– Ата-Журтубуз менен сыймыктанабызбы?
– Ооба, бардыгыбыз ... менен абдан сыймыктанабыз.
– Мамлекетибиздин кандай символикалары бар?
– ... мамлекеттик Туусу, Герби, Гимни, Конституциясы жана Тили бар.
– Өлкөдө элдин биримдиги кандай?
– ... биримдиги өтө бекем.
– Улуттар аралык ынтымагы кандай?
– ... ынтымактуу жашашат.

**10.** Жогорку диалогдун мазмунунан маанилеш сөздөрдү таап, сүйлөм түзгүлө.

Ү л г ү: *Мекен – Ата-Журт – туулуп-өскөн жер.*

Менин Мекеним – Кыргызстан. Биз Ата-Журтубуз менен абдан сыймыктанабыз. Силер туулуп-өскөн жериңерди баалай билгиле!

**11.** Текстти окугула.

### КЫРГЫЗСТАН – МЕНИН МЕКЕНИМ

Биздин Мекенибиз – Кыргызстан. Анын жалпы аянты 198 чарчы чакырымга барабар. Азыркы маалымат боюнча өлкөбүздө 5 миллиондон ашуун калк жашайт. Бардыгы жети аймак бар. Алар Чүй, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Ысык-Көл, Талас, Нарын деп аталат. Кыргызстандын борбору – Бишкек шаары. 1991-жылдын 31-августу Кыргызстандын көз карандысыздыгынын күнү. 1993-жылы эгемендүү Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы кабыл алынган. Ушул эле жылы улуттук валютабыз – сомго ээ болгонбуз. Аны пайдалануу менен эсеп, соода-сатык иштерин эркин жүргүзөбүз. 1992-жылы 5-мартта мамлекеттик Туубуз (авторлору: С. Иптаров, Б. Жайчыбеков, Э. Айдарбеков, Ж. Матаев, М. Сыдыков) кабыл алынган. Андагы негизги белгилер Күн жана

боз үйдүн түндүгү. Түндүк – элибиздин тарыхый жашоосунун чексиздиги, үзүлбөгөн өмүрдүн символу. Күн – түрлүү улуттарга нурун тегиз чачыратып турат. 1992-жылы 18-декабрда мамлекеттин салтанаттуу Гимни бекитилген. Гимндин сөзү Ж. Садыков менен Ш. Кулиевдики, музыкасы Н. Давлесов менен К. Молдобасановдуку. Аны бардыгы жатка билишет жана ырдашат. Ал эми 1994-жылы 14-январда мамлекеттик Герб кабыл алынган. Гербдин авторлору А. Абдраев, С. Думанаев. Анда касиеттүү Ысык-Көлгө, ыйык Ала-Тоого алтын нурун чачыраткан Күн жана канатын жайган айкөл Манастын Ак шумкары тартылган.

Биз мекенибиз менен сыймыктанабыз жана даңктанабыз!

**көз карандысыз** – независимый
**тарыхый жашоо** – историческая жизнь
**чексиз** – беспредельный, безграничный
**сыймыктануу** – гордиться
**боз үйдүн түндүгү** – верхний деревянный круг юрты
**ак шумкар** – белый кречет особый, самый быстролетный среди птиц
**үзүлбөгөн өмүр** – беспрерывная (долгая) жизнь
**соода** – торговля
**ыйык** – священный
**улут** – нация
**мамлекет** – государство
**айкөл** – великодушный

1. Тексттен алынган сөздөрдү жаттоо.
2. Монологду жатка айтып берүү.
3. Төмөнкү ырды обону менен ырдоону үйрөнгүлө.

МЕКЕНИМ

Кымбатым өскөн жер мекеним,
Сен десем толгонуп кетемин.
Апамдай асырап өстүргөн,
Аныңды мен актаар бекемин.

Тоолоруң, түздөрүң, белесиң,
Көңүлгө жат болуп келесиң.
Киндик кан тамызган Ата журт,
Чаалыксам күч-кубат бересиң.

*Т. Кожомбердиев*

## § 4. Тууранды сөздөр – Подражательные слова

Жандуу жана жансыз заттардан чыккан үндү, элести туурап көрсөткөн сөздөр **т у у р а н д ы  с ө з д ө р** деп аталат.

Тууранды сөздөргө:

**П о д р а ж а т е л ь н ы е  с л о в а** – это особая часть речи, которая обозначает образ или звуки, издаваемые живыми существами или производимые какими-либо предметами.

К подражательным словам относятся:

*тарс, жарк, кобур-собур, шака-шак, маа, мөө, муу, жалп, жалбырт, зуу, арс, карч, шак-шак, лап-лап, кажы-кужу, ызы-чуу* ж.б. сөздөр кирет.



**12.** Тууранды сөздөрдү тапкыла.

1. Кобур-собур үндөр угулду. 2. Алыстан эрбең-сербең карандар көрүндү. 3. Салтанат эки жагын элтең-селтең каранат. 4. Момун карыяныкынан кажы-кужу үндөр чыкты. 5. Тарс-тарс атылган мылтыктын үнү жаңырды. 6. Бүгүн лап-лап жаап жаткан кар күчөдү.

**13.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, тууранды сөздөрдүн астын сызгыла.

1. Таштак жолдо кетип бара жаткан ат арабанын дөңгөлөктөрү калдыр-кулдур этет. 2. Жумабүбү эне уулун жал-жал карады. 3. Ажардын мууну бошоп, көз жашы мөлт-мөлт тамчылады. 4. Чагылган жарк-журк этип, күн күркүрөдү. 5. Айдоо тараптан трактордун тытыр-тытыр үнү басылбады.

**14.** Тууранды сөздөрдү ажыраткыла.

Жарк-журк, тарсылдады, тып-тып, чакылдайт, арс, маа, мөө, элеңдеген, жылт-жылт, ызы-чуу, жалбырт.

**15.** Тууранды сөздөрдү сүйлөмдөрдөн ажыратып, дептериңерге көчүрүп жазгыла.

1. Чоң кеседеги кымыз мелт-калт этет. 2. Жамгыр тып басылып, күн чайыттай ачылды. 3. Арс этип асылган иттин үнүнөн Саткын чочуп кетти. 4. От тез эле жалп-жулп өчтү. 5. Көл толкуну шарп-шурп этип жээкке урунат.

**16.** Төмөнкү тууранды сөздөрдүн кайсынысы жандуу жана жансыз заттарга тиешелүү экенин тапкыла.

1. Маа- ... , 2. шак-шак- ... , 3. чарт-чурт- ... , 4. элтең-селтең- ... , 5. мелт-калт, 6. тытыр-тытыр, 7. арс- ... , 8. тарс- ... .

1. Тууранды сөздөргө кандай сөздөр кирет жана 6 сүйлөм мисал келтирип, эрежесин айтып бергиле.

## § 5. Тууранды сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү – Виды подражательных слов

Тууранды сөздөр маанисине карай **т а б ы ш** тууранды жана **э л е с** тууранды сөздөр болуп экиге бөлүнөт.

По значению подражательные слова делятся на **з в у к о п о д р а ж а т е л ь н ы е** и **о б р а з н о - п о д р а ж а т е л ь н ы е  с л о в а**.

| Табыш тууранды сөздөр: Жандуу жана жансыз заттардын үнүн, табышын тууроо иретинде айтылган сөздөр **табыш** тууранды сөздөр деп аталат. Табыш тууранды сөздөргө төмөнкү сөздөр кирет: | Звукоподражательные слова: *Звукоподражательными* словами называются слова, имитирующие голоса и звуки, издаваемые живыми и неживыми предметами. К звукоподражательным словам относятся такие слова, как: |
|---|---|

*тарс, карс, курс, шылдыр, калдыр, арс, маа, мөө, шуу-шуу, шаңк, шака-шука.*

**17.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, табыш тууранды сөздөрдү дептериңерге көчүрүп жазгыла.

1. Угулган чуру-чуу, күрү-гүү күчөдү. 2. Бөлмөнүн ичи тып-тынч, шырп дабыш чыкпайт. 3. Чыр-чыр сайраган канаттуулар учуп конушат. 4. Шамал күчөп, толкундар шарп-шурп жээкке урунат.

**18.** Тууранды сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Карс-курс, шылдыр-шылдыр, шылдырап, тарс-тарс, тып-тып, күбүр-шыбыр.

**19.** Сүйлөмдөрдү которгула. Тууранды сөздөргө көңүлүңөрдү бургула.

1. Тарс-тарс атылган мылтыктын үнү тынчтыкты бузду. 2. Арал шаркыратмасынын суусу шар-шар агып жатат. 3. Кырдан эрбең-сербең караандар көрүндү. 4. От жалп өчүп, үй ичи муздай түштү. 5. Артына кылчак-кылчак карап, Данияр келе жатты. 6. Кичинекей кыз тып-тып басып, боз үйгө кирип келди.

**20.** Ырды көркөм окугула жана жаңы сөздөрдү орус тилине которгула.

### КЫРГЫЗ ЖЕРИ

*Сөзү* Т. Байзаковдуку, *обону* А. Жайнаковдуку

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде.
Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,
Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.
Улуусуң, кыргыз жери, нурдан бүткөн,
Сулуусуң, кыргыз жери, ырдан бүткөн.



Ысык-Көл – жердин көзү, кырлар – кашы,
Адырлар – көкүрөгү, токой – чачы.
Дайралар – кан тамыры, чоку – таажы,
Седеби, топчулары – ар бир ташы.
Кең түздүү, гүл денелүү – кыргыз жери,
Күн жүздүү, берекелүү – кыргыз жери.

Жылдыздар көк бетинен өчкөн кезде,
Көл чалкып, тоолор койнун ачкан кезде.
Дил чалкып, таң күлкүсүн чачкан кезде,
Көркүнө көрк кошулат кыргыз жери,
Сезилет ата мээри, эне мээри.
Сулуусуң Кыргыз жери ырдан бүткөн,
Улуусуң Кыргыз жери нурдан бүткөн.

## § 6. Элес тууранды сөздөр – Образно-подражательные слова

| Кыймыл-аракеттин же заттын сырткы көрүнүшүн, кыймылын, элесин көрсөткөн сөздөр **элес тууранды** сөздөр деп аталат. | **Образно-подражательные** слова обозначают внешний вид, движение, образ действия предметов. |
|---|---|
| Алар экиге бөлүнөт: 1. Кыймыл-аракеттин же элестин тездигин билдирет: | Они делятся на две группы: 1. Образные слова, обозначающие действие или скорость: |

*Жал-жал, жалт-жулт, жарк-журк, лып, жылт, жалп, мөлт, селт, улп, шып.*

| 2. Заттардын сырткы көрүнүшү, кыймылы жөнүндөгү элести билдирет: | 2. Образные слова, обозначающие внешний вид и действие предметов: |
|---|---|

*эрбең-сербең, жалт-жулт, кылт-кылт, калжаң-калжаң, калдаң-калдаң.*

**21.** Окуп, элес тууранды сөздөрдү тапкыла. Кыймыл-аракеттин, заттардын эмнесин билдирип турганын түшүндүргүлө.

1. Элдин уу-дуусу күчөдү. 2. Жамийланын карааны алыстан эрбең-сербең көрүндү. 3. Сабак башталды, кечиккен окуучу шып-шып басып кирип келди. 4. Хан элди жалт карады эле, элдин арасын күлкү аралады. 5. Жазгүл шарт бурулду да, жолго түштү.

**22.** Элес тууранды сөздөрдү көчүрүп жазгыла, кандай элести билдирип турганын аныктагыла.

1. Султанмурат Мырзагүлдү жал-жал карады да, акырын класстан чыгып кетти. 2. Кечке ейин жааган кар да, тып басылды. 3. Салтанаттын кийген көйнөгү күнгө жалт-жулт этет. 4. Алыстан Рыскүл эжейдин эрбең-сербең карааны көрүндү. 5. Жумаалы ата багжаң-багжаң бакылдап, төрдө олтурат. 6. Мүйүздүү маралдын башын көргөндө бала селт этип кетти. 7. Мергенчи жар башына чыгып, кылчак-кылчак артына карады.

**23.** Төмөнкү тууранды сөздөрдү маанисине карай бөлүп жазгыла.

Жал-жал, шып-шып, жалт-жулт, жарк-журк, маа, чырр-чырр, шыбыр-шыбыр, мөлт, шуу, шып, селт, жалт, лып, калдаң-калдаң, шуудур, койкок-койкок, кылт, чап, зың-зың, каңк, арс, адыраң-адыраң, чуру-чуу.

Ү л г ү: *1. Табыш тууранды сөздөр: шып-шып*
*2. Элес тууранды сөздөр: жал-жал*

**24.** Элес тууранды сөздөрдү катыштырып сүйлөшкүлө.

**25.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү элес тууранды сөздөрдү коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

1. Шамал үйлөп, бүлбүл куйгөн чырак... өчтү. 2. Момун чал... дебей сууга кирди. 3. ... караандар айылга жакындай берди. 4. Капыстан чыккан ачуу үндөн улам байкем ... этти. 5. Канатбек ... басып, кирип келди. 6. Түнкү ачык асманда жылдыздар ... этет. *(селт, калдаң-калдаң, жалп, жылт-жулт, эрбең-сербең, дың)*

## § 7. Тууранды сөздөрдүн жазылышы – Правописание подражательных слов

| | |
|---|---|
| Аягы **к, п** тыбыштары менен бүткөн тууранды сөздөргө **-ылда** мүчөсү уланганда **к, п** тыбыштары жумшарбай жазылат. | В подражательных словах, оканчивающихся на звуки **к, п** при прибавлении аффикса **-ылда** звуки **к, п** не смягчаются. |

М и с а л ы: бак+ылда= бакылда так+ылда=такылда
күп+үлдө= күпүлдө кып+ылда=кыпылда

| | |
|---|---|
| 2. Кош сөз түрүндө айтылган тууранды сөздөрдүн арасына дефис (-) белгиси коюлуп жазылат. | Подражательные слова в виде парных слов пишутся через дефис (-) |



**Табыш тууранды сөздөр – звукоподражательные слова:**
*чырк-чырк, каак-каак, дың-дың, калдыр-кулдур, зың-зың* ж. б.

**Элес тууранды сөздөр – образноподражательные слова:**
*жал-жал, жалт-жулт, эрбең-сербең, калдаң-калдаң, сороң-сороң* ж.б.

**26.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла, тууранды сөздөрдү таап, аларды тууралап жазгыла.

1. Көчө бойлоп, кыт кыт күлүп үч бала келе жатты. 2. Шамал айдаган толкун шарп шарп этип жээкке урунат. 3. Рыскүл алдыртан карап быpc быpc күлдү. 4. Боз үйдөн тыптып тамган тамчылар элдин тынчын алды. 5. Атчандар айылга кире бергенде арс арс үргөн иттер чуркап чыкты. 6. Эл катуу уйкуда, баланын күрс күрс жөтөлгөнү угулат.

**27.** Аягы **к, п** тыбыштары менен бүткөн тууранды сөздөргө *-ылда* мүчөсү уланганда кандай жазылаарын түшүндүргүлө жана мисал келтиргиле.

**28.** Кош сөз түрүндө айтылган тууранды сөздөрдү катыштырып, сүйлөм ойлоп тапкыла. Эмне үчүн араларына дефис (-) коюларын түшүндүрүп, мисал келтиргиле.

**29.** Сүйлөмдөрдү которгула.

1. Күш-күш этип, поезд Балыкчыга жол тартты. 2. Каак-каак деп учкан каргалар, чыгышка сапар улашты. 3. Алыстан заңк-заңк чыккан үн ого бетер катуулады. 4. Мен апамдын айткандарын шак эстей калып, кыймылымды лып токтоттум. 5. Жамийла Даниярды жал-жал карады. 6. Чоң теректин жанына жеткенде, чырр-чырр эткен дабыш угулду. 7. Зарипанын көзүнөн мөлт-мөлт жаш сызылды. 8. Бала калдыр-кулдур эткен дабыштан чочуп ойгонду. 9. Сааттын чык-чык эткени гана угулуп турду. 10. Мылтык тарс атылып, иттердин арс-арс үргөнү күчөдү.

**30.** Биринчи катардагы сүйлөмдөргө экинчи катардагы тууранды сөздөрдү маанисине карай тууралап байланыштыргыла.

| | |
|---|---|
| 1. Чагылган ... ... этти. | лып-лып |
| 2. Мен апамды ... ... карадым. | шылдыр-шылдыр |
| 3. ... ... жааган кар басылбады. | жарк-журк |
| 4. Мурат ... ... сүйлөп элди күлдүрүп жатты. | жал-жал |
| 5. ... ... аккан сууну бойлой бастык. | багжаң-багжаң |

## § 8. Кызматчы сөздөр – Служебные слова

Сүйлөмдөгү сөз менен сөздү, бир өңчөй мүчөлөрдү жана таталал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырууда **к ы з м а т ч ы с ө з д ө р** керек. Кызматчы сөздөргө:

Для связи слов, однородных членов предложения и простых предложений в сложных предложениях нужны такие **с л у ж е б н ы е с л о в а**, как:

**1. Жандоочтор – Послелоги**

*карай, көздөй (в сторону), жөнүндө, тууралуу (о, про, о), менен(с), жанында (около, возле), үстүндө (вверху), чейин, дейре (до), боюнча (по, согласно чему-л), үчүн (из-за, по причине), сыяктуу(подобный), соң (затем, потом)* ж. б.

**2. Байламталар – Союзы**

*жана, менен (и), бирок (но), эгер (если), анткени (потому что), ал эми (а), же, болбосо (или), ошентсе да (несмотря на это)* ж. б.

**3. Бөлүкчөлөр – Частицы**

*гана, эле (только), го (ведь), эң, өтө, абдан, аябай (очень), как, так, нак (как раз, точный), кудум (точь-в-точь), эч (ни, ничего), да (и), дагы (и, ещё, также, опять), түгүл (не)* ж. б. кирет.

**31.** Төмөндөгү берилген кызматчы сөздөрдү маанисине карай үч топко бөлүп жазгыла.

Аябай, менен, кийин, бирок, боюнча, абдан, анткени, карай, эле, эгер, көздөй, болбосо, эч, ал эми, карата, өтө, жана, мурун, жараша, ошондой болсо да, деле, ары, караганда, кадим.

Ү л г ү: *1. Жандоочтор: карай,*
*2. Байламталар: менен,*
*3. Бөлүкчөлөр: эле,*

**32.** Макалдарды окуп, орус тилине которгула.

Жамгыр менен жер көгөрөт,
Эмгек менен эл көгөрөт.

Элге эр кымбат,
Эрге эл менен жер кымбат.

Аш – ээси менен,
Баш – мээси менен.



**33.** Текстти окугула, кызматчы сөздөрдү маанисине карай бөлүп жазгыла.

МЕКЕН

Бул сөз бардыгыбыз үчүн абдан кымбат. Мекен – бул ар кимдин киндик каны тамган жери гана эмес, ал ажайып керемет өлкөбүз – кыргыз жери. Биздин Мекен жөнүндө легенда, ырлар да өтө көп. Ата мекен тууралуу айта берсек сөз түгөнгүс. Ал эми улуу даанышман баатырлар дагы өз өмүрлөрүн Мекенге арнашкан. Биздин Мекен – Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгаринин мекени, Курманжан датканын мекени, Алыкул менен Чыңгыздын мекени, Мекенибиздин эркиндиги үчүн күрөшкөн улуу инсандарыбызды эч качан унутпайбыз.

Силер мектепте окуйсуңар, билимдүү болуу үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Мунун баарын силерге Мекен тартуулаган. Ошондуктан силер да аны коргоого даяр болгула, өз Мекениңерди сүйө билгиле.

## § 9. Жандоочтор – Послелоги

Сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылган сөздөр **ж а н д о о ч т о р** деп аталат.

Алар сүйлөмдөгү аткарган кызматы боюнча орус тилиндеги предлогдорго окшош.

Слова, которые служат для связи слов в предложении называются **п о с л е л о г а м и**.

По своей роли в предложении они похожи на русские предлоги.

Орус тилиндеги предлогдордон айырмасы жандоочтор өзү менен бирге келүүчү сөздөн мурда турбастан андан кийин келет.

Ар бир жандооч өзү менен бирге колдонулуучу сөздүн белгилүү жөндөмөдө турушун талап кылат.

Однако, в отличие от русских предлогов, послелоги ставятся не перед словами, к которым относятся, а после них.

Каждый послелог требует слова, с которым он употребляется в определенном падеже.

М и с а л ы: *Нурбек шаарды карай кетти.*

*Шаар* деген сөздүн табыш жөндөмөдө турушун аны менен колдонулган *карай* жандоочу талап кылып турат.

Творительный падеж слова *шаар* требует после себя послелог *карай*.

М и с а л ы: *Канатбек менен келдим.*

*Менен* жандоочу өзү менен бирге колдонулуучу *Канатбек* деген сөздүн атооч жөндөмөдө турушун талап кылат.

Послелог *менен* (с) требует, чтобы слово, с которым он употребляется, стояло в именительном падеже.

М и с а л ы: *Жылдыз менен Рысбек.*

*Менен* жандоочу кызматы боюнча орус тилиндеги *с* предлогуна окшош.

Послелог *менен* по своей роли в предложении похож на русский предлог *с*.

Чейин жандооч деген барыш жөндөмөсүндө турган сөз менен колдонулат.

Послелог *чейин (до)* требует, чтобы слово, к которому он относится, стояло в дательном падеже.

М и с а л ы: *Мен китепканага сабакка чейин барамын.*

**34.** Өтүлгөн эрежелердеги жандоочторду **(карай, менен, чейин)** катыштырып, үч сүйлөм жазгыла. Жандоочтун эрежесин түшүндүргүлө.

**35.** Берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп, жандоочтордун алдын сызгыла.

1. Кыргыз эли улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов менен сыймыктанат. 2. Мен апама үй тапшырмаларын аткарганга чейин жардам бердим. 3. Эрмек менен Элдияр бүгүн алма теришет. 4. Мектепте майрамга карата чоң даярдык башталды. 5. Тамактан соң, ысык чай куюлду. 6. Бүгүн райондук олимпиаданын жыйынтыгы жөнүндө маалымат алдык.

**36.** Суроолорго жооп бергиле. Жоопторун жазып, *жандоочторду* аныктагыла.

1. Сен мектепке карай бара жатасыңбы?
2. Сабакка чейин канча убакыт калды?
3. Сен ким менен үй тапшырманы аткардың?
4. Атаң менен апаңа кандай жардам бердиң?
5. Өтүлгөн предметтик олимпиаданын жыйынтыгы жөнүндө кеп болдубу?
6. Сенин классташтарың майрамга карата кандай даярдык көрүп жатышат?

Жандоочторду катыштырып, диалог түзүп келгиле.



## § 10. Жандоочтун түрлөрү – Виды послелогов

1. Атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор:

1. Послелоги в сочетании со словами именительного падежа:

*менен, тууралуу, жөнүндө, аркылуу, боюнча, сыяктуу, үчүн, бою, бойдон.*

2. Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор:

2. Послелоги в сочетании со словами дательного падежа:

*караганда, карай, карата, жараша, чейин, дейре.*

3. Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор:

3. Послелоги в сочетании со словами винительного падежа:

*көздөй, карай, карата.*

4. Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор:

4. Послелоги в сочетании со словами исходного падежа:

*көрө, ары, бери, мурун, кийин, соң* ж. б.

**37.** Сүйлөмдөрдөгү жандоочторду тапкыла. Жандоочтор менен бирге келген сөздөрдүн кайсы жөндөмөлөр менен айкашкандыгын далилдегиле.

1. Садыр аке жөнүндө айтылган тарыхый аңгеме өтө кызыктуу болду. 2. Айчүрөк атасы менен Таласка кетти. 3. Мен мектепке карай шашылдым. 4. Саат түшкү он экиге чейин эс алуучулар келип калышты. 5. Жылдыз үчүн бүгүнкү күн унутулгус. 6. Окуучулар сабактардан соң компьютер үйрөнүшөт. 7. Салтанат ошол күндөн бери сүрөт искусствосуна кызыгат. 8. Адылбек ата уулу Кудайберген менен бир аздан кийин жолго чыгышат. 9. Мугалим Айдайдын жообуна жараша билимин баалады.

**38.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү жандоочторду коюп, көчүрүп жазгыла. Жандоочтун кайсы түрү экендигин аныктагыла.

1. Элдияр мөөнөтүнөн ... экзамендерин ийгиликтүү тапшырды. 2. Адамзат тынчтык ... күрөшөт. 3. Кар күн ... балпактап жаай берди. 4.Үмүтбек кечээтен ... шаардан уулун күтүүдө. 5. Окумуштуулар Кундуздун илимий иши ... ойлорун айтышты.

П а й д а л а н ы л у у ч у с ө з д ө р: *сайын, тууралуу, үчүн, мурда, бери.*

БИБЛИОТЕКА СОШ №3 г.Бишкек Инв. №

**39.** Берилген жандоочторду жөндөмөлөр менен айкашына карай бөлүп жазгыла.

Мурун, жараша, жөнүндө, көрө, карай, боюнча, дейре, кийин, менен, көздөй, чейин, карата, ары, бойдон, соң, тууралуу, бери, аркылуу.

**40.** Текстти окугула, жандоочторду тапкыла.

## МЕНИН МЕКТЕБИМ

Менин мектебим айылдын ортосунда жайгашкан. Эки кабаттуу. Мектепке чейин асфальтталган жол салынган. Бул жол менен балдар мектепке барышат. Мектептин жанында дарыкана менен китепкана жанында жайгашкан. Мектептин айланасында бак-дарактар отургузулган. Күн ысыганда окуучулар ал жерде көлөкөлөп ойношот. Бак-дарактар аркылуу өткөн жол менен спорттук аянтчага барышат. Ал жерде оюндардын түрлөрү боюнча мелдешке чыгышат.

Мектептин ичи талапка ылайык көркөмдөлгөн. Биз таза, жарык жана жашылдандырылган класстык бөлмөлөрдө билим алып жатабыз. «Айылдык билим берүү» долбоору аркылуу компьютердик борбор ачылган. Сабактан кийин биз компьютердик сабаттуулукка үйрөнөбүз. Сүрөт искусствосуна, музыкага жана кол өнөрчүлүккө кызыккандар ийримдерге катышат. Жыл сайын мектептин дилгир окуучулары олимпиаданын жеңүүчүлөрү болушат. Бүтүрүүчүлөр жогорку окуу жайларына карай кетишет. Мен мектебим менен сыймыктанамын.

1. Жогорку тексттен жаңы сөздөрдү тапкыла жана которгула.
2. Тексттин мазмуну боюнча салыштырып, өз мектебиңер жөнүндө айтып бергиле.

## § 11. Байламталар – Союзы

Татаал сүйлөмдүн тутумундагы бир өңчөй мүчөлөрдү жана жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыруучу кызматчы сөз түркүмү **б а й л а м т а л а р** деп аталат.

Ага:

**С о ю з** – служебная часть речи, которая связывает однородные члены и простые предложения в составе сложного.

К нему относятся такие союзы, как:

*да, же, менен, бирок, демек, себеби, ошол, жана да, эгер, анткени менен, ошон үчүн, ошол себептүү, ошондой болсо да, ошондой болгону менен* ж. б.



Байламталар курамына карай **ж ө н ө к ө й** жана **т а т а а л** болуп экиге бөлүнөт.

По составу союзы делятся на **п р о с т ы е** и **с о с т а в н ы е**.

**41.** Көчүрүп жазып, байламталардын астын сызгыла.

1. Алтынай Сулайманова чөйчөктүн четин оозуна тийгизди да, кайра ордуна койду. 2. Ар бир нерсенин жазы да, күзү да болот тура. 3. Момун чал баланын же өкүнгөнүн, же сүйүнгөнүн биле албады. 4. Айдай терең билим алууга аракеттенет, анткени ал келечекте окумуштуу болууну эңсейт. 5. Күн жылый баштады, бирок тоолордо кар эрий элек. 6. Силердин араңардан дарыгерлер, педагогдор, бизнесмендер жана дагы ар кандай кесип ээлери өсүп чыгат.

**42.** Төмөндөгү байламталар аркылуу байланышкан бир өңчөй сөздөрдү колдонуп, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө.

Же актёр, же мугалим, же архитектор, ата-энелер да, коомчулук да, балдар уюму да, ары эстүү, ары тартиптүү, ары кичи пейил, татаал, бирок кызыктуу; күн суук, анткени.

**43.** Төмөнкү ырды окуп, мазмунун талдап түшүнгүлө да, обонго салып ырдагыла.

## МЕКТЕБИМ

*Музыкасы* М. Абдраевдики, *сөзү* Т. Тыныбековдуку

Жаш денемди чыңалтып,
Болоттой бек ширелткен.
Билим кени мектебим,
Алпештеген энем сен.

Күндө ачып барагын,
Китебимди карадым.
Акыл-сезим өркүндөп,
Алга кетип барамын.

Көрүнгөндө караанын,
Көлдөй толкуйт талабым.
Өмүрүмдүн азыгы,
Өзүң берген сабагың.

Айланаңдан кетпеймин,
Ар убакта эстеймин.
Тарбиялап өстүргөн,
Таалай үйү мектебим.

Макалдарды жаттагыла, жандоочторду жана байламталарды аныктагыла.

Жакшынын өзү өлсө да, иши өлбөйт.
Ай менен Күн – асмандын көркү.
Акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.
Адам – акылы менен адам.
Баш – акыл үчүн, акылман – эл үчүн.

Иштегениң ата-энең үчүн, үйрөнгөнүң өзүң үчүн.
Күн жаманга да, жакшыга да бирдей тиет.

## § 12. Жөнөкөй жана татаал байламталар – Простые и составные союзы

Байламталар курамына карай ж ө н ө к ө й жана т а т а а л болуп экиге бөлүнөт.

Жөнөкөй байламталар бир сөздөн:

По составу союзы делятся на п р о с т ы е и с о с т а в н ы е.

Союзы, состоящие из одного слова, – простые:

*жана, да, себеби, дагы, демек, бирок, же, эгерде, ошондуктан;*

татаал байламталар эки же андан көп сөздөрдөн түзүлөт:

а состоящие из двух и более слов – составные:

*ал эми, анткени менен, антсе да, ошол себептүү, же болбосо, ошол үчүн, эмне үчүн десең* ж. б.

**44.** Төмөнкү байламталарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.

Ал эми, себеби, бирок, же болбосо, ошол үчүн, эгерде, ошондуктан, же, дагы, менен.

**45.** Байламталар аркылуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырып, дептериңерге жазгыла. Алар курамына карай кандай байламталар экендигин далилдегиле.

1. Жаз келди. Жер бети көгөрө баштады. 2. Эрлан уюштуруучу, алдыңкы окуучу. Класстын демилгечиси. 3. Китеп биздин байлыгыбыз. Ал бизге акыл-эс, билим берет. 4. Таза сууну коргоо – ар бирибиздин ыйык милдет. Ал ден соолуктун булагы. 5. Жазгы жамгыр күчөдү. Жер айдоочулар ишин уланта берди.

П а й д а л а н ы л у у ч у б а й л а м т а л а р: *себеби, ошентсе да, анткени, ошондуктан, ошол үчүн.*

**46.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү байламталарды коюп жазгыла.

1. Бүгүн чоң энемдикине Айдай ... Айчүрөк келип жардам беришет. 2. Класстагы гүлдөр жакшы өсүп жатат, ... бөлмөбүзгө күн жарык тиет. 3. Мен ооруп калдым, ... сабакка бардым. 4. Күн бүркөлдү, ... жаан жааган жок. 5. Ага татаал маселе берилди, ... жообун туура чыгарды.

П а й д а л а н ы л у у ч у б а й л а м т а л а р: *анткени менен, себеби, бирок, ошентсе да, менен.*



**47.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла жана байламталарды аныктагыла.

1. Кыял энесин көрдү да, сүйүнүп кетти. 2. Ал ары акылдуу, ары жаш жана ыймандуу. 3. Бүгүн атам келет, же келбейт. 4. Досумдун мүнөзү жеңил, бирок эстүү. 5. Ысык-Көлдүн кооздугу менен байлыгына чек жок.

**48.** Берилген байламталардын жөнөкөй же татаал экендигин аныктап, эки топко бөлүп жазгыла.

Ошондой болгону менен, же, жана, андыктан, ошонун натыйжасында, болбосо, менен, да, канча-ошончо, ошондуктан, ошол себептүү, анткени, себеби, ары, дагы, канчалык, ошончолук, ошол себептүү, не, же болбосо, эгерде, эми.

## § 13. Багындырбас байламталар – Сочинительные союзы

Б а г ы н д ы р б а с б а й л а м т а л а р багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы бир өңчөй мүчөлөрдү жана тең укуктуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырат.

С о ч и н и т е л ь н ы е с о ю з ы связывают однородные члены и равноправные по смыслу простые предложения в составе сложного.

Багындырбас байламталарга:

К сочинительным союзам относятся такие слова, как:

*менен, жана да, ал экен, бирок, антсе да, ошентсе да, же, же болбосо, болбосо, а, ары* ж. б. кирет.

**49.** Жөнөкөй сүйлөмдөрдү мааниси жактан туура келүүчү багындырбас байламталар менен байланыштырып, жазуу жүзүндө аткаргыла.

1. Данияр менен Жамийла чий аралап жөнөштү. Мен эмне кыларымды билбей артта калдым. 2. Жерге күүгүм түштү. Алар артына бир кылчайбай кете беришти. 3. Мен алардын артынан жүгүрдүм. Жаш балача шолоктоп ыйладым. 4. Дагы көпкө чейин ыйладым. Кымбаттуу, эң жакын көргөн адамдарым менен коштошуп жаттым. 5. Эмне үчүндүр мен аларды аядым. Ичим тыз этип куйкалана түштү. 6. Алар түштүккө карай кетишти го. Жаңы жерлерде, жаңы турмуш курууга аттанышкандыр!

*Ч. Айтматов. «Жамийла» повестинен*

П а й д а л а н ы л у у ч у б а й л а м т а л а р: *ошентсе да, жана да, бирок, же болбосо, а, ары.*

**50.** Төмөнкү багындырбас байламталарды пайдаланып, сүйлөм түзгүлө: **бирок, ал эми, антсе да, же болбосо.**

**51.** Төмөнкү текстти окугула, жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай жол менен байланышкандыгын аныктагыла, багындырбас байламталарды дептериңерге көчүрүп жазгыла.

## МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ

Биз чоң атам, чоң энем, атам, апам, агам, эжем, карындашым болуп бирге турабыз. Чоң атам 70 жашта, а чоң энем болсо 68 жашта. Алар пенсияда, антсе да үй-чарба жумуштарын аткарышат. Чоң энем сөзмөр адам, элдик жомок-уламыштарды жакшы билет. Биз чоң энемдин жомокторун кунт коюп угабыз. Атам дарыгер, ал эми апамдын кесиби мугалим. Алардын иштери оор, ошентсе да атам менен апам талыкпай эл үчүн кызмат кылышат. Агам, эжем жана мен мектепте окуйбуз, а карындашым болсо бала бакчага барат. Агам Эрбол 11-класста окуйт. Ал информатика сабагын эң жакшы өздөштүрөт жана да информатик-программист болууну каалайт. Эжем Салтанат 9-класстын үлгүлүү, алдыңкы окуучусу. Ал чет тилине абдан кызыгат. Салтанат чет өлкөдө билим алып, элчи болгусу келет. Менин атым Нурбол, 7-класста орусча окуймун, бирок кыргыз тилинде эркин, так сүйлөймүн. Мен бош убактымда спорт оюндары менен машыгамын, же болбосо чоң атама жардам беремин. Карындашым Айдай 6 жашта, антсе да ал тамга таанып, жомок окуй алат. Биздин үй-бүлө ынтымактуу жана бири-бирибизге ар дайым жардам беребиз.

**52.** Текст боюнча суроолорго багындырбас байламталарды пайдалануу менен жооп бергиле.

1. Нурболдун үй-бүлөсү кандай?
2. Ал кимдер менен бирге жашайт?
3. Анын чоң атасы канчада, а чоң энесичи?
4. Чоң ата менен чоң эне үйдө эмне кылышат?
5. Чоң эне кандай адам, жана да ал эмнелерди көп билет?
6. Нурболдун атасы кандай кызматта иштейт, ал эми апасынын кесиби эмне?
7. Агасы Эрбол, эжеси Салтанат кайсы сабакты эң жакшы өздөштүрүшөт? Алар келечекте кайсы кесиптин ээси болгулары келет?
8. Эмне үчүн Салтанат чет өлкөдө билим алууну каалайт?
9. Нурбол кыргыз тилинде кандай сүйлөйт? Ал бош убактысында эмне кылат?
10. Карындашы Айдай 6 жаштабы, бирок ал жомок окуй алабы?



1. Окулган тексттин негизинде байламталарды катыштырып, «Менин үй-бүлөм» деген темада чакан аңгеме түзгүлө.
2. Төмөнкү сөздөрдү которгула жана маанисин түшүндүргүлө:

| | |
|---|---|
| **жомок-уламыш –** | **өздөштүрүү –** |
| **кесип –** | **чет өлкө –** |
| **келечек –** | **элчи –** |

## § 14. Багындырбас байламталардын бөлүнүшү – Виды сочинительных союзов

| | |
|---|---|
| Багындырбас байламталар өз ара мааниси жагынан үч топко бөлүнөт: | По значению сочинительные союзы делятся на три группы: |

1. **Байланыштыргыч – соединительные:**
*ары, жана, жана да, дагы, да, менен, дале;*

2. **Каршылагыч – противительные:**
*а, ал эми, бирок, антсе да, ошентсе да, ошондо да, анткени менен, ошондой болсо да;*

3. **Ажыраткыч – разделительные:**
*же, же болбосо, не;*

**53.** Берилген багындырбас байламталарды үч топко бөлүп жазгыла.

Не, менен, бирок, ошондой болсо да, жана, же, да, анткени менен, ары, ал эми, же болбосо, жана да, антсе да.

1. Байланыштыргыч:
2. Каршылагыч:
3. Ажыраткыч:

**54.** Биринчи катардагы сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна, экинчи катардагы байламталарды маанисине карата тууралап, көчүрүп жазгыла.

| | |
|---|---|
| 1. Айлананы боз туман каптады, ... болжогон жерге адашпай жеттик. | да |
| 2. Адамды бийик акыл ... талбас эмгек гана даңкка бөлөйт. | ошентсе да |
| 3. Спорттук мелдеште Эрмек ... Нурлан жеңишке ээ болот. | анткени менен |

| | |
|---|---|
| 4. Коңгуроо кагылды ... , сабактар башталды. | же болбосо |
| 5. Күн жылый баштады, ... тоолордо кар эрий элек. | менен |

**55.** Төмөнкү түзүлгөн маекти окугула, байламталардын маанисине карай колдонулушун далилдегиле.

### ҮЙДӨ

– Сен үйдө ата-энеңе кандай жардам бересиң?
– Үйгө берилген тапшырмаларды аткарам да, короо жумуштарын жасайм.
– А, бир туугандарың дагы жардамдашабы?
– Албетте, эжем үй ичин жыйнап тазалайт, тамак даярдайт. Ал эми байкем отун жарат, жыйнайт же болбосо суу ташыйт. Үй жумуштары бүткөндөн кийин эмне кыласың?
– Телевизор көрөмүн, же музыка угамын.
Кызыктуу китеп окуймун, же болбосо теннис ойноймун.

**56.** «Жардам берүү» деген сөз айкашынын маанилеш сөздөрүн тапкыла.

... ..., ... ..., ... ..., ... ..., ... ..., ... ..., ... ..., ... ...,

Балдар, силер да кандай үй жумуштарын аткарып, ата-энеңерге жардам бересиңер?

**57.** Макалдарды жаттап, байламталарды аныктагыла жана которгула:

Сөз доодон да куткарат, жоодон да куткарат.
Байлыгың болбосо да, баркың болсун.
Досуң миң болсо да, аздык кылат,
Душманың бирөө болсо да, көптүк кылат.
Жаш – күчү менен, кары – акылы менен.
Ой жеткен менен кол жетпейт.
Тилден бал да тамат, уу да тамат.

## § 15. Багындыргыч байламталар – Подчинительные союзы

| | |
|---|---|
| Багындыргыч байламталар Багыныңкы татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү гана байланыштырат. Багындырма байламталар: | Подчинительные союзы связывают главные сложноподчиненные предложения в составе сложного. К подчинительным союзам относятся такие слова, как: |

*себеби, анткени, эгер, эгерде, андыктан, ошондуктан, ошол үчүн, ошол себептүү, эмне үчүн, ошонун натыйжасында, канча, ошончо* ж.б. кирет.



**58.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү багындыргыч байламталардын жардамы менен **(анткени, ошол себептүү, эгер, ошондой, себеби, ошончо)** байланыштырып, көчүрүп жазгыла.

1. Нурбек атасына кандай убада берсе, ал айтканын так аткарды. 2. Мындан ары сен окууну уланта албайсың, жакшы аракет кылбасаң. 3. Айдай бардык сабактарды абдан аракеттенип окуду, ал окуунун отличниги болду. 4. Биз таң эрте турдук, шаарга эжемдикине жөнөйбүз. 5. Апам мага ыраазы болду, мен ага үй жумуштарына чоң жардам кылдым. 6. Канчалык көп окусаң, көп билесиң.

**59.** Төмөнкү багындыргыч байламталар менен сүйлөм түзгүлө.

Канча, ошонун натыйжасында, ошол үчүн, эгерде, ошол себептүү, эмне үчүн.

**60.** Текстти окугула, байламталарды аныктагыла.

### ӨЗҮМ ЖӨНҮНДӨ

Менин атым Кудайберген. Атам менен апам мени абдан жакшы көрүшөт, анткени мен үйдө эң кичүүсүмүн. Мен спорт менен машыгамын, ошондуктан мага машыгуу бөлмөсү даярдалган. Үйдө интернетке байланыш бар, ошонун натыйжасында дүйнөдөгү спорттук жана маданий жаңылыктар менен кабардар болуп турамын. Атам мага көп кызыктуу китептерди алып берет. Себеби китепти көп окуган, көптү билет. Атамдан үлгү аламын, анткени ал эмгекчил адам. Ал жер айдап, эгин алат, андыктан кампабыз унга толуп турат. Ал эми бош убактысында күлүк таптайт, себеби аны жарышка салат. Атам жана апам абдан мээнеткеч адамдар, ошондуктан мен алар менен сыймыктанамын.

а) төмөнкү сөздөрдү которуп, сөздүккө жазгыла:

| | | |
|---|---|---|
| **машыгуу –** | **кабардар болуу –** | **байланыш –** |
| **үлгү алуу –** | **эмгекчил –** | **кампа –** |
| **күлүк таптоо –** | **жарышка салуу –** | **мээнеткеч –** |
| **сыймыктануу –** | | |

б) Текст боюнча суроолорго жооп берип, оюңарды ортого салгыла:

1. Текст ким жөнүндө маалымдайт?
2. Эмне себептен ата-энеси Кудайбергенди абдан жакшы көрүшөт?
3. Эмне үчүн ага машыгуу бөлмөсү жана интернет байланышын түзүп беришкен?
4. Эмне себептен ал ата-энесин баалайт?

Өзүңөр жөнүндө аңгеме жазып, айтып бергиле.

## § 16. Багындыргыч байламталардын маанисине карай бөлүнүшү – Виды подчинительных союзов по значению

| Багындыргыч байламталар мааниси жагынан өз ара төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт: | По значению подчинительные союзы бывают: |
|---|---|

**1. Себеп – натыйжалагыч байламта – причинными:**
*анткени, себеби, ошондуктан, ошол себептүү, ошонун натыйжасында;*
**2. Шарттуу байламта – условными:**
*эгер, эгерде;*
**3. Салыштырма байламта – сравнительными:**
*кандай, канча, канчалык.*

**61.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп, көп чекиттин ордуна тиешелүү байламталарды коюп жазгыла.

1. Эдил жалкоо, аракети абдан начар, ... окууну уланта алган жок. 2. Сен ... тырышып жакшы иштесең, ... эмгегиңдин үзүрүн көрөсүң. 3. Ырыс Азимовна мугалимдик кесипте үзүрлүү эмгектенди, ... ... «Билим берүүнүн отличниги» төш белгиси менен сыйланды. 4. Илимпоз изилдөө ишин жүргүзүүдө, ... жыл аягында диссертациялык эмгегин коргойт. 5. Алтынай билим албайт эле, ... Дүйшөн агай окууга жөнөтпөсө.

Пайдалануучу сөздөр: *ошонун натыйжасында, эгерде, канчалык, ошончолук, анткени, ошондуктан.*

**62.** Төмөнкү багындырбас жана багындыргыч байламталарды маанисине карай бөлгүлө:

не, канча, ал эми, эгерде, жана, ошонун натыйжасында, анткени менен, канчалык, же болбосо, себеби, дагы, анткени, ошентсе да, эгер, же, ошондуктан, жана да, бирок, кандай, ошондой болсо да, ошол себептүү, а, дале, анткени менен, ары.

| | |
|---|---|
| 1. Байланыштыргыч- | 1. Себеп-натыйжалагыч- |
| 2. Каршылагыч- | 2. Шарттуу- |
| 3. Ажыраткыч- | 3. Салыштырма- |

**63.** Текстти окугула жана байламталарды таап, дептериңерге көчүрүп жазгыла.

### МЕНИН ИШ КҮНҮМ

Менин иш күнүм күн сайын таң эртеден 6-30да башталат. Сабак саат 8де башталат, ошондуктан мен таңкы 6-30да турушум керек. Тураарым менен көнүгүүлөрдү жасаймын. Сергек жүрүү үчүн муздак суу менен жуунамын. Андан соң тамактанамын да, сабакка кечикпей баруу үчүн үйдөн саат 7-30да чыгамын. Окуу аяктагандан кийин, үйдү көздөй жөнөймүн. Түшкү тамактануудан кийин эс алып, андан соң үй тапшырмаларды аткарамын. Математикадан маселе чыгаруу өтө оор, ошондой болсо да, өзүм чыгарамын. Англис тилинен берилген текстти которомун, сөздөрдү жаттаймын, ал эми кыргыз тилинен тапшырмаларды тез эле аткарамын. Тарых сабагынан тарыхый окуялар жана жаңы маалыматтар менен таанышамын. Тапшырмаларды аткаргандан кийин үй жумуштарын жасаймын, же болбосо чоң атама жардам беремин. Кечки тамактануудан кийин телевизор көрүп, музыка угамын, же көркөм адабий китеп окуймун. Түнкү уйкуга саат 22де жатамын.

1. Анын иш күнү качан башталат экен? 2. Саат канчада сабак башталып, канчада аяктайт? 3. Кайсы сабактарды эң жакшы өздөштүрөт экен? 4. Ал качан үй жумуштарын жасайт, же болбосо качан чоң атасына жардам берет? 5. Кечки тамактануудан кийин эмне кылат? 6. Саат канчада уктайт?

**64.** Төмөнкү маекти улантып, сүйлөмдөрдү жандоочтор, байламталар менен байланыштыргыла.

1-окуучу: Сен күн сайын эртең менен канчада ойгоносуң?
2-окуучу: Мен күн сайын эртең менен саат ... ойгономун.
Маекти уланткыла.

## §17. Бөлүкчөлөр *(гана, го)* – Частицы

Кыргыз тилинде орус тилиндегидей эле айрым сөздөргө ар түрдүү кошумча маанини киргизүү үчүн колдонулган кызматчы сөздөр б ө л ү к ч ө л ө р деп аталат.

Сүйлөшүүдө көпчүлүк учурда бардык сөз түркүмдөрү менен колдонулуучу төмөнкү бөлүкчөлөр кездешет.

Бөлүкчөлөр **гана** чектегич маанидe айтылат.

В кыргызском языке, как и в русском, имеются особые служебные слова – ч а с т и ц ы, которые придают слову различные смысловые оттенки.

В разговорной речи наиболее часто встречаются следующие частицы, употребляющиеся со всеми частями речи.

Частица **гана** имеет значение ограничения (только).

М и с а л ы: *Окуу бөлмөсүндө бир гана студент отурат.*
*Элдияр гана эрте келди.*

Бөлүкчө **го** божомолдогуч маанини билдирет.
Частицы **го** дает оттенок неопределенности и по - русски может быть переведена словами наверно, вероятно, возможно, кажется.

М и с а л ы: *Үйдө Сайкал жок го.*
*Окуучулар эртең саякатка жөнөшөт го.*

**65.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Бөлүкчөлөрдү аныктап, эрежесин түшүндүргүлө.

1. Т. Сатылганов акын гана болбостон залкар комузчу да болгон. 2. Жакында мектептер аралык спорттук мелдештер башталат го. 3. Райондук олимпиадада биринчи орунду ээлеген окуучу гана сыйлык алды. 4. Сайкал жеңем түшкү тамагын даярдап бүттү го. 5. Тешкен тоо аркылуу Бишкек-Ош автомобиль жолу гана өтөт. 6. Компьютердик сабаттуулукка Жазгүл эжей гана ээ болду.

**66.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү бөлүкчөлөрдү коюп жазгыла **(гана, го).**

1. Нурбек ... сүрөттү эң жакшы тартат. 2. Биз бүгүн түшкү саат он экиде ... жолугуша алабыз. 3. Эжем менин туулган күнүмө белек алып келет ... . 4. Чыңгыз ... жалгыз Туркияга учат ... . 5. Мен кошумча сабакка катышууга үлгүрө албаймын ... .

**67.** Суроолорго жооп берүүдө бөлүкчөлөрдү пайдалангыла.

1. Сенин эң жакын досуң барбы? – (гана)
2. Экөөң кайсы тилде сүйлөшөсүңөр? – (гана)



3. Анын туулган күнү кайсы айда болот? – (го)
4. Сен досуң менен качан жолугушуп турасың? – (гана)
5. Убакытты кандай өткөрөсүңөр? –
6. Бул дем алышта силер кайда барасыңар? – (го)
7. Досуң кайсы сабакты жакшы өздөштүрөт? – (гана)
8. Силер спорт оюндарына катышасыңарбы? – (гана)

**68.** Макалдарды окуп, бөлүкчөнүн маанисине карай түшүндүрмө бергиле.

Адамды эмгек гана бактылуу кылат.
Акыл гана адамдын көркү.

Көп жашаган билбейт,
Көптү көргөн гана билет.

1) Жогорку макалдарды жатка билүү.
2) **Гана, эле, го** бөлүкчөлөрү менен 4 сүйлөм түзүп, жазып келүү.

## § 18. Бөлүкчөлөр (экен, эле) – Частицы

**Экен** деген бөлүкчө айтылган сөздү аныктап, тактоо үчүн колдонулат.

Частица **экен** большей частью употребляется в значении: оказывается, уже, действительно, обязательно, т. е. для подтверждения какого-либо факта.

М и с а л ы: *Ал адептүү кыз экен.*
*Бүгүн мектепте жыйналыш болот экен.*

Бөлүкчө эле бир затты, белгини же кыймылды башкалардан ажыратып бөлүп көрсөтүп, чектөө маанисин берет.

Частица эле в основном придает оттенок окончательности, категоричности и ограниченности.

М и с а л ы: *Бул имарат өткөн жылы курулган эле.*
*Автобекетке чейин жөө эле барабыз.*

**69.** Сүйлөмдөрдү окугула, бөлүкчөлөрдү далилдегиле жана сүйлөмдөрдү орус тилине которгула.

1. Нооруз майрамына үч эле күн калды. 2. Мектептин айланасына жаш көчөттөр отургузулат экен. 3. Кыргыз тилинен жазууга бир гана көнүгүү берилген. 4. Жакында көркөм сүрөт музейине барабыз го. 5. Айылда чоң атам менен чоң энем эле калышты.

**70.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү бөлүкчөлөрдү коюп, сүйлөмдөрдү көчүргүлө **(экен, эле)**.

1. Китепканада Салтанат өзү... калды. 2. Жапар таякем ... көлдө жакшы сүзөт ... . 3. Чет элдик меймандарды «Кыргыз деңизи» санаторийинде сыйлашат ... . 4. Ошко досум экөөбүз ... кетебиз. 5. Бүгүн театрда жаңы спектаклдин премьерасы коюлат ... .

**71.** 1) «Кош теректер» деген Алтынай менен Дүйшөн агайдын диалогун окугула. Диалогдон кызматчы сөздөрдү таап, аларды маанисине карай үч топко бөлгүлө.

Д ү й ш ө н  а г а й: – Алтынай, мына бул теректерди мен сага гана арнап алып келдим.

А л т ы н а й: – А-ий, менин боюм менен тең болгон, жакшынакай жаш теркчелер экен!

Д ү й ш ө н  а г а й: – Ооба, ушулар жетилип өскөнгө чейин, сен да чоңоёосуң. Убакыт өткөн сайын, сен да көктөп бүрдөйсүң. Анан чоң шаарды көздөй окууга жөнөйсүң.

А л т ы н а й: – Окуп, келечекте билимдүү адам боломбу, агай?

Д ү й ш ө н  а г а й: – Менин оюм боюнча сен чоң окумуштуу болосуң. Анткени, сенин дээриңде бар, ары акылың тунук, ары зээндүү кызсың.

А л т ы н а й: – Дүйшөн агай, келечекке карай туура багыт алдым. Мен сизден гана алган башталгыч билимди сөзсүз улантамын.

Д ү й ш ө н  а г а й: – Алтынай, ушул тилегиңе багыштап, бул терекчелерди өз колубуз менен тигип коёлу. Багың окуудан ачылсын!

А л т ы н а й: – Карасаңыз агай, тигилген ордуна жараша экөө жанашып калганын!

Д ү й ш ө н  а г а й: – Мына көрдүңбү, кандай экенин! – Эми тиги чоң булактан арык чыгарып коёбуз. Көрөсүң, кийин кандай келишкен зор теректер болор экен.

А л т ы н а й: – Бардыгына чайыттай, кирсиз асман күбө болсун. Бул теректер менен бой тиреше мен да эс тартармын!

Д ү й ш ө н  а г а й: Биздин кош теректер дөбөдө туруп, бийиктеген сайын, келген-кеткендин баарына көрүнөт. Анда заман да башка болот. Аман болсок, жакшылыктын – баары алдыда, Алтынай...

А л т ы н а й: Дүйшөн агай, мен сизге өмүр бою ыраазымын! Сиздин ишенчти актоого мен дилгирмин!

*Ч. Айтматов, «Биринчи мугалим»*

Ү л г ү: 1. Жандоочтор: *чейин,*
2. Байламталар: *ары,*
3. Бөлүкчөлөр: *гана,*



? 1. Дүйшөн агайдын терекчелери кимге гана арналган?
2. Дүйшөн агай менен Алтынайдын терекчелери эмнеге багышталып тигилген экен?
3. Дүйшөн агайдын ою боюнча Алтынай келечекте ким болот?
4. Эмне үчүн Алтынай өмүр бою Дүйшөн агайга ыраазы?
5. Алтынай агайынын ишеничин актай алдыбы?
6. Алтынай силер үчүн үлгүлүү каарманбы, оюңарды ортого салгыла.

Жогорудагы диалогду кыраатты менен көркөм окуп келүү.

## § 19. Бөлүкчөлөр (эң, өтө, абдан) – Частицы

| Кыргызча | Русский |
|---|---|
| Бөлүкчөлөр **эң, өтө, абдан** дайыма тиешелүү сөздөн мурун келип, анын маанисин күчөтүп көрсөтөт. Күчөткүч бөлүкчө **эң** сын атоочтор менен, айрым тактоочтор менен, кээде *алды, үстү, арты* деген жардамчы сөздөр менен бирге айтылат. | Частицы **эң, абдан, өтө,** всегда ставятся перед словом, к которому относятся и усиливают его значение. Усилительная частица эн в основном употребляется с прилагательными и отдельными наречиями, а иногда вспомогательными словами, такими как: |

М и с а л ы: *Тушоо кесүү жарышында Бекзуура жеңем эң алдыда келди* (жардамчы сөз).
*Берилген тапшырманы Алтынай эң ылдам аткарды* (тактооч).
*Мага эң оор маселе туш келди* (сын атооч).

| Кыргызча | Русский |
|---|---|
| Күчөткүч бөлүкчө **өтө** сын атооч, этиш, кээ бир тактоочтор менен бирге айтылат. | Усилительная частица **өтө** употребляется с прилагательными, глаголами и некоторыми наречиями. |

М и с а л ы: *Ал өтө жөнөкөй адам* (сын атооч). *Төлөгөн Акматовичти биз өтө барктайбыз* (этиш). *Менин курбум өтө жакшы окуйт* (тактооч).

| Кыргызча | Русский |
|---|---|
| Күчөткүч бөлүкчө **абдан** сын атооч, этиш жана айрым тактоочтор менен бирге айтылат. | Усилительная частица **абдан** употребляется с прилагательными, глаголами и отдельными наречиями. |

М и с а л ы: *Дамира Эсеналиевнанын жылдын мыкты кызматкери болгонуна абдан сүйүндүк* (этиш).
*Эжейибиз абдан сүрдүү көрүнөт* (сын атооч).
*Айылга абдан кеч жетишти* (тактооч).

**72.** Бөлүкчөлөрдү маанисине карата туура жайгаштырып, дептериңерге жазгыла.

| | |
|---|---|
| 1. Гүлнур Сатылганованын үнү ... уккулуктуу. | го |
| 2. Тарых музейинин имараты бийик ... . | эң |
| 3. Ак куу ... сулуу көрүнөт. | экен |
| 4. Мен китебимди текченин ... үстүнө койдум. | абдан |
| 5. Үйдө чоң энем ... калган ... . | өтө |
| 6. Апам жумуштан азыр чыга албайт ... . | гана |
| 7. Бөбөгүм жомокту ... кызыгып угат. | эле, экен |

**73.** 1) Текстти окугула.

## МЕНИН ҮЙҮМ

Мен Чолпон-Ата шаарынын 2-кичирайонунда жашаймын. Биздин үй Абай атындагы көчөдө жайгашкан. Үй ичинде бардык шарттар бар. Бардык бөлмөлөр таза, жарык жана кенен. Менин бөлмөм өзүмө абдан жагат. Бөлмөдө турган пианинодо ойноймун, анан сабактарымды окуймун. Короодо бакча, абдан кооз гүлзар бар. Алма, алмурут, өрүк, шабдалы сыяктуу түрдүү жер-жемиштер отургузулган. Жыл сайын күзүндө жакшы түшүм берет, анткени биз бакчага көп көңүл бурабыз.

Гүлзардын жанындагы теннис аянтчасында бир туугандарым же досторум менен ойноймун. Биз жашаган турак-жайыбызды ар дайым таза кармап, ага камкордук көрөбүз.

а) Тексттен алынган төмөнкү кызматчы сөздөрдөн бөлүкчөлөрдү ажыраткыла:

ошентсе да; да, өтө, жана, анткени, аябай, жана да, сайын, эң, анткени, соң, гана, эле, экен, же болбосо.

б) Төмөнкү сөздөрдү которуп, сөздүгүңөргө жазгыла:

**электрдик жылытуу системасы –**
**конок бөлмө –**
**тиешелүү –**
**гүлзар –**
**чыдамдуу –**
**турак-жай –**

в) Текст боюнча суроолорго бөлүкчөлөрдү пайдаланып жооп берүү менен эки-экиден маек түзгүлө.

– Анын жашаган үйү кайсы шаарда экен?
– Үй ичинде кандай шарттар түзүлгөн?
– Бөлмөлөрдүн тазалыгы кандай экен?
Кандай жер-жемиштери бар жана түшүмдүүлүгү кандай?



– Жазында кандай жумуштарды аткарышат?
– Гүл бакчанын жанында кандай аянтча бар жана спорттун кайсы түрү менен машыкса болот экен?
– Турак-жайына кандай камкордук жүргүзүшөт экен?
– Бул үй сага жактыбы?

Монолог түрүндө «Менин үйүм» деген текст жазгыла жана айтып бергиле.

## ЧЕЙРЕК БОЮНЧА КАЙТАЛОО – ПОВТОРЕНИЕ ПРОЙДЕННОГО ЗА ЧЕТВЕРТЬ

### § 20. Тууранды сөздөрдү кайталоо

**74.** Сүйлөмдөрдү маанисине карата тууранды сөздөр менен толуктагыла.

1. Түнкү асманда жыбыраган жылдыздар ... этишет.
а) жарк-журк
б) жылт-жулт
в) шыбыр-шыбыр
г) зың-зың

2. ... атылган мылтыктын үнүнөн капчыгай ичи жаңырды.
а) каңгыр-күңгүр
б) дүп
в) тарс-тарс
г) карч

3. Чоң энем ... басып боз үйгө кирди.
а) тез-тез
б) багжаң-багжаң
в) күп
г) бөкчөң-бөкчөң

4. Күлсүн эженикинен балдардын ... үндөрү күчөдү.
а) ызы-чуу
б) чуру-чуу
в) кажы-кужу
г) күбүр-шыбыр

5. Таң эрте сааттын ... эткени уйкуну бузду.
а) тырс-тырс
б) шак-шак
в) чык-чык
г) кылдыр-кылдыр

**75.** Маанисине карай тууранды сөз кандай болуп бөлүнөт?

а) Байламталар
б) Жандоочтор
в) Табыш
г) Элес

1. Табыш тууранды сөздөрдү белгилегиле:

| | | |
|---|---|---|
| а) кыйкырды | а) калдаң-калдаң | а) калдыр-кулдур |
| б) шарп-шарп | б) жалт-жулт | б) кымыңдаган |
| в) жылаажындай | в) лып | в) эрбең-сербең |
| г) жал-жал | г) зың-зың | г) мөлт-мөлт |

2. Элес тууранды сөздөрдү белгилегиле:

| | | |
|---|---|---|
| а) бакылда | а) кылт-кылт | а) тарс |
| б) жылт | б) такылда | б) шака-шука |
| в) каак-каак | в) маа | в) үлп |
| г) ызы-чуу | г) шуу-шуу | г) арс-арс |

**76.** Текстти окугула. Тууранды сөздөрдү таап, эрежеге ылайык эки топко (табыш жана элес тууранды сөздөр) бөлүп жазгыла.

### МЕНИН ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Мен төрөлгөн айыл Калкагар тоосунун этегинде жайгашкан. Чоң сайдан шылдыр-шылдыр аккан булак айыл ичин аралайт. Бул бадалдуу сайда табылгы, бөрү карагат, четин, тоо карагат, чычырканак, шилби, шыралжын жана башкалар өсөт. Буларды уялаган тоо чымчыктары чыр-чыр сайрап, ары-бери учуп-конушат. Ал эми кооз карагайлар тоо бетине көрк берип, жайы-кышы жапжашыл. Жел жүрсө, алар шуу-шуу этип үн сала күүлөнүшөт. Алардын шуулдаган үнүнө жарыша, айылдагы бак-дарактар да шамалга леп-леп желпилдейт. Жайкысын мөлт-мөлт аккан булактын муздак суусунан ичип, лып-лып учкан кооз көпөлөктөрдү кармайбыз. Кызыл-тазыл гүл терип, чуру-чуу чуркап, кубалашып ойнойбуз. Шурудай тизилген мөлтүр тоо карагаттарын терип, үйгө кайтабыз. Жаз, жай мезгилдеринде бир заматта күн бүркөлүп, чагылган жарк-журк чартылдап, көз ачырбай жамгыр төгөт. Жамгырдан кийин көк шиберлүү талаа-түздөр жайкалып, айыл ичи жаңырат. Ошентип, туулган жеримдин топурагы алтын.

**бадалдуу сай** – русло реки, поросшее кустарником
**бөрү карагат** – барбарис
**шилби** – жимолость, волчья ягода
**табылгы** – таволга, спирея
**уяла** – гнездиться
**тоо карагат** – дикая (горная) смородина
**шыралжын** – полынь, эстрагон
**чычырканак** – облепиха
**көз ачырбай жамгыр төгөт** – дождь льет, глаз открыть не дает
**четин** – рябина

**77.** Сөздөрдү маанисине жараша байланыштырып, сөз айкаштарын түзгүлө:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1) туулган | 1) суу | 5) бадалдуу | 5) багуу |
| 2) тоо | 2) төгүү | 6) шуулдаган | 6) адамдары |
| 3) көрк | 3) үн | 7) муздак | 7) канаттуулар |
| 4) бийик | 4) көпөлөктөр | 8) жамгыр | 8) жер |
| | | 9) кооз | 9) сай |
| | | 10) айыл | 10) чымчыктары |
| | | 11) камкордук | 11) берүү |
| | | 12) мал | 12) тоолор |
| | | 13) түркүн | 13) көрүү |



1. Жаңы сөздөрдү которуп, аларды жаттагыла.
2. «Туулган жердин топурагы алтын» дегенди кандай түшүнөсүңөр, мазмунун чечмелегиле.
3. «Менин туулган жерим» текстине план түзгүлө да, мазмунун айтып бергиле.

## § 21. Жандоочторду кайталоо – Повторение послелогов

**78.** Төмөнкү кызматчы сөздөрдүн ичинен жандоочторду бөлүп жазгыла.

демек, жараша, ал эми, үчүн, эгерде, ошондуктан, карата, же, ошол себептүү, дейре, антсе да, көздөй, кандай, чейин, гана, ары, эле.

**79.** Атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочторду белгилегиле:

| | | | |
|---|---|---|---|
| а) жана да | в) аркылуу | а) бери | в) же |
| б) эгерде | г) соң | б) ошол | г) боюнча |

2. Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочторду белгилегиле:

| | | | |
|---|---|---|---|
| а) экен | в) абдан | а) жараша | в) көрө |
| б) себеби | г) караганда | б) бирок | г) да |

3. Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочторду белгилегиле:

| | | | |
|---|---|---|---|
| а) бойдон | в) менен | а) анткени | в) карата |
| б) карай | г) дейре | б) өтө | г) бою |

4. Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочторду белгилегиле:

| | | | |
|---|---|---|---|
| а) мурун | в) эгер | а) аркылуу | в) ал эми |
| б) ары | г) чейин | б) кийин | г) же болбосо |

**80.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү жандоочторду коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

1. Окуучулар улуттук китепканага класс жетекчиси ... бирге барышты. 2. Мен билимимди улантуу ... жогорку окуу жайына тапшырдым. 3. Улуу Жеңиш майрамына ... аз эле күн калды. 4. Бул макалада тил илими ... жазылган. 5. Конференциядан ... чет элдик студенттер менен жолугушууга барабыз.

1) чейин 2) кийин 3) жөнүндө 4) менен 5) үчүн

**81.** Бул маекти каармандаштырып, көркөм окугула. Жандоочторду бөлүп, эрежеге ылайык далилдегиле.

О к у у ч у: – Агай, бул кимдин сүрөтү?

М у г а л и м: – Байтик Канай уулунун сүрөтү. Бул тарыхый адам тууралуу билесиңби?

О к у у ч у: – Жок, билбеймин.

М у г а л и м: – Ал эл ичинде «баатыр» деген ардактуу атка конгон. 1862-жылы Байтик Канай уулу Чүй өрөөнүндө Кокон хандыгына каршы кыргыздардын көтөрүлүшүн жетектеген.

О к у у ч у: – Демек, Байтик ата кыргыз элинен чыккан баатыр болгон экен да.

М у г а л и м: – Ооба, орус аскерлери менен бирге Бишкек, Мерке, Олуя-Ата чептерине карай чабуул койгон. Андан соң алар алынган жана талкаланган. Байтик ата орус өкмөтүнүн Чоң алтын медалы жана III даражадагы ордени менен сыйланган.

О к у у ч у: – Ал эми биз атаны эскере тургандай тарыхый нерселер барбы?

М у г а л и м: – Бишкек шаарынын түштүгүндө күмбөз турат. Жүз жылдан бери ал жаан-чачынга, бороошо-шамалга туруштук берип турат. Бул күмбөз – Байтик Канай уулунуку.

О к у у ч у: – Сизге ыраазымын. Биздин маек мага абдан пайдалуу болду. Мен каникулда сөзсүз ата-энем менен Байтик атанын күмбөзүн көрүп келемин.

а) Төмөнкү сөздөрдү которуп, сөздүгүңөргө жазгыла:

1. **эл ичинде –**
3. **эрдик –**
4. **чабуул –**
5. **ардактуу ат –**
6. **чеп –**
7. **бороошо-шамал –**
8. **туруштук берүү –**
9. **күмбөз –**

б) Маектешүүнүн жыйынтыгында биз эмне жөнүндө билдик?



1. Кокон хандыгы.
2. Кыргыздардын көтөрүлүшү.
3. Байтик Канай уулу.
4. Бишкек, Мерке, Олуя-Ата чеби.
5. Байтик атанын күмбөзү.

в) Байтик Канай уулу жөнүндө чакан аңгеме түзүп келүү.

## § 22. Байламталарды кайталоо

**82.** Тексттеги жөнөкөй сүйлөмдөрдү тиешелүү байламталар аркылуу байланыштырып окугула.

### БИЗ ТАБИЯТ МЕНЕН ТАТТУУ МАМИЛЕДЕ БОЛОБУЗ

1. Күн жылыды. Канаттуулар кайтып келишти. 2. Алар биздин кичинекей жардамчыларыбыз... талаа зыянкечтерин жок кылышат. 3. Канаттуу куштар пайдалуу... биз аларга камкордук көрүшүбүз керек. 4. Мектепте канаттуулар күнү белгиленет... бүгүн окуучулар үчүн кызыктуу ачык сабактар өтүлөт. 5. Кичинекей досторубуз үчүн кооз уяларды жасоого мелдеш уюштурулат. Жеңүүчүлөргө сыйлык берилет. 6. Аларга жагымдуу шарттар түзүлөт... канаттуулар эркин көбөйүшөт. 7. Жер үстүндө канча чабалекей көп болсо... чымын-чиркейлер жок болот. 8. Кара чыйырчыктар болбосо зыянкечтер тез көбөйөт... 9. Журтчу, жору, кузгун, каргалар талаада өлгөн жапайы жаныбарларды жеп жоготушат... айрым жугуштуу дарттар адамга коркунуч келтирбейт.

П а й д а л а н ы л у у ч у б а й л а м т а л а р: *ошонун натыйжасында, ошол себептүү, ошончо, анткени, себеби, эгерде, ошондуктан.*

1) Сөздөрдү сөздүктүн жардамы менен которгула жана көчүрүп жазгыла.

| | |
|---|---|
| зыянкечтер – | жору – |
| камкордук көрүү – | кузгун – |
| жеңүүчүлөргө сыйлык берилет – | карга – |
| жугуштуу дарттар – | чабалекей – |
| журтчу – | коркунуч – |

? 1. Эмне үчүн канаттуулар кайтып келишти?

2. Эмне себептен канаттуулар биздин кичинекей жардамчыларыбыз?

3. Эмне үчүн биз аларга камкордук көрүшүбүз керек?

4. Эмненин натыйжасында чымын-чиркейлер, зыянкечтер жана жугуштуу дарттар адамга коркунуч келтирбейт?

2) Канаттуу куштар жөнүндөгү тексттен маанилеш сөздөрдү тапкыла.

3) Тексттин негизги идеясы кайсы? Айтып бергиле.

а) Канаттуу куштарды көбөйтүү.
б) Кичинекей досторго камкордук көрүү.
в) Табигат менен таттуу мамиледе болуу.
г) Канаттуулар күнүн белгилөө.

**83.** Берилген варианттардан байламталарды белгилегиле.

| 1. | 2. | 3. | 4. |
|---|---|---|---|
| а) дагы | а) жөнүндө | а) анткени | а) аябай |
| б) ошол үчүн | б) кудум | б) түгүл | б) бирок |
| в) карай | в) же болбосо | в) чейин | в) үчүн |
| г) сыяктуу | г) абдан | г) ооба | г) эле |

**84.** Байламталар курамына карай кандай болуп бөлүнөт, туура жообун белгилегиле.

а) Багындырбас жана багындырма.
б) Каршылагыч жана ажыраткыч.
в) Жөнөкөй жана татаал.
г) Шарттуу жана салыштырма.

1) Багындырбас байламталарды белгилегиле.

а) Мезгил, орун, сыпат.
б) Себеп-натыйжалагыч, шарттуу, салыштырма.
в) Максат, аныктама, сурама.
г) Байланыштыргыч, каршылагыч, ажыраткыч.

2) Багындырма байламталарды белгилегиле.

а) Себеп-натыйжалагыч, шарттуу, салыштырма.
б) Чектегич, күчөткүч, таңгыч.
в) Божомолдогуч, аныктама, сурама.
г) Мезгил, орун, сыпат.

«Биз табият менен таттуу мамиледе болобуз» деген темада башталган ойду улантып, текст түзүп келүү (байламталарды пайдалануу).

Жаратылыш менен адам баласынын жашоосу тыгыз байланышта. Адам жаратылыштын бир бөлүгү. Ошондуктан табиятты коргоо – адамды коргоо болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө табиятты жана адамды коргоо боюнча атайын мыйзамдар кабыл алынган.



## § 23. Бөлүкчөлөрдү кайталоо

**85.** Ырды кыраатты менен окугула, кошумча маани берген бөлүкчөлөрдү атагыла.

### ҮЧ ЭНЕМ

Кучагында гана тынчтыктын,
Мээриминде төрөлдүм.
Үч энемдин гана алтындай,
Мээримине мен абдан бөлөндүм.
Мекен, мектеп, өз энем,
Бак-таалайга мени өтө бөлөдүң.

*М. Абылкасымова*

**86.** Биринчи катардагы сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна, экинчи катардагы бөлүкчөлөрдү маанисине карата тууралап, көчүрүп жазгыла.

| | |
|---|---|
| 1. Махмуд Кашгари түрктөрдүн элдик каада-салттарын ... жакшы билген. | экен<br>го |
| 2. XI кылымда 1069-жылы түрк тилиндеги ... алгачкы поэма жаралган. | эле |
| 3. Кыргыз боз үйү казактар менен калмактардыкынан айырмаланат ... . | абдан |
| 4. Чөлдөр, тоолор жана талаалар аркылуу ... төөлөрдүн кербени өтүп турган. | гана |
| 5. Кыргыз тилинен бүгүн жат жазуу жазабыз ... . | |
| 6. Окуу жылы аяктаарына саналуу ... күндөр калды. | өтө |
| 7. Тоту куштар 180 жыл ... узак өмүр сүрүшөт. | эң |

**87.** 1. Текстти окугула. Бөлүкчөлөрдү таап, аларды эрежеси менен далилдегиле, бөлүкчөлөр кошумча маани берген сүйлөмдөрдү орусчага которгула жана түшүндүрмө бергиле.

### БАРСБЕК

VII кылымдын акырында Кыргыз мамлекетин Барсбек ажо башкарган экен. Бул бизге белгилүү болгон эң биринчи кыргыздын аты. Барсбек ажо кыргыз башкаруучу династиясынан чыккан. Барсбек кичине кезинде эле жетим калган. Анын төрт бир тууганы болгон экен. Барсбек үй-бүлөдөгү балдардын эң улуусу эмес, бирок өзүнүн абдан жакшы сапаттары менен үйдө болгон. Барсбек ажонун башкаруусунда Кыргыз мамлекетинин эл аралык кадыр-баркы өскөн. Ал учурда Барсбек башында турган Кыргыз



каганаты өтө күчтүү болуп эсептелген. Бирок алардын душманы Түрк каганаты Барсбекке каршы чыккан. Түрктөр кыргыздарга капыстан кол салышкан. Мында кыргыздардын эң негизги күчтөрү талкаланган, анткени түрктөрдүн саны көп болгон. Эрдик жана каармандык эки тараптан бирдей эле көрсөтүлгөн. Аскердик өнөрдү өтө мыкты өздөштүргөн түрктөр Кыргыз каганын өлтүргөн жана анын элин багындырган. Ошентип, Кыргыз мамлекети Экинчи Түрк каганатына ал 744-жылы кулаганга чейин көз каранды болуп турган.

Барсбектин эң мыкты сапаттары мындан 100 жыл мурда Енисейде табылган абдан бийик таш мамыда оюлуп жазылган.

*«Кыргызстан» энциклопедиясынан*

**абдан мыкты сапаттары** – самые высокие качества
**эл аралык** – международный
**кадыр-барк** – авторитет
**эрдик** – мужество
**каармандык** – геройство
**өнөр** – умение
**таш мамы** – каменный столб

1. Берилген суроолор боюнча ой жүгүртүп, жообун дептериңерге жазып келгиле.

а) Барсбектин эң мыкты сапаттарын атап бере аласыңарбы?
б) Барсбек ажонун эл аралык кадыр-баркынын өсүшү эмнеге байланыштуу эле?
в) Эмне себептен Кыргыз каганаты түрктөрдөн жеңилип калган?
г) Аскердик өнөрдүн күчтүүлүгү кандай натыйжа берет?
д) Биз үчүн таш мамыдагы жазуунун кандай тарыхый мааниси бар?

2. «Үч энем» деген ырды жаттагыла.

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ САБАКТАРЫ, ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ
## УРОКИ РАЗВИТИЯ РЕЧИ, РАБОТА С ТЕКСТАМИ

### § 24. Зат атоочту кайталоо – Повторение имени существительного

Эске түшүргүлө:

1. Зат атооч деген эмне?
2. Энчилүү аттарга кандай сөздөр кирет?



3. Жалпы аттарга кандай сөздөр кирет?
4. Зат атооч сан категориясына карай кандай болуп бөлүнөт?
5. Зат атоочтор кандай мүчөлөр менен өзгөрөт?

**88.** Текстти окугула, сүйлөмдөрдөгү зат атооч сөздөрдү таап ажыратыла, алардын кайсы санда, жөндөмөдө турганын түшүндүргүлө.

### МЕНИН ДЕМ АЛЫШ КҮНҮМ

Бир жумада алты күн катары менен мектепке барамын. Ал эми жекшемби менин эс алуу күнүм. Бул күн мага абдан жагат. Анткени убакытты өзүм каалагандай өткөрөмүн. Эртең менен шашылбай саат 9да турамын да, көнүгүү жасаймын. Жуунуп, андан соң тамактанамын. Ата-энеме жардам беремин. Апам жасаган абдан даамдуу түшкү тамакты ичип, телевизор көрөмүн, музыка угамын, көркөм адабий чыгармалардан окуймун. Досторум менен спорт оюндарын ойноп, машыгамын. Кечки тамактануудан кийин ата-энем, бир туугандарым болуп паркка сейилдегени чыгабыз. Же болбосо чоң ата, чоң энемдикине барабыз. Кээде көргөзмөлөргө, театрга, же концертке барып, маданияттуу эс алабыз. Мен дем алыш күнүмдү жагымдуу, кызыктуу өткөрөмүн. Ошентип жаңы күч-кубат, дем менен кийинки окуу күнүмдү баштаймын.

1. Тексттен алынган төмөнкү сөздөрдүн маанисин сүйлөмдүн контекстинде аныктап түшүндүргүлө.

көркөм адабий чыгарма
сейилдөөгө чыгуу
көрүшүү
маданияттуу
көргөзмө
жагымдуу
күч-кубат

? Эмне үчүн ага дем алыш күн жагат?
Ал түшкө чейин убактысын кандай өткөрөт?
Түшкү тамактануудан кийин эс алуу убактысында эмне кылат?
Кечинде кимдер менен сейилдейт?
Ал кандай эс алат?

1. Тексттин мазмунуна таянып, дем алыш күнүңөр жөнүндө айтып бергиле.

### § 25. Сын атоочту кайталоо – Повторение имени прилагательного

Эске түшүргүлө:

1. Кандай сөздөр сын атоочтор деп аталат?

2. Сын атооч грамматикалык айрым өзгөчөлүктөрүнө карай кандай болуп бөлүнөт?

3. Сын атоочтун кандай даражалары бар?

4. Жөнөкөй сын атооч канча сөздөн турат жана заттын кандай белгисин билдирет?

5. Татаал сын атооч канча сөздөн туруп, заттын кандай белгисин көрсөтөт?

**89.** Ырды кыраатты менен окуп, тилиңерди жатыктыргыла.

## УШУНДАЙ БОЛ

Таза болсоң – суудай бол,
Аппак болсоң – куудай бол.
Назик болсоң – гүлдөй бол,
Бийик болсоң – күндөй бол.

Терең болсоң – көлдөй бол,
Күчтүү болсоң – жердей бол.
Өткүр болсоң – кылыч бол,
Тууган элге ырыс бол.

*А. Токтомушев*

1. Ыр саптарынан сапаттык жана катыштык сын атоочторду тапкыла да, аныктагыла.

Ү л г ү: сапаттык сын атооч – *таза,* катыштык сын атооч – *суудай,*

2. Жай даражадагы сын атоочтордун салыштырма жана күчөтмө даражаларын төмөнкү үлгүдө жазгыла:

| жай даража | салыштырма даража | күчөтмө даража |
|---|---|---|
| таза | тазараак | таптаза |
| ак | ... | ... |
| назик | ... | ... |
| бийик | ... | ... |
| терең | ... | ... |
| күчтүү | ... | ... |
| өткүр | ... | ... |

**90.** Текстти окугула, жаңы сөздөрдү сөздүгүңөргө жазгыла. Сын атоочтордун астын сызгыла, алардын жөнөкөй жана татаал экендигин аныктагыла.

## ШЕКЕР АЙЫЛЫ

Биздин Шекер – эң чоң айыл. Үч жүздөн ашык түтүн бар. Каттаган сайын тигинден-мындан жаңы үйлөрдүн төбөсүн көрүп калам. Айылым өсүп барат, чоңоюп барат. Турган орду да малга-жанга жайлуу, суу башында. Таластын Жанарка тоосунун этегинде, эзелтен Манас делип аталган кош чокулуу тоонун так түбүндө.



Бул чокудан төгөрөктүн төрт бурчу көрүнөрү ырас, акыйкатта эпикалык масштаб. Ошондон ушул күнгө Манас-Тоонун мөңгүсүнөн тамчыга тамчы кошулуп куралып, биздин Шекерге ак көбүк, көк буурул суу агып келет. Ал – Күркүрөө. Бул аймакта жер бетинде кыбыраган жан-жаныбарга өмүр берген суу.

*Ч. Айтматов*

**түтүн** – *здесь:* как отдельная семья
**каттаган сайын** – каждый приезд
**төгөрөктүн төрт бурчу** – весь свет, весь мир
**тоосунун этегинде** – у подножья горы
**Манас-Тоонун мөңгүсүнөн** – из-под ледника Манас-Тоо
**кош чокулуу** – двухвершинный
**ак көбүк, көк буурул суу** – бурная, студёная вода
**кыбыраган жан-жаныбарлар** – все живые существа
**малга-жанга жайлуу** – удобный для всех
**суу башында** – у истока воды
**эзелтен** – издревле, с давних пор
**өмүр берген** – дающая жизнь

? Шекер кандай айыл?
Ал каттаган сайын кандай үйлөрдүн төбөсүн көрүп калат?
Айылдын турган орду кандай?
Айыл кандай тоонун түбүндө жайгашкан?
Шекер айылына кандай суу агып келет?

**91.** Берилген зат атоочторго ылайыктуу сын атоочторду кошкула.

кыз, алма, тоо, кар, имарат, көл, түн, күн, үй, китеп, кийимдер, бөлмө, суу, билим, балдар, топ, гүлзар.

Ү л г ү: *адептүү кыз;*

Төмөнкү суроолорго жооп берүү менен айылда жашаган окуучулар «Менин айылым», ал эми шаарда жашагандар «Менин шаарым» аттуу чакан текст түзүп, айтып бергиле.

? 1. Сен кайсы шаарда (айылда) жашайсың?

2. Ал кайсы аймакта жайгашкан жана анда бардыгы канча түтүн бар?

3. Шаарыңдын (айылыңдын) көрүнүшү, жаратылышы кандай?

4. Анын кандай көзгө көрүнүктүү, өзгөчө нерселери бар?

5. Сенин шаарыңдан (айылыңдан) чыккан сыймыктуу инсандар барбы?

6. Сен өзүңдүн шаарың (айылың) менен сыймыктанасыңбы?

## § 26. Сан атоочту кайталоо – Повторение имени числительного

**92.** Туура жообун белгилегиле, сан атоочту кайталап, эске түшүргүлө.

1. Кандай сөз түркүмү сан атооч деп аталат?

а) Сын-сыпатын, өңү-түсүн көрсөтүүчү
б) Заттын атын, кубулушун билдирүүчү
в) Кыймыл-аракетти билдирүүчү
г) Заттын санын, эсебин, иретин көрсөтүүчү

2. Түзүлүшүнө карай сан атооч кандай болуп бөлүнөт?

а) Кош жана кошмок сан атоочтор
б) Эсептик жана иреттик сан атоочтор
в) Жөнөкөй жана татаал сан атоочтор
г) Жамдама жана чамалама сан атоочтор

3. Маанисине карай сан атооч кандай болуп бөлүнөт?

а) Күчөтмө, салыштырма, жай
б) Жактама, шилтеме, сурама
в) Аныктама, белгисиз, таңгыч
г) Эсептик, иреттик, жамдама, чамалама, бөлчөк, топ сандар

4. Сан атоочтор кандай суроолорго жооп берет?

а) Ким? Эмне?
б) Кандай? Кайсы?
в) Канча? Канчанчы? Канчадай? Канчоо?
г) Кимдер? Эмнелер?

**93.** Берилген сан атооч сөздөрдү маанилерине карай бөлүп жазгыла.

Жыйырма беш, беш-алтыдан, онунчу, бештен үч, жүзгө жакын, жетөө, кыркынчы, экиден бир, миллион, отуздан, ондой, сегизден үч, жыйырма-отуздан, жүзгө жакын, экөө, биринчи, беш жүз алтымыш.

Ү л г ү: Эсептик сан: *жыйырма беш*
Иреттик сан: *онунчу*
Жамдама сан: *жетөө*
Чамалама сан: *жүзгө жакын*
Топ сан: *беш-алтыдан*
Бөлчөк сан: *бештен үч*

**94.** Берилген сүйлөмдөрдөн жөнөкөй жана татаал сан атоочторду аныктагыла.

1. XIX кылымдын биринчи жарымында Россияда белгилүү сүрөтчү В. А. Тропинин жашаган. 2. Пингвиндердин узундугу



80 сантиметрге жетет, салмагы 25–40 килограмм болот. 3. Өзгөн шаарында бир чоң мунара жана үч күмбөз турат. 4. Орто топ оюну узуну 10 метр, туурасы 5 метр келген аянтчада ойнолот. 5. 1610-жылы, 7-январда италиялык астроном Галилео Галилей дүрбү менен асманга байкоо жүргүзгөн.

**95.** Берилген маекти окугула, сан атоочтордун жазылышын түшүндүргүлө.

Ч ы ң г ы з: – Саламатсыңбы, Бермет? Качан Ысык-Көлгө барасың?

Б е р м е т: – Бүгүн кечки саат алтыда жолго чыгамын. Сен Ысык-Көлгө барасыңбы?

Ч ы ң г ы з: – Ооба, мен эртең саат ондо байкем менен бирге жөнөймүн. А силер кайсы эс алуу жайында болосуңар?

Б е р м е т: – «Ала-Тоо» эс алуу жайында болобуз.

Ч ы ң г ы з: – Анын жайгашкан жери кайсы?

Б е р м е т: – Ал Чолпон-Ата шаарынын көл тарабында, шаардан 1 километр алыстыкта жайгашкан.

Ч ы ң г ы з: – Абдан жакшы, биз дагы ушул эс алуу жайына эртең саат $14^{00}$дө келип калабыз. Эмесе, көрүшкөнчө саксаламатта бол!

Б е р м е т: – Көрүшкөнчө, жакшы кал!

**96.** Текстти окугула, сан жана сын атоочторду тапкыла. Аларды түзүлүшү боюнча ажыраткыла, даражаларын аныктагыла.

### МУЗ ДООРУ

Байыркы заманда, мындан бир нече миллион жыл мурда азыркы биз жашаган жерлерде калың чытырман токой өскөн. Бул токойлордо жүздөгөн жаныбарлар жашаган. Көл менен суулардын жээгинде миңдеген чоң-кичине канаттуулардын үнү жаңырып турган. Аба ырайы ошол кезде өтө жылуу жана дайыма бир калыпта болгон. Кийинчерээк суук улам катуулап, кар узакка жаай баштады. Түндүктө жааган кар калың муз катмарына айланды. Байыркы муздуктар түштүктү көздөй жыла берди. Муз тоолордон суук шамал согуп турду. Ошентип, мындан 10 миң жыл мурда Европада, Азиянын түндүгүндө, Түндүк Америкада муз доору башталды.

*Мектеп окуучулары үчүн энциклопедиядан*

1. Тексттеги жаңы сөздөрдү которуп, сөздүгүңөргө жазгыла, тексттеги сан, сын атоочтор катышкан сүйлөмдөргө суроо түзгүлө.
2. Тексттен кандай жаңы маалыматты билдиңер?

## § 27. Сөз өстүрүүчү текст менен иштөө – Работа над текстом для развития речи

**97.** Берилген текстти окугула, мазмунун талдап, баяндама жазгыла.

### РУН ЖАЗУУСУ

VII кылымда түрк элдеринде өздөрүнүн жазуу системасы пайда болгон. Аны рун жазуусу деп атоо кабыл алынган. Аталышы скандинавия жазуусуна окшоштурулуп берилген. Мында run деген сөз «жашырын сыр» дегенди билдирет. Рун – жыгачка же ташка оюп жазылган бурчтуу жазуу. Ал биринчи жолу III кылымда Данияда пайда болгон, андан кийин бүткүл Европага тараган.

1889-жылы орус окумуштуусу Н. Ядринцев Орхон өзөнүнөн жазуусу бар чоң эки таш тапканын маалымдайт. Ошондон соң рун жазуусу деген сөз менен кошо алар «Орхон-Енисей жазма эстеликтери» деп атала баштаган. Ошентип, мындай жазуу эстеликтери



Таластан, Ысык-Көлдөн, Баткенден, Алайдан да табылган. Ушундан улам кыргыздардын V кылымдан баштап Орхон-Енисей жазмасын колдонгондугун байкоого болот. Кыргыздар түрк элдеринин ичинен алгачкы жолу жазууну жараткан эл экендигин да айтууга болот.

Кытайдагы кыргыз окумуштуусу Анвар Байтур: «Кыргыздар жаңы эранын V кылымынын башында 40 тамгалуу жазууну пайдаланган» деп белгилеген.

Орхон-Енисей эстеликтеринен Кыргыз мамлекетин башкарган каган Барсбекке арналган байыркы кыргыз жазуусун С. Г. Кляшторный окуган.

1893-жылы Дания окумуштуусу В. Л. Томсен Орхон-Енисей жазмалардагы бардык тамгаларды аныктайт. Ага удаа орус түркологу В. В. Радлов да бул эстеликтерди окуп чыгып,15ке жакын арипти далилдейт. Ал бардык эстеликтерди окуп, которуп чыгат. Бул жазмаларды азыркы жазуучулар өз заманынын учурунда айтылган дастан, кошок, поэма катары жыйынтыкташкан. Ошентип, Орхон-Енисей жазма эстеликтери түрк элдеринин, анын ичинде кыргыздардын да адабий көркөм мурасы катары эсептелинет.

*«Кыргызстан» энциклопедиясынан*



**жашырын сыр** – скрытая тайна
**Орхон-Енисей эстеликтери** – орхонско-енисейские памятники
**арип** – буква
**кошок** – плач, причитание (оплакивание в стихах умершего)
**көркөм мурас** – художественное наследие
**маалымдоо** – оповещать, извещать, заявлять
**жазма** – написанный, письменный, рукописный
**заман** – время, эпоха
**дастан** – героическое сказание, эпопея

1. Тексттен зат атоочторду таап, төмөнкү таблица менен иштегиле.

| Адам аттары | Географиялык аталыштар | Мезгил аталыштары | Буюм аталыштары |
|---|---|---|---|
| Барсбек | Орхон-Енисей | кылым | таш |

2. Сүйлөмдөрдү тексттин мазмунуна карата толуктап жазгыла. Зат, сын, сан атоочтордун алдын сызгыла, кайсы жөндөмдө турганын, маанисине карай бөлүнүшүн аныктагыла. Адам жана географиялык аттардын жазылыш эрежелерине көңүл бургула.

1) Рун жазуусу биринчи жолу III кылымда Данияда пайда болгон,...
2) 1889-жылы орус окумуштуусу Н. Ядринцев Орхон өзөнүнөн жазуусу бар ...
3) Ошондон соң, рун жазуусу деген сөз менен кошо алар ...
4) Ошентип, мындай жазуу эстеликтери ...
5) Орхон-Енисей жазма эстеликтери кыргыздардын да ...

Төмөндөгү тексттин планына таянып, баяндама жазгыла.

1) Рун жазуусунун тарыхы.
2) Окумуштуулар тарабынан Орхон-Енисей жазмаларынын изилдениши.
3) Орхон-Енисей эстеликтериндеги байыркы жазууларынын кыргыздарга тиешелүү экендигинин далилдери.
4) Орхон-Енисей жазууларынын кыргыздын адабий көркөм мурасы катары бааланышы.

ӨТҮЛГӨН ТЕМАЛАРДЫ КАЙТАЛОО –
ПОВТОРЕНИЕ ПРОЙДЕННЫХ ТЕМ

II ЧЕЙРЕК

## § 28. Текст менен иштөө аркылуу кызматчы сөздөрдү кайталоо

**98.** Текстти окугула.

### САЙМАЛЫ-ТАШ АСКА БЕТИНДЕГИ ГАЛЕРЕЯСЫ

Саймалы-Таш – дүйнөдөгү эң чоң сүрөт галереясынын бири. Саймалы-Ташты Нарындын Көгарт дарыясынын башында, Кетмен-Төбө өрөөнүндө жана Чолпон-Ата шаарынын аймагында гана көрүүгө болот. Бул Саймалы-Ташты белгилүү археолог А. Н. Бернштам изилдеген. Миңдеген жылдар бою адамдар таштарга сүрөт тартуу менен өздөрү жөнүндө маалымат калтырышкан. Таштардын бетине өздөрүнүн иш-аракеттери жана да ошол жерлерде жашагандыгы тууралуу издерин калтырышкан. Бардыгы, болжолу жүз миңден ашык сүрөт Саймалы-Таш аскаларына тартылган. Сүрөттөр өтө ар түрдүү, анткени алар ар кандай учурларда тартылган экен. Сүрөттөрдүн эң байыркылары б. з. чейин II миңинчи кылымда тартылган деп эсептелет.



Таштардын бетинде топоз чегилген арабалар жана соколор, ошондой эле өзгөчө кийимчен, канаттан жасалган баш кийим адам сөлөкөттөрү тартылган. Топоздордун тулкулары эки үч бурчтуктан түзүлгөндөй көрүнөт, ал эми мүйүздөрү алдынкы чыгыштын байыркы кооз карапасына абдан окшош шариктер менен бүтөт.

1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү тексттин мазмунуна карата толуктагыла.

а) Байыркы адамдар таштарга сүрөт тартуу менен ...

б) Алар өздөрүнүн иш-аракеттери жана да ...



шыктуу? 6. Сенин досуң спорттун кайсы түрү менен машыгат? 7. Ал музыкалык аспапта ойной алабы? 8. Бош убактыңарды досуң экөөң кандай өткөрөсүңөр? 9. Китепканага, театрга бирге барасыңарбы? 10. Кыргыз тилинде жакшы сүйлөй алабы? 11. Анын компьютердик сабаттуулугу кандай? 12. Досуң чет тилдерине да кызыгабы? 13. Ата-энесине кандай жардам берет? 14. Ал келечекте кайсы кесипке ээ болгусу келет? 15. Сен досуңду сыйлайсыңбы?

**130.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү суроолуу сөздөрдү коюп жазгыла: **канча? ким? эмне? кандай? канчанчы? кимдер? каерде?**

1. ... Интернет аркылуу байланышат?
2. Жээренче чечен ... кылымда жашаган?
3. Конго Республикасы ... жайгашкан?
4. ... кыргыздын улуттук оюндары жөнүндө айтып берет?
5. Ысык-Көлдүн эң терең жери ... метр?
6. Кедр- ... дарак?
7. ... Күндү жылына бир айланып чыгат?

**131. -бы, чы, беле, го** бөлүкчөлөрү аркылуу түзүлгөн суроолуу сүйлөмдөрдү которгула жана түшүндүргүлө.

1. Сиздер бүгүн жолго чыгасыздарбы? –
2. Наргиза сени менен бирге келет беле? –
3. Китеп өзүңдүн колуңда го? –
4. Студент бул сыноодон өтпөй калсачы? –

Досуң менен маектеш (диалог түзүп келүү).

## § 39. Көнүгүүлөр – Упражнения

**132.** Төмөнкү текстти тыныш белгилерине карай көркөм окугула да, суроолуу сүйлөмдөрдү далилдегиле.

– Кана, эми эмне кылабыз? – деди Орган ал ортодо берки чоңдорго кайрылып,

– Сүзөбүзбү?

Бир топко тунжурап отурушту. Ар кимиси айлана-тегерегин каранат.

– Сүзгөндө кайда барабыз? – деп Эмрайин оор күрсүндү.

– Кайда барабыз дегениң эмне? – деди Мылгун капыстан.

– Сүзө беребиз, тынч отуруп өлгөнчө сүзүп жүрүп өлгөнүбүз жакшы!

– Сүзгөндө эмне, сүзбөгөндө эмне? – деди Эмрайин.

– Бу туманда дайынсыз сүзө бергенден не кажет.

– Тумандан коркобузбу? – деп Мылгун ого бетер опурулду.– Сүзө беребиз дейм!

– Түшүндүңбү, Эмрайин чоң сакал, сүзө беребиз дейм! Түшүндүңбү?

Кирискинин үрөйү учту.

*Ч. Айтматов, «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт»*

**133.** Берилген сөздөрдү пайдаланып, суроолорго жооп бергиле.

1. Эмненин көпчүлүк бөлүгү азот менен кычкылтектен турат?
2. Шамал эмнени тазартып турат?
3. Эмне бизди курчап турган бардык нерселерди кысып турат?
4. Биздин жер планетабыз кандай аба катмары менен курчалган?
5. Кандай илим аба ырайын изилдейт?

П а й д а л а н ы л у у ч у с ө з д ө р: *аба, жаман абаны, метеорология, тунук, абанын.*

**134.** Диалогду интонация менен окугула жана суроолуу сүйлөмдөргө көңүлүңөрдү бургула. Ушул үлгүдө силер да маектешкиле.

ТААНЫШУУ

| | |
|---|---|
| – Саламатсызбы, бийкеч? | – Здравствуйте, девушка? |
| – Саламатчылык! | – Здравствуйте! |
| – Сиз менен таанышууга мүмкүнбү? | – Позвольте с Вами познакомиться? |
| – Албетте, каршы эмесмин. | – Конечно, я не возражаю. |
| – Атыңыз ким? | – Как Вас зовут? |
| – Гүлнар. | – Гульнар. |
| – Меники – Таалай. | – А меня – Таалай. |
| – Абдан жакшы. | – Очень приятно. |

**135.** Төмөнкү жай сүйлөмдөргө суроо бергиле.

Колибри – дүйнөдөгү эң кичинекей жана кооз чымчык. Анын салмагы бир жарым, эки грамм болот. Колибринин эң чоңу чабалекейдей бар. Аларды алп колибри деп аташат. Бул чымчыктардын өңү-түсү жарыктын тийишине жараша кубулуп көрүнөт. Колибри Борбордук жана Түштүк Америкада жашайт. Эл аралык уюмдар аны сактайт жана коргойт.

**136.** Суроолорго жооп берүү менен чакан текст түзгүлө.

Сен мектепти аяктагандан кийин кайсы окуу жайына тапшырасың?



Кандай кесип ээси болгуң келет? Ата-энең кайсы кесипте эмгектенишет?

Алардын жолун улантууну каалайсыңбы?

Келечекте өзүңдүн Ата Мекениңе кандай салым кошкуң келет?

Ал эми сенин досуңа кандай кесип жагат?

Досуң бизнесмен боло алабы?

«Мага жаккан кесип» – деген текст түзүп келүү.

## § 40. Буйрук сүйлөм, анын интонациясы – Побудительное предложение и его интонация

**137.** Төмөнкү буйрук иретиндеги макалдарды чечмелегиле.

| | |
|---|---|
| 1. Улук болсоң, кичик бол. | – Если ты начальник, будь скромным. |
| 2. Угар жерде сөз айт, сиңер жерге суу төк. | – Говори там, где слушают, воду лей там, где впитывается. |
| 3. Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло. | – Если себя ты считаешь храбрецом, то другого считай львом. |
| 4. Абийирди жашыңдан сакта. | – Береги честь смолоду. |
| 5. Эр болсоң көк бол, айткан сөзгө бек бол. | – Если ты молодец, будь настойчив, в слове будь твёрд. |

?

– Даражасы бийик адамга кандай кеңеш айтсак болот?

– Сөз кимге айтылып, суу кайда төгүлөт?

– Өзүн эр көрсө, өзгөнү кандай көрүш керек?

– Жашыңдан эмнени сакташың керек?

– Эр азамат кандай болуш керек экен?

**138.** Буйрук иретинде айтылган төмөнкү үлгүлөрдү эсиңерге туткула.

| | |
|---|---|
| – Азамат, китеп оку! | – Азамат, читай книгу! |
| – Салтанат, кат жаз! | – Салтанат, (на) пиши письмо! |
| – Айдай, сүт ич! | – Айдай, пей молоко! |
| – Кызым, алма ал! | – Доченька, бери (возьми) яблоко! |
| – Саламатта болуңуз! | – Будь здоровы! |
| – Кош болуңуз! | – До свидания! |

**139.** Диалогду ролго бөлүп окугула. Буйрук сүйлөм менен жай сүйлөмдүн байланышына көңүл бургула.

## МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЗ ЖАРДАМ

– Мен ооруп калдым, дарыгерди чакырыңызчы.
– Ооба, мына тез жардам келип калды.
– Саламатсызбы, эмнеңиз ооруп жатат?
– Башым.
– Этиңиз ысып турат. Суук тийиптир.
– Чыйрыгып да жатамын.
– Качантан бери ооруп жатасыз?
– Кечээ кечтен бери.
– Кана, оозуңузду ачыңыз. Тилиңизди көрсөтүңүз.
– Дарыланууга рецепт жазып бересизби?
– Албетте, мына бул рецепт менен дарыларды алып ичиңиз.
– Чоң ырахмат, Сизге абдан ыраазымын!

Төмөнкү жай сүйлөмдөрдү буйрук сүйлөмдөргө айландыргыла.

1. Улуу кишилерге жол беребиз.
2. Толубайдай сынчы болобуз, Токтогулдай ырчы болобуз.
3. Кыргыз тилинде сабаттуу сүйлөйбүз.
4. Бүгүн бүтчү ишти эртеңкиге калтырбайбыз.
5. Алтын албайбыз, алкыш гана алабыз.
6. Сабакка кечикпей барабыз.

Ү л г ү: *Улуу кишилерге жол беребиз. – Улуу кишилерге жол бергиле!*

## § 41. Буйрук сүйлөмдүн жай сүйлөм менен байланышы – Связь побудительного предложения с повествовательным

**140.** Ырды көркөм окугула жана жаттагыла.

Эдил бол да, жайык бол,
Эч ким менен урушпа.
Мүнөзү жаман адамга,
Анан кайра кайрылба.
Жакшы көргөн кишиңден,
Жалган айтып айрылба.

Аргымакка миндим деп,
Арткы топтон адашпа.
Күнүндө өзүм болдум деп,
Менменсинип адашпа.
Артык үчүн айтышып,
Досторуң менен санашпа.

*Асан Кайгынын санат-насыятынан*



**141.** Диалогду окуп, кыргызчага которгула жана аны мазмунуна жараша уланткыла. Сүйлөмдөрдү айтылыш максатына карай атап бергиле.

## В АПТЕКЕ

– Дайте мне, пожалуйста, лекарство по этому рецепту.
– Это лекарство принимайте перед едой по одной таблетке.
– Это лекарство (мазь, микстуру, стрептомицин...) можно взять без рецепта?
– Да, можно.

**142.** Төмөнкү жай сүйлөмдөрдү буйрук сүйлөмдөргө айландыргыла.

1. Жаштар айлуу түндө ак чөлмөк ойношот. 2. Ч. Айтматовдун чыгармаларын окуш керек. 3. Табигат менен таттуу мамиледе болобуз. 4. Мекенибиз – Кыргызстанды коргойбуз. 5. Акыйкат, чынчыл болуш керек. 6. Гимнастика менен ден соолугубузду чыңдайбыз.

Ү л г ү: *Жаштар айлуу түндө ак чөлмөк ойношот. – Жаштар, айлуу түндө ак чөлмөк ойногула!*

**143.** Төмөнкү текстти окугула, буйрук сүйлөмдүн эрежесин айтып, сүйлөмдөрдү түшүндүргүлө.

## СЕНИН МИЛДЕТИҢ

Күн сайын эрте тур. Сабакка кечикпей, өз убагында келгин. Аракеттенип жакшы оку. Кыргыз тилин жакшы өздөштүрүүгө аракеттен. Кыргызча текст окуп, мазмунун кайра айтып бер. Сөз жаттап, алар менен сүйлөм түз. Ар дайым эрежелерди кайталап тур. Досуң менен кыргызча маектеш. Берилген үй тапшырмаларды учурунда туура аткар. Жакшы окуп, терең билим алууга умтул.

**144.** Берилген сөздөрдөн буйрук сүйлөм түзгүлө.

Сабак, жөнө; Мектеп, кел; Дептер, жаз; Эшик, чыкпа; Көл, түш; Кооз, гүл, үз; Кызыктуу китеп, оку; Жомок, айтуу; Кыргызча, сүйлөө; Билим алуу;

**145.** Диалогду окугула да, кыргызча сүйлөшкүлө.

## ТЕЛЕФОНДО

| | |
|---|---|
| – Саламатсызбы?! | Здравствуйте! |
| – Жакшы! Саламат! | Здравствуйте! |

| | |
|---|---|
| – Ден соолугуңуз кандай? | Как ваше здоровье? |
| – Ден соолугум жакшы. | Мое здоровье хорошее. |
| – Иштериңиз кандай? | Как ваши дела? |
| – Жаман эмес. | Неплохо. |
| – Ата-энеңиз кандай? | Как ваши родители? |
| – Бардыгы аман-эсен. | Все здоровы. |
| – Кош болуңуз! | До свидания! |
| – Жакшы калыңыз! | Счастливо вам оставаться! |

## § 42. Көнүгүү, машыгуу иштери – Упражнения для приобретения навыков

**146.** Драмалык чыгармадан үзүндүнү окугула, буйрук иретинде айтылган сүйлөмдөрдү далилдегиле.

Жеңишбек чуркап кирет да, жашынып калат.

Сапай менен Борбук анын артынан киришет. Жеңишбекти издешет.

Б о р б у к: – Сапай!.. Сапай! Быякта экен, кармадым. Бери кел... Келе шапкемди!

С а п а й: – Ай, барбаганың аз келгенсип, шапкесин эмне ала качасың, ыя? Бер азыр!

Б о р б у к: – Келе дейм шапкемди!

Ж е ң и ш б е к: – Ме!.. Кеткиле!.. Кеткиле дейм короомдон!.. Болбосо, бирди көрүп каласыңар!

Б о р б у к: – Эр болсоң тийип көрчү!

Ж е ң и ш б е к: – Коркот дейсиңби? Коркот дейсиңби?! Мына!.. *(Борбук экөө кармаша кетет).*

С а п а й: – Борбук... Борбук... *(Борбук жыгылып калат).*

Б о р б у к *(жардамга чакырып).* – Сапай!.. Сапай!..

Ж е ң и ш б е к: *(Сапайга)* – Жакындаба!.. Тур дейм ары!

С а п а й: – Айт азыр ачыгыңды, барасыңбы?!

Б о р б у к: – Барасыңбы, жокпу?

Ж е ң и ш б е к: – Барбай эле койдум!

*Б. Жакиев, «Атанын тагдыры»*

**147.** Берилген сөз айкаштарынан буйрук сүйлөмдөрүн түзгүлө.

1. Улуттук баш кийимдерин баалоо. 2. Сүрөттөр боюнча аңгемелешүү. 3. Ата-энени сыйлоо. 4. Накыл кептердин маанисин түшүнүү. 5. Оюңарды баяндап берүү. 6. Эмгекчилдикке тарбиялоо. 7. Жагымдуу жагдай түзүү. 8. Ата Мекениңе кызмат кылуу. 9. Экиден маектешүү. 10. Ата салтын улантуу.



Ү л г ү: *Улуттук баш кийимдерин баалоо – Улуттук баш кийимдерин баалагыла!*

**148.** Төмөнкү буйрук сүйлөмдөрдү көчүргүлө.

1. Текстти окугула жана анын маанисин түшүнгүлө. 2. Учкул сөздөрдү жаттагыла. 3. Себепсиз сабактан калбагыла. 4. Грамматикалык эрежени жаттагыла. 5. Ден соолугуңарды спорт менен чыңдагыла. 6. Берилген сүрөт боюнча аңгемелешкиле. 7. Сезимтал, боорукер болгула. 8. Ата-эненин тилин алып, элпек болгула.

**149.** Төмөнкү жай сүйлөмдөрдөн буйрук сүйлөмдөрдү түзгүлө.

1. Улууларды ар дайым сыйлайбыз. 2. Ата наркын өчүрбөйбүз. 3. Асыл-ой, насааттарды баалайбыз. 4. Адептүү, өнөрлүү, билимдүү болобуз. 5. Көркөм адабий чыгармаларды көп окуйбуз. 6. Көрүнүктүү инсандардан үлгү алабыз. 7. Ата-эненин эмгегин актайбыз.

Ү л г ү: *Улууларды ар дайым сыйлайбыз. – Улууларды ар дайым сыйлагыла.*

**150.** Берилген илептүү сүйлөмдөрдөн буйрук сүйлөмдөрдү түзгүлө.

1. Ата-энелерге урмат жана сый! 2. Уул-кыздар ыймандуу болсун! 3. Ысык-Көлдү коргойбуз! 4. Тынчтыкты бекем сактайбыз! 5. Ыйык Ала-Тоону даңктайбыз!

Ү л г ү: *Ата-энелерге урмат жана сый! – Ата-энелерди урматтагыла жана сыйлагыла.*

Буйрук сүйлөмдөрдү катыштырып диалог түзүп келгиле.

## § 43. Илептүү сүйлөм, анын интонациясы – Восклицательное предложение и его интонация

И л е п т ү ү с ү й л ө м д ө р кандайдыр бир окуялар, көрүнүштөр, түшүнүктөр жөнүндө адамдын күчтүү сезиминен, эмоциясынан чыккан кабарды билдирүү максатында айтылат.

Айтылыш максатына карай ар бир жөнөкөй сүйлөм: жай илептүү, суроолуу илептүү, буйрук илептүү боло алат.

В восклицательных предложениях сообщается о каком-либо событии, явлении, понятии, которые по цели высказывания выражают сильное чувство, эмоции человека.

По цели высказывания восклицательным может быть каждое простое предложение: повествовательные восклица-

Мындай учурда алар өзгөчө интонация, күчтүү сезим менен айтылат. Сүйлөмдүн аягына илеп белгиси (!) коюлат.

тельные, побудительные восклицательные. Произносятся они при этом с особой интонацией восклицания: в конце предложения ставится восклицательный знак (!).

М и с а л ы: *Жашасын, бактылуу балалык! Саламатсызбы, эжеке?! Айчүрөк, жакшы оку!*

**151.** Берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдөрдүн айтылыш интонациясына көңүлүңөрдү бургула.

1. Туулган күнүң менен! 2. Дүйнөдө тынчтык болсун! 3. Нооруз майрамыңыз менен! 4. Жаңы жыл ырыс-ынтымак алып келсин! 5. Ишиңиз ийгиликтүү болсун! 6. Ата-энелерге урмат жана сый! 7. Жашасын элдердин бекем достугу! 8. Ар дайым күн болсун! 9. Ден соолугуңуз чың болсун!

**152.** Тыныш белгилерине карай берилген төмөнкү текстти көркөм окугула. Илептүү сүйлөмдөрдү аныктагыла.

### БААРЫНАН ЭМНЕ СУЛУУ?

Ойлончу, дүйнөдө баарынан эмне сулуу? Менимче, баарынан кең дүйнөгө нурун тегиз чачкан күн сулуу! Анан да, күн нуруна нурданган гүл сулуу! Жүзү гүлгө окшоп жадыраган бактылуу бөбөк сулуу! Анан да, жаш бөбөктү эмизип отурган бактылуу эне сулуу!

**күн нуру** – солнечные лучи
**кең дүйнө** – широкий мир
**нурданган** – лучезарный
**жадыраган** – жизнерадостный
**бактылуу бөбөк** – счастливый ребёнок

**153.** Насаат сөздөрдү көркөм окуп, которгула жана жатка билгиле.

Билим алсаң урмат-сый алып келет,
Билим сага – акыл-ой, кубат берет!
Билим деңиз – түбү да, чеги да жок,
Канча сузсаң азайбайт, толо берет!

Канча билсең, ошончо үйрөн, оку,
Билимдүү тилегине дайым жетет.

Билимине мактанган билимсиздер,
Билгеним аз дегендер – көпкө жетет!



Билимдүү түйшүктөнүп ойлоп жүрөт,
Билимсиз – ой жүгүртпөй ойноп-күлөт.

*Ж. Баласагын, «Кут билим»*

**урмат-сый** – уважение, почёт
**кубат** – сила, мощь, энергия
**кыл-ой** – разум, ум
**түйшүктөнүп ойлоп жүрөт** – занят своими мыслями
**билимдүү тилегине дайым жетет** – образованный всегда достигает своей цели

? Билим адамга эмне берет?
Билимдин чеги барбы, ал азаябы?
Билимдүү ойлогон максатына жете алабы?
Билимсиз адам кандай болот?

Жогорку насаат сөздөрдү жаттап келүү.

## § 44. Көнүгүү, машыгуу иштери – Упражнения для приобретения навыков

**154.** Текстти окугула.

### КОМПЬЮТЕР



Бүгүнкү күндө илим менен техниканы компьютерсиз элестетүү кыйын. Компьютер окуу жайларда, мектептерде, медицинада, космосто, телекөрсөтүүдө, ал тургай үй тиричилигинде да кеңири колдонулууда. Мектеп окуучулары менен студенттер эл аралык «Интернет» маалымат системасынан пайдаланып, билимдерин тереңдетишет. Дүйнө элдери «Интернет» аркылуу бири-бири менен байланышат. Компьютер басма ишинде да кеңири пайдаланылат. Газета, журнал, китептер жана башка илимий, көркөм чыгармалар да компьютерде терилип, калыпка салынат.

Компьютердик китепканадан каалаган чыгармаларды окуп, кинофильм көрүп, музыка, обондуу ырларды укса да болот. Мындай сабаттуулук менен дүйнөлүк билим мейкиндигине аралашабыз.

**Эл аралык «Интернет» компьютердик маалымат системасы** – международная компьютерная информационная система Интернет

**компьютердик сабаттуулук** – компьютерная грамотность

**дүйнөлүк билим мейкиндиги** – мировое научное пространство

? 1. Компьютерлер кайда кеңири колдонулууда?

2. Мектеп окуучулары менен студенттер билимдерин кантип тереңдетишет?

3. Басма ишинде компьютер кандай пайдаланылат?

4. Дүйнө элдери бири-бири менен кантип байланышат?

**155.** Берилген сөздөрдөн илептүү сүйлөмдөрдү түзгүлө.

1) билгиле, пайдалана, компьютерди;
2) кандай сонун, интернет, саякатка, аркылуу, чыгуу;
3) кылым, компьютердик, жашасын;
4) байланышууну, үйрөнгүлө, аркылуу, интернет;
5) жетишкендигине, сыймыктанабыз, илим менен техниканын, бүгүнкү;

**156.** Текстти окугула, силер да компьютерге кызыгасыңарбы, өз оюңарды билдиргиле.

### МЕН ПРОГРАММИСТ БОЛГУМ КЕЛЕТ

Мен компьютерге абдан кызыгамын. Бул мен үчүн өзүнчө бир жаңы дүйнө! Компьютер адамга караганда миллион эсе тез эсептөө жүргүзө ала турган электрондук түзүлүш. Ал киргизилген маалыматтарды кабыл алып, аны пайдалануу үчүн түшүнүктүү кылып кайрадан иштеп чыгат. Менин эң жакшы көргөн сабактарым – математика, физика жана информатика. Үйүмдө компьютерим бар. Мен компьютерде көп иштеймин. Анда дилбаян жазуу ыңгайлуу, анткени оюң өзгөргөн сайын текстти оңдой берүү жеңил. Ошондой эле үй тапшырмаларды, конспект жана рефераттарды да компьютерде аткарамын. Интернет аркылуу саякатка чыгамын. Мени кызыктырган ар кандай маалыматтарды аламын. Керектүү тарыхый фактыларды тактаймын. Каалаган музыка, обондуу ырларды да угамын.



Бүгүнкү күндө биз информациялык жаңылануу доордо жашап жатабыз. Ошондуктан билим алууда программисттик кесиптин көп мүмкүнчүлүктөрү бар деп ойлоймун. Мектепти аяктагандан кийин жогорку окуу жайына тапшырып, компьютердик сабаттуулугумду тереңдетемин.

1. Тексттеги негизги ойлорго таянып, айрым түшүнүктөр жөнүндө күчтүү сезим менен айтылган сүйлөмдөрдү түзгүлө.
2. Тексттин мазмунун кайра айтып бергиле.

## § 45. Текст менен иштөө – Работа с текстом

**157.** Текстти көчүрүп жазып, сүйлөмдөрдүн аягына тиешелүү тыныш белгилерин койгула.

### ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР

Чабдар ордунда калыптыр... Султанмурат үйдөн жүгүрүп чыгып, Чабдарга ыргып минди да, балдарга кыйкырды:

– Анатай, айылга чап... Кармалбай тез жет... Элди чакыр... Мен уурулады кууп жетип, алаксыта кармап турам... Тезирээк жете көр... Эркинбек, сен ушуерде бол, эч жакка кетпе... Уктуңбу... Анатай, айылга чап... Мен кеттим... жана дүбүрт кеткен тарапка Чабдардын оозун коё берди...

– Алга, Чабдарым, алга, жан бирге жаныбарым... Кууп жет уурулады... Мен жыгылбайм, мен өлбөйм, менден коркпо, өзүңө кубат берсин... – Чурка, жаныбарым... Ылдамыраак, ылдамыраак, Чабдар... Ушунча алыстап кетиштиби... Каерге жетишти экен... Алгала, Чабдарым, алгала... Эки көзүң экөөбүзгө шам болсун, жаныбарым...

*Ч. Айтматов*

? 1) Эмне үчүн Султанмурат Чабдарга ыргып минди?
2) Ал балдарга кандай буйрук берди?
3) Султанмурат Чабдарын кантип сүрөдү?

1. Тексттен жай, суроолуу, илептүү жана буйрук сүйлөмдөрдү таап, алардын эрежесин айтып далилдегиле.
2. Султанмураттын эрдиги жөнүндө ар бириңер экиден маек түзүп келгиле.

## § 46. Сүйлөмдүн түрлөрү боюнча алган билимдерин жөнгө салуу – Систематизация знаний по видам предложений

**158.** Берилген ырды көркөм окугула жана жаттагыла.

### ЭНЕСАЙ

Энесай, сендей жайкын өзөн барбы?
Энесай, сендей жаркын мекен барбы?
Энесай, сендей кыйын азап барбы?
Энесай, сендей ыйык азат барбы?

Энесай, сендей жайкын өзөн болбос!
Энесай, сендей жаркын мекен болбос!
Энесай, сендей кыйын азап болбос!
Энесай, сендей ыйык азат болбос!

*Ч. Айтматов*

**жайкын** – спокойно, тихо, мирно
**өзөн** – горная долина с речкой
**жаркын** – светлый, лучезарный
**азат** – свобода
**азап** – мука, мучение
**ыйык** – священный, приносящий счастье

**159.** Төмөнкү сөз айкаштарын катыштырып, илептүү, буйрук сүйлөмдөрдү түзгүлө. Эрежеси менен аларды далилдегиле.

Тартиптүү болуу. Жакшы окуу. Кыргыз тилин үйрөнүү. Улууларды урматтоо. Компьютер үйрөнүү. Келечекке ишенүү. Мекенди коргоо.

**160.** Сүйлөмдөрдү кыргызчага которгула. Алар кандай сүйлөмдөр экендигин түшүндүргүлө.

1. Ребята, не опоздывайте на уроки. 2. Уважаемые учителя, после уроков зайдите в компьютерный кабинет. 3. Фермеры, хорошо подготовьтесь к весне. 4. С днём учителя! 5. С новым годом! 6. Как прекрасно на Иссык-Куле! 7. Да здравствует мир!

**161.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

1. ... илгери болсун! 2. Силердин бизге жиберген ... ыракмат! 3. Биз ... тынчтык үчүн күрөшөбүз! 4. Кыргызстанда ... орносун! 5. Ар дайым ... болсун! 6. Өркүндөп өссүн ...!

П а й д а л а н ы л у у ч у с ө з д ө р: *тынчтык, күн, куттуктооңорго, Мекеним, иш, бейкут жашоо.*



**162.** Сүйлөмдөрдүн тыныш белгилерине карай текстти көркөм окугула. Бул текст кайсы чыгармадан алынган жана анын автору ким экендигин тапкыла.

Турналар бийик учуп баратышат. Бирок асман андан бийик. Султанмурат чалкалап карап туруп кыйкырды.

– Жаша-аа! Турналар!

Түшкө кирбес укмуш көргөнсүп, үчөө тең кыйкырды:

– Турналар! Турналар! Турналар!

Турналардын эрте келгени жаз менен жайга жакшы жышаан деген карыялардын сөзүн эстеди Султанмурат.

– Эрте келген турналар жакшы жышаан! – деп кыйкырды ал Анатайга. – Түшүм болот! Түшүм мол болот.

– Эмне, эмне? – деп Анатай жакшы укпай жатты.

– Түшү-үм! Түшүм мол болот!

Анатай артына толгонуп, Эркинбекке кыйкырды:

– Түшүм мол болот! Түшүм! Эркинбек жооп кайтарды:

– Уктум, укту-ум! Түшүм мол болот!

Жогорку тексттеги сүйлөмдүн түрлөрүн таап, аларды эрежелерге таянып далилдегиле.

## § 47. Чейрек боюнча кайталоо – Повторение пройденного за четверть

Э с к е  т ү ш ү р г ү л ө: – В с п о м н и т е:

1. Жай сүйлөм деген эмне? – Что такое повествовательное предложение?
2. Суроолуу сүйлөм деген эмне? – Что такое вопросительное предложение?
3. Илептүү сүйлөм деген эмне? – Что такое восклицательное предложение?
4. Буйрук сүйлөм деген эмне? – Что такое побудительное предложение?

**163.** Текстти анын интонациясына, тыныш белгисине карай окугула.

### БИЗГЕ ТЫНЧТЫК КЕРЕК

Тынчтык адам баласына бейкут жашоону тартуулайт. Тынчтык болсо көк асман ачык болот. Күн жаркырап тийип турат. Кызыл-тазыл гүлдөр гүлдөйт. Түркүн куштар сайрайт. Балдар, кыздардын көңүлдөрү куунак. Алар мектепке барышат. Жакшы билим алууга умтулушат. Кичинекей бөбөктөр бала-бакчага бары-

шат. Алар ойношот, сүрөт тартышат жана ырдашат. Ата-энелер да талыкпай эмгектенишет. Жаштар өндүрүштө, илим-билим жана маданий чөйрөлөрдө кыймылдаткыч күч болушат. Бош убактыларында ден соолугуна кам көрүшөт. Саякатка чыгышат, алыскы өлкөлөргө барышат. Эс алуу жайларында болушат.

Дүйнө жүзүндөгү бардык адамдарга тынчтык керек. Адамзат бүткүл дүйнөдө тынчтыкты сактоо үчүн күрөшөт. Ар дайым Күн болсун! Жер үстүндө бактылуу балалык өкүм сүрсүн!

**тынчтык** – мир
**бейкут жашоо** – жить спокойно
**көк асман** – голубое небо
**көңүлдөрү куунак** – хорошее настроение
**билим алууга умтулушат** –
**талыкпай эмгектенишет** – трудиться неустанно
**адамзат** – человечество
**илим-билим, маданий чөйрөлөрдө** – в области науки, знания и культуры
**бош убактыларында** – в свободное время
**ден соолукка кам көрүү** – заботиться о здоровье
**саякатка чыгышат** – путешествие
**бүткүл дүйнөдө тынчтыкты сактоо** – сохранить мир во всем мире
**кыймылдаткыч күч** – движущая сила

**164.** Жогорку сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү толуктагыла жана алардын маанисин сүйлөмдөрдүн контекстинде аныктагыла.

1. Адамзатка ... керек. 2. Адамдар ... ... каалашат. 3. Жаштар илим-билим жана маданий чөйрөлөрдө ... ... болушат. 4. Бейкутчулукта биз ... ... кам көрөбүз. 5. ... ... окуучулар мектепке барышат. 6. Алар ... ... эс алышат. 7. Бардыгыбыз бүткүл дүйнөдө ... ... үчүн күрөшөбүз. 8. Ар кандай кесиптеги адамдар ... ... . 9. ... ... жана ... ... жаштар алдыга умтулушат. 10. Бейкут жашоодо адамдар көрүнүктүү жерлерге ... ... . 11. ... Бактылуу балалык үчүн камкордук көрүүдө.

**165.** Тексттин мазмуну боюнча түзүлгөн суроолорго жооп бергиле жана сүйлөмдүн түрлөрүнө карай аныктагыла.

1. Тынчтыкта жашоо кандай болот?
2. Балдар жана кичине бөбөктөр кайда барышат?
3. Алар эмнеге умтулушат?
4. Ата-энелер кандай эмгектенишет?
5. Бардык жерлерде жаштар кандай күч болушат? Эмне үчүн?
6. Адамдар эмне үчүн күрөшөт?



**166.** Сүйлөмдөрдү түрлөрүнө карай аныктагыла жана тыныш белгилерин койгула.

1. Жаштар, терең билим алууга умтулгула... 2. Кичинекей бөбөктөр тынчтыкта бала-бакчага барышат... 3. Ар дайым күн болсун... 4. Бейкутчулукта балдардын, кыздардын көңүлдөрү куунак... 5. Кыргызстанда тынчтык бекем сакталсын... 6. Адамзат тынчтыкты коргой алабы... 7. Адамдар талыкпай эмгектенишет... 8. Бейкут жашоодо биз ден соолугубуз үчүн кам көрөбүз... 9. Ата Мекениңерди коргогула... 10. Бош убактыларында адамдар кайда барышат... 11. Бактылуу балалык өкүм сүрсүн...

**167.** Тексттен алынган төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин жазгыла:

тынчтык –
адам баласы –
куунак –
билим алуу –
бөбөктөр –
эмгектенишет –
сактоо –
чөйрө –
Ата Мекен –
умтулуу –

1. Жогорку сөздөр менен жай, суроолуу, илептүү жана буйрук иретинде айтылган сүйлөмдөрдүн ар кандай түрлөрүн түзгүлө.
2. «Бизге тынчтык керек» аттуу тексттин мазмунун кайра айтып бергиле.

## III ЧЕЙРЕК

### § 48. Сүйлөмдүн түрлөрү (жай, суроолуу, илептүү) боюнча көнүгүүлөр – Упражнения по видам предложений (повествовательные, вопросительные, восклицательные)

**168.** Текстти көркөм окугула. Сүйлөмдүн түрлөрүн таап, аларды эрежесине жараша далилдегиле.

АК КЕМЕ



Өзүнүн тосмосунда эле балык болуп заматта кубулуп кетсе. Таптакыр эле суу асты менен жүрө бермек эмес, маал-маалы менен суудан башын чыгарып, эки жагын каранып, кызыл жардын түбүнөн өтмөк, шаркыратма жерлерден чулп ыргып, суу түбүнө сүңгүп, кайра ак көбүктүү шарга калкып чыгып, тоо-токойду сызып өтмөк. «Кайыр кош, Танке-Ташым!», «Кайыр кош, Бөру-Ташым!» – деп корумдары менен коштошуп өтмөк. Короо жайдын тушуна келгенде суудан ыргып чыгып, куйругун чапкылап кыйкырмак: «Кош, таята жакында кайра келем!» Таята, таенеси да, Бекей таежеси да, кызын көтөргөн Гүлжамал да оозун ачып, жээкте турмак. Башы бала, денеси балык, мындай шумдукту ким көрүптүр? Анда балык куйругун суугa шарп уруп: «Кошкула, мен Ысык-Көлгө сүзүп кеттим, Ак кемеге барам, анда матрос атам бар!» – деп кыйкырмак.

*Ч. Айтматов*



**тосмо** – водное заграждение
**кубулуп** – превратиться
**маал-маалы менен** – временами; время от времени
**жар** – обрыв, крутой берег
**шаркыратма** – водопад
**ак көбүктүү шарга** – в белое пенистое течение
**куйругун чапкылап** – ударяя хвостом
**денеси** – его туловище
**шумдуктуу** – невероятное
**сүзүп кеттим** – я поплыл
**кыйкырмак** – закричал бы

? 1. Эмне үчүн бала балык болуп кубулуп кеткиси келди?
2. Бала кыялында кантмек?
3. Өзүнүн корумдары менен кантип коштошмок?
4. Бала балык болуп, суудан ыргып чыгып, таятасына эмне деп кыйкырмак?

**169.** Сүйлөмдөрдүн аягына тиешелүү тыныш белгилерин койгула.

1. Мен кантип балык болуп кубулуп кетсем... 2. Кошкула, мен Ак кемеге сүзүп барам, анда матрос атам бар... 3. Баланын таята, таенеси таң калып, жээкте карап турмак... 4. «Кайыр кош, Тоо-Ташым...»,– деп бала коштошмок... 5. Бирок, эч качан балык болуп сүзө албасыңды билдиң бекен...

**170.** Көп чекиттин ордуна текст алдындагы сөздөрдү пайдаланып, маанисине карай тууралап жазгыла.

1. Мен өзүмдүн ... балык болуп заматта ... кетем. 2. Бала балык болуп, ...-... суудан көрүнүп турмак. 3. Ал ... түбүнөн сүзүп өтмөк. 4. Бала ... жерлерден ыргып чыгып, ... ... кыйкырмак. 5. Башы бала, денеси балык, мындай ... ким көрүптүр? 6. «Кошкула, мен Ысык-Көлгө ... ...!»

1. Тексттин мазмуну боюнча маек түзүп, сөз айкаштарын таап талдагыла.

### § 49. Көнүгүүлөр – Упражнения

**171.** Көркөм окугула, сүйлөмдөрдүн түрлөрүн тексттин тутумунда талдагыла.

А к ы л б е к: – Болотбек, кулунум... Мени сагындыңбы?.. Мен да сени сагындым... куса болдум, кулунум... Болотбек, качан келип комузуңду колуңа аласың? Ушинтип эле илинип тура береби? Келсеңчи, келип ырдап берсеңчи... Ырыңды сагындым, күүңдү сагындым! Кыял-жоругуңду сагындым!

Б о л о т б е к: – Урушка кеткен жеке эле мен белем, ата?! Мага

окшогондордун далайы кетпеди беле. Кана, алардын канчасы кайра айлына кайтып барды? Сен өндөнүп уулун күткөн аталар аз эмес го...

А к ы л б е к: – Болотбек! Болотбек!.. Баары бир сен келесиң! Келүүгө тийишсиң! Күтөм сени! Мен өлбөй сени күтүп жүрө беремин!

*Б. Жакиев, «Атанын тагдыры»*

1. Уулун күткөн Акылбек атанын ички сезимин сүрөттөп бергиле.
2. Болотбектин кайраттуулугун сүрөттөгүлө.

**172.** Сүйлөмдөрдүн аягына тыныш белгилерин тууралап койгула.

1. Акылбек ата урушка кеткен уулун абдан сагынды... 2. Уулум, качан келип комузуңду колуңа аласың... 3. Уулум, кыял-жоругуңду сагындым... 4. Аталар чыдамсыздык менен уулдарын күтүүдө... 5. Урушка кеткен жеке эле мен белем, ата... 6. Алардын канчасы кайра айлына кайтып барды... 7. Мен сени өлбөй күтүп жүрө беремин... 8. Уулум, баары бир сен аман-эсен кайтып келесиң...

**173.** Суроолорго жооп бергиле жана сүйлөмдөрдү аныктагыла.

1. Акылбек ата кимди абдан сагынды?
2. Акылбек атанын уулу Болотбек кайда эле?
3. Урушка жеке эле Акылбек атанын уулу кеткенби?
4. Акылбек ата уулунун уруштан аман-эсен кайтып келээрине ишенеби?

**174.** Тынчтык жана жеңиш жөнүндө ураан жазгыла.
**175.** Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин таап, жай сүйлөм түзгүлө.

1. Уруш – 2. кыял-жорук – 3. күтүү – 4. уулу –

Сүйлөмдөрдүн түрлөрүнө карай диалог түзүп келгиле.

## § 50. Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү – Главные и второстепенные члены предложения

| | |
|---|---|
| Сүйлөм мүчөлөрү өз ара б а ш жана а й к ы н д о о ч мүчөлөрдөн турат. | Члены предложения делятся на г л а в н ы е и в т о р о с т е п е н н ы е. |
| Баш мүчөлөр сүйлөмдүн негизин түзүп, башка сүйлөм мүчөлөрүнө көз каранды болбойт. | Главные члены составляют грамматическую основу предложения и не зависят от других членов предложения. |



| | |
|---|---|
| Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү ээ менен баяндоочтон турат. | Главные члены предложения – подлежащее и сказуемое. |

М и с а л ы: *Р. Киплинг «Маугли» жомогун жазган.*

| | |
|---|---|
| Айкындооч мүчөлөр баш мүчөлөрдү аныктап, тактап, толуктап турат. Алар толуктооч, аныктооч, бышыктооч болуп ажыратылат. | Второстепенные члены предложения служат для пояснения, уточнения, дополнения главных членов. Второстепенные члены предложения состоят из дополнения, определения, обстоятельства. |

**176.** Текстти окугула да, тааныш эмес сөздөрдү которуп, сөздүккө жазгыла.

### МЕН ДАРЫГЕР БОЛГУМ КЕЛЕТ

Бүгүнкү күндө ар кандай кызыктуу кесиптер көп. Алардын ичинен мага дарыгерлик кесип абдан жагат. Ал абдан керектүү кесип. Анткени дарыгер адамдын ден соолугу үчүн күрөшөт. Бул кесипке ээ болуш үчүн өтө көп окуу керек. Дарыгерлик кесип адам өмүрүн сактоодо чоң жоопкерчиликти талап кылат. Менин атам менен апам дарыгер болуп ооруканада иштешет. Атам хирург, апам болсо балдар догдуру. Бош күндөрүмдө атам иштеген бейтапканага келип турамын. Анын аткарган дарыгерлик иштерине байкоо жүргүзөмүн. Атамдын негизги милдети – оорукчандарга хирургиялык операция жасоо. Операциядан кийин аларды дарылайт. Оорулууларга жылуу мамиле жасап, алардын ден соолугуна өзгөчө камкордук көрөт. Ушундай дарылоодон соң, алар тез арада айыгып кетсе, атам өзүн өтө бактылуу сезет. Эгерде үй-бүлөдө бирөөбүз ооруп калсак, атам менен апам медициналык тез жардам көрсөтүшөт. Алар ар убакта биздин ден соолугубузга жакшы камкордук көрүп турушат. Атам менен апам өз кесибин ардактап сүйүшөт. Алар адам өмүрүн сактап калуу аракетинде кызмат кылышат. Мен да келечекте атам менен апамдай дарыгер боломун.

**177.** Тексттин мазмунундагы **ким? эмне?** деген суроолорго жооп берүүчү сөздөрдү өзүнчө катарга, **эмне кылат? эмне кылып жатат? эмне болот?** деген суроолорго жооп берүүчү сөздөрдү өзүнчө катарга жазгыла да, аларды сүйлөмдүн кандай мүчөлөрү экенин тексттин контекстинде далилдегиле.

Ү л г ү: 1. Ким? – *дарыгер,* ...
2. Эмне? – *кесип,* ...

3. Эмне кылат? – *күрөшөт, ...*
4. Эмне кылышат? – *ооруканада иштешет, ...*
5. Эмне кылат? – *талап кылат, ...*
6. Эмне кыламын? – *келип турамын, ...*

**178.** Суроолорго жооп жазгыла жана сүйлөм мүчөлөрүн аныктагыла.

1. Кандай кесиптерди атай аласыңар?
2. Ата-энеңердин кесиби барбы?
3. Атаңдын кесиби сени кызыктырабы?
4. Ал эми апаңдын кесибичи?
5. Кимдин атасы менен апасы дарыгер болуп иштейт?
6. Адамдын ден соолугу, өмүрү үчүн ким күрөшөт?
7. Оорулууларга медициналык тез жардамды кимдер көрсөтөт?
8. Оорулуулар кандай мамилеге муктаж?
9. Ким дарыгерлик кесипти сүйөт?

**179.** Төмөнкү медициналык терминдердин түшүндүрмөсүнө көңүлүңөрдү бургула жана аларды пайдаланып сүйлөм түзүп, дептериңерге жазгыла.

1) пациент – дарыгердин кабыл алуусуна ооруп келген адам;
2) рецепт – оорукчандын диагнозуна жараша жазылып берилген дары-дармектин тизмеси, дозасы жана ичүү убактысы;
3) диагноз – оорунун аталышы (мис., бронхит, гепатит ж. б.);
4) градусник – дененин температурасын өлчөгүч;
5) операция – дененин ооруган жерин союу;
6) хирургия – операция жасоочу оорукана бөлүмү;
7) рентген – ички органдарды көрүүчү медициналык аппарат;
8) артериялык давление – кан басымы;

«Мен дарыгер болгум келет» – аттуу тексттин негизинде дарыгерлик кесип жөнүндө өз оюңарды айтып бергиле. Андагы сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла.

## § 51. Сүйлөмдүн ээси – Главный член предложения – подлежащее

Э с к е  т ү ш ү р г ү л ө: – В с п о м н и т е:

Э э – сүйлөмдүн баш мүчөсү, мааниси жана грамматикалык жактан баяндооч менен байланышып турат.

Подлежащее – главный член предложения, который по смыслу и грамматически связан со сказуемым.



Ээ атооч жөндөмөсүнүн *ким? кимдер? эмне? эмнелер?* деген суроолоруна жооп берет.

Подлежащее отвечает на вопрос именительного падежа *кто? что?*

М и с а л ы: ***В. А. Моцарт** симфония, серенада жана ырларды жазган. Ким симфония, серенада жана ырларды жазган?* – ***В. А. Моцарт.***

Самолёт учту.
Эмне учту? – Самолёт.

**180.** Текстти окугула да, анын алдындагы берилген жаңы сөздөрдү сөздүккө көчүргүлө. Сүйлөм ээлерин тапкыла.

### «МАНАС» ЭПОСУ

«Манас» – кыргыз элинин баатырдык эпосу. Эпосто Манас баатырдын биримдик, достук, ынтымак жана тынчтык үчүн жүргүзгөн күрөшү баяндалат. Анда кыргыз элинин каада-салты, үрп-адаты, тарыхы жана баатырдык турмушу кеңири чагылдырылган. Улуу эпосубуз – эне тилибиздин алтын казынасы. Кыргыз тилинин сан жеткис сөз байлыгы да ушул дастанда. Эпос «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүнөн турат. Көлөмү боюнча ага теңдеш дастан жок. «Манас» эпосу дүйнө элдеринин тилдерине



да которулган. «Манастын» көп варианттары жана аткаруучулары бар. Алар манасчылар деп аталат. Эпосто Бакай ата, Кошой балбан, чебер уз Каныкей апа, чоролор: Алмамбет, Чубак, Сыргак жана башка каармандардын ак ниеттик, акылмандык, калыстык жана сарамжалдуулук сапаттары даңазаланат. Ал эми Коңурбай, Жолой, Абыке, Көбөш сыяктуу терс каармандардын канкордугу, арамдыгы, чыккынчылыгы, эки жүздүүлүгү да берилет.

Кылымдар бою көз карандысыздык, эркиндик үчүн кыргыз элинин жүргүзгөн күрөштөрүн ушул дастандан окуп билебиз.

**биримдик** – единство
**каада-салт** – обычай
**үрп-адат** – традиция
**дастан** – героическое сказание
**теңдеш** – равный
**ак ниет** – честный, чистосердечный
**сарамжал** – заботливый
**арам** – нечистый
**эки жүздүү** – двуличный
**көз карандысыз** – независимый
**бөлүмдөр** – части
**алтын казына** – золотые сокровища
**сан жеткис сөз байлыгы** – неисчисляемый словарный запас
**калыс** – справедливый
**канкор** – жестокий
**чыккынчы** – предатель
**кылымдар бою** – на протяжении веков
**эркиндик үчүн** – за свободу

? 1) Кыргыз элинин баатырдык эпосу кандай аталат?
2) Бул дастанда ким жөнүндө баяндалат?
3) Улуу эпос кандай казына?
4) Эпос канча бөлүмдөн турат?
5) Эпос жөнүндө дагы кандай маалыматтарды билесиңер?

**181.** Төмөнкү сөздөрдү байланыштырып сүйлөмдөрдү түзүп, суроо берүү менен сүйлөмдүн ээсин тапкыла (жазуу түрүндө).

1. Кыргыз эли, сыймыктанат, менен, «Манас» эпосу. 2. Манас ата, каарман, эпостогу, эң башкы, болуп эсептелет. 3. Биздин окуучулар, анын, жети осуятын, мазмунунан алынган, билишет. 4. Улуу манасчылар, өздөштүргөн, өнөрүн, «Манас» айтуу, абдан жакшы. 5. «Манас» эпосуна, кызыгышат, бардыгы, өтө.

**182.** Сүйлөмдөрдү маанисине карата толуктагыла жана сүйлөмдөрдүн ээсин суроо берүү аркылуу тапкыла.

1. ... бүткүл өмүрүн Ата Мекенин коргоого арнаган.
а) баатыр в) Манас ата
б) акылман г) Жакып бай

2. Атактуу манасчы ... ... Ысык-Көл аймагындагы Ак-Өлөң айылында туулган.



а) Сагымбай Орозбаков в) Тыныбек Жапы уулу
б) Уркаш Мамбеталиев г) Саякбай Каралаев

3. Белгилүү сүрөтчү ... «Манас» эпосу боюнча графикалык сүрөттөрдү тарткан.
а) Пикассо в) Г. Айтиев
б) Т. Т. Герцен г) Л. А. Ильина

4. «Манас» эпосунда баатырдык, калыстык жана патриоттук сыяктуу баалуу ... даңазаланат.
а) мамилелер в) сапаттар
б) мурастар г) мүнөздөр

5. Катагандын хан ... балбандыгы менен ай-ааламга атагы чыккан.
а) Бакай ата в) Акбалта
б) Кошой г) Алооке хан

1. Сабакта өтүлгөн жаңы сөздөр менен сүйлөм түзгүлө да, алардын баш мүчөлөрүн аныктагыла.
2. «Манас» эпосу боюнча текст түзүп, кыскача баяндап бергиле.
3. Грамматикалык эрежени жаттагыла.

## § 52. Ээнин курамына карай бөлүнүшү – Классификация подлежащего по составу

▶ Эске түшүргүлө: – Вспомните:

Кыргыз тилинде ээ өзүнүн курамына карай жөнөкөй ээ жана тутумдаш ээ болуп бөлүнөт.

Жөнөкөй ээ аткарган кызматы боюнча башка сөздөр менен тутумдашпаган жөнөкөй же татаал сөздөрдөн турат.

Подлежащее в кыргызском языке делится по своему составу на простое и составное.

Простое подлежащее состоит из простых или сложных слов, не являющихся неразложимым по функции словосочетанием.

Мисалы: *Ибн Сина он жашында алгебра, геометрия жана философияны да өздөштүргөн.*

*Жылдыздар көлөмү боюнча бири-биринен абдан айырмаланышат.*

Тутумдаш ээ аткарган кызматы боюнча эки же андан ашык сөздөрдүн ажырагыс тизмегинен турат.

Составное подлежащее состоит из неразложимых по функции сочетаний двух или более слов.

М и с а л ы: *Кыргыз тили биздин улуттук тилибиз болуп эсептелет.*

*Билим алуу ийне менен кудук казгандай.*

**183.** Жөнөкөй жана тутумдаш ээлүү сүйлөмдөрдү өз-өзүнчө бөлүп, көчүрүп жазгыла.

| | |
|---|---|
| 1. Адам ойго тойбойт, бөрү койго тойбойт. | – Человек мыслью не насытится, а волк-овцами. |
| 2. Калп – ырыс кесет. | – Ложь счастье отсекает; Ложь к добру не приведёт. |
| 3. Кыңыр иш – кырк жылдан кийин билинет. | – Дурное дело и через сорок лет обнаруживается. |
| 4. Кылыч жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт. | – Рана, нанесённая мечом, заживает, рана, нанесённая языком, не заживает. |
| 5. Күн караган – суукка тоңот, бай караган – ачтан өлөт. | – Кто на солнце надеется, тот замёрзнет, кто на бая надеется, тот с голоду умрёт. |
| 6. Озунган утат. | – Кто старается, тот добивается. |

**184.** Берилген сүйлөмдөрдү жөнөкөй жана тутумдаш ээлер менен толуктап дептериңерге жазгыла.

1. Жыл мезгилине жараша ... өзгөрүп турат. 2. ... асыл тукумдуу уйлары менен дүйнөгө атагы чыккан. 3. ... тазалыктын, назиктиктин символу катары даңазаланат. 4. ... «Илиада» жана «Одиссея» поэмасын чыгарган. 5. ... майдын алгачкы күндөрүндө, жаңгак менен талдан кийин гүлдөйт. 6. ... бардык эле элдерде 1-январдан башталбайт. 7. ... саатына 50 километрге чейинки ылдамдыкта сүзүшөт.

П а й д а л а н ы л у у ч у  с ө з д ө р: *Ак кайың, дельфиндер, Гомер, Ак куу, аба ырайы, Австрия, Жаңы жыл.*

**185.** Диалогду эки-экиден окугула да, андагы сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла.

## МЕКТЕПТИН КИТЕПКАНАСЫНДА

В л а д и к: – Саламатсыңбы, Каныкей?

К а н ы к е й: – Саламатсыңбы? Сен экзамендерге кандай даярданып жатасың?



В л а д и к: – Мен китепканага кыргыз тилинен экзамендик дилбаяндарды жазууга келдим.

К а н ы к е й: – Албетте, кыргыз тили жана адабияты мугалимибиз сабакта дилбаяндардын темаларын жаздырган.

В л а д и к: – Менин ишим оңунан чыкты. Сага жолукканыма кубанычтамын. Кана эмесе, ишке киришели!

К а н ы к е й: – Бизге керек адабияттардын бардыгы бул китепканада бар экен. Аларды бир сыйра карап чыгалы да, дилбаян жаза баштайлы.

В л а д и к: – Мен макулмун!

**186.** Текстти окугула. Тексттеги сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла.

## КЫРГЫЗ УЛУТТУК КИТЕПКАНАСЫ

Бишкектеги эң чоң китепкана – Кыргыз улуттук китепканасы. Анын окуу залдары жарык, кенен жана таза. Китепканада керектүү илимий жана адабий окуу китептеринин бардыгы бар. Алар кыргыз, орус, англис, француз, немец, кытай жана башка тилдерде жазылган. Китептер абдан көп болгондуктан, алардын арасынан керектүүнү табыш керек. Бул учурда каталогдун жардамы менен изделет. Кыргыз улуттук китепкана эч убакта бош болбойт. Ага илимий кызматкерлер, окумуштуулар, аспиранттар, студенттер, окуучулар келишет. Алар керектүү окуу китептеринен каалагандай даярданышат. Китепканада ар бир илимдин тармагы боюнча өзүнчө бөлүмдөр иштейт. Илимий, көркөм, тарыхый, чет элдик адабият жана искусство боюнча да атайы окуу залдары бар. Анда окуп, билимдерди тереңдетүүгө зарыл шарттар түзүлгөн. Мугалимдер жана окуучулар да бош убактыларында китепканага барып турушат. Алар китеп окуу жана гезит-журналдардын жаңы сандары менен таанышуу үчүн китепканага келишет. Бардыгыбыз Кыргыз улуттук китепканасы менен абдан сыймыктанабыз.

**керектүү** – нужный
**илимий жана адабий китептер** – научные и литературные книги
**илимий кызматкер** – научный сотрудник
**окумуштуу** – учёный
**окуу материалдары** – учебные материалы
**ар бир тармагы** – каждая отрасль

1. Жогорку сөздөрдү пайдаланып, сүйлөмдөрдү толуктагыла, баш мүчөлөрдүн астын сызгыла.

1. ... ... диссертациялык эмгегин коргоого даярданып жатат. 2. Студенттер ... ... улуттук китепканадан алышат. 3. ... илимий

изилдөө жүргүзүп жатат. 4. Алар ... ... шаардык китепканадан табышат. 5. Аспиранттар ... илимий адабияттарды пайдаланышат. 6. Кыргыз улуттук китепканада илимдин ... ... боюнча бөлүмдөр бар.

2. Эки-экиден маектешүүгө даярданып келгиле.

## § 53. Ээнин милдетин аткаруучу сөздөр – Способы выражения подлежащего

Кыргыз тилинде ээнин милдетин төмөнкүлөр аткарат:

а) жекелик жана көптүк сандагы атооч жөндөмөсүндөгү зат атоочтор:

Подлежащее в кыргызском языке выражается:

а) существительным в именительном падеже в единственном и множественном числе:

М и с а л ы: ***Мугалим*** *(ким?) класска кирди.* ***Сабак*** *(эмне?) башталды.*

***Окумуштуулар*** *(кимдер?) бизди илимий жаңылыктар менен тааныштырышты. Ысык-Көлдүн жээгине көптөгөн* ***эс алуу жайлары*** *(эмнелер) жайгашкан.*

б) жекелик жана көптүк сандагы атооч жөндөмөсүндөгү ат атоочтор:

б) местоимением в именительном падеже в единственном и множественном числе:

М и с а л ы: ***Мен*** *(ким?) дилбаян жазып жатамын.* ***Биз*** *(ким?) жетинчи класста окуйбуз.*

***Ал*** *(эмне?) шаардын борборунда жайгашкан.*

***Алар*** *(эмнелер) жылуу жактарга карай учуп кетишти.*

***Бул*** *(кайсы) – Т. Атаев атындагы орто мектеп.*

в) жекелик жана көптүк сандагы атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч маанисиндеги башка сөз түркүмдөрү:

в) другими частями речи в значении существительного в именительном падеже в единственном и множественном числе:

М и с а л ы: ***Билимдүү*** *(ким?) эмгегине ишенет, билимсиз (ким?) түшүнө ишенет.*

***Экөө*** *(канчоо) республикалык олимпиадага катышат.*

***Карап тургандар*** *(кимдер) балдарга жардамдаша баштышты.*



**187.** Текстти окугула да, сүйлөмдөрдүн ээсин тапкыла.

### МЕНИН СҮЙГӨН КИТЕБИМ

Мен көркөм адабий китептерди окуганды абдан жакшы көрөм. Айрыкча Ч. Айтматовдун чыгармаларын кызыгып окуймун. Жазуучу роман, повесттеринде керемет легендаларды, уламыштарды, жомокторду жана мифтерди жараткан. Алардын философиялык мазмуну мени кызыктырат. «Ак кеме» повестиндеги «Мүйүздүү Бугу Эне» жөнүндөгү жомогунда Баланын ыйык ишеними мени ойлонтот. Кыргызды кыргындан сактап калган Сыйкырдуу Бугу Энеге кол салуу – өз энесине кол салуу менен барабар. Ыйык Бугу Энени сактап кала албаган Бала өзүнүн «Ак кемесин» издеп, балык болуп сүзүп кетет. Мен Баланын ички таза дүйнөсүндөгү өз идеалына карай багыт алгандыгын билдим.

Жазуучу өзүнүн балалыгы туш келген согуш күндөрүн «Эрте жаздагы турналар» повестинде чагылдырган. Анда «Аксай десанттары»: Султанмурат, Анатай, Эргеш жана башкалардын оор күндөрдөгү эмгектери баяндалган. Алардын балалык таттуу кыялдарына, Султанмурат менен Мырзагүлдүн аруу сезимдерине мен таасирлендим. «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повести Охот деңизинин жээгиндеги нивх элинин турмушунан алынып жазылган.

Мен Ч. Айтматовдун чыгармаларын окууну уланта беремин. Менин китеп текчемде анын «Жамийла», «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Гүлсарат», «Делбирим», «Тоолор кулаганда» аттуу китептери бар. Бул чыгармалар менин жан дүйнөмдү байытаарына көзүм жетет. Андагы окуялар бакыт жана кайгы, өмүр жана өлүм, жакшылык жана жамандык тууралуу ой жүгүртүүгө үйрөтөөрүн билемин.

1. Төмөнкү сөздүн тушуна орусчасын жазгыла.

**керемет –**
**ыйык ишеним –**
**кыргындан сактоо –**
**таза дүйнө –**
**багыт алуу –**
**таттуу кыялдар –**
**аруу сезим –**
**таасирленүү –**

**камкордук көрүү –**
**«Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» –**
**Улуу Туман –**
**Улуу Деңиз –**
**«Кыямат» –**
**«Кылым карытар бир күн» –**
**жан дүйнөнү байытуу –**
**«Тоолор кулаганда» –**

**188.** Сүйлөмдөрдү тексттин мазмунуна карата толуктагыла жана сүйлөмдөрдүн ээсин тапкыла.

1. ... чыгармаларында элдик легендаларды, жомокторду жана мифтерди пайдаланып жазган. 2. ... өзүнүн символу «Ак кемесине» карай сүзүп кетет. 3. ... «Эрте келген турналар» повестиндеги Султанмурат менен Мырзагүлдүн аруу сезимдерине таасирлендим. 4. ... ... ... өз өмүрүн Кирисктин аман калышына арнашкан. 5. Жазуучунун ... окурмандардын жан дүйнөсүн байытат. 6. Анын чыгармаларындагы ... адамдарды ар тараптуу ой жүгүртүүгө багыт берет.

**189.** Сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүн таап, кайсы сөз түркүмү ээнин милдетин аткарып жаткандыгын эрежеге ылайык аныктагыла.

1. Мен Ч. Айтматовдун кызыктуу чыгармаларын окуп жатамын. 2. Ал бизге үлгү, акылман, эмгекчил каармандарды жараткан. 3. Биз чыгармалардын мазмуну аркылуу адам сапаттарын талдайбыз. 4. Чыгармалардагы каармандар дүйнөнү өзгөртсө, дүйнө каармандарды өзгөртөт. 5. Окурмандар идеалдуу каармандарды өз жашоосунда өрнөк кылышат. 6. Ч. Айтматов сөздүн керемет күчү менен окуя, көрүнүштөрдү баяндайт.

Текст түзүп, айтып берүү.

1. Сенин сүйгөн китебиң жөнүндө.
2. Чыгармадагы негизги ой, окуя жана көрүнүштөр.
3. Сага үлгү, өрнөк болгон каармандардын сүрөттөлүшү.
4. Адамдык сапаттардын даңазаланышы.
5. Чыгарманын таалим-тарбиялык идеясы эмнеде?

## § 54. Көнүгүү, сөз өстүрүү – Упражнения и развитие речи

**190.** Төмөнкү ыр саптарындагы Манас атанын сын-сыпатына, мүнөзүнө, касиетине карата берилген классикалык портретти кыргызча, орусча көркөм окуп салыштыргыла, тилиңерди жатыктыргыла.

### МАНАС АТАНЫН СҮРӨТТӨЛҮШҮ:

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,

Словно из сплава,
золота и серебра он слит.
Словно сделан он
из опоры земли и неба.
Словно он сотворен



Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай, күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй.

из солнца и луны.
Земля его держит потому,
что она плотная.

Он словно сотворен из
прохлады небесных облаков.
Он словно создан
из лучей солнца и луны,
что на небесах.

? а) Манас атанын сын-сыпаты кандай сүрөттөлгөн?
б) Манас атанын мүнөзү кандай берилген?
в) Манас атанын сапат-касиети кандай көркөмдөлгөн?

**191.** Сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна маанисине жараша тиешелүү сөздөрдү жазгыла (мүнөзү, баатыр, Манас ата, сапат-касиети, күчү). Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла.

1. ... кыргыздын Асман менен Жердин тирөөсүндөй баатыры болгон. 2. Манас атанын ... асмандагы Айдай, Күндөй жаркылдап турган. 3. Анын ... көктөгү Күндүн, Айдын нуруна салыштырылган. 4. Манас атанын баатырдык ... дайранын чоң толкунундай болгон. 5. Манас атабыз алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй ... болуп сүрөттөлөт.



**192.** Текстти окуп кыргызчага которгула.

### ВРЕМЕНА ГОДА И ПОГОДА

Каждый знает, что в году четыре времена года: весна, лето, осень и зима. Каждое из них длится три месяца. Весна начинается в марте особенным весенним запахом свежего воздуха. Весной часто идут дожди, особенно в апреле. Апрельские ливни приносят майские цветы.

Лето – самое жаркое время года. Летом небо ясное и безоблачное. Дни долгие, а ночи короткие и темные. Лето дарит людям фрукты и овощи. Приятно провести это время у моря или где-нибудь за городом.

Осенние месяцы – сентябрь, октябрь и ноябрь. Дни становятся короче, солнце теряет свою силу. Часто идёт дождь. Это время сбора урожая.

Зима также длится три месяца: декабрь, январь и февраль. Становится холоднее день ото дня. Редко светит солнце и часто идёт снег. Итак, у каждого времени года есть свои прекрасные стороны. Поэтому мы должны радоваться любой погоде.

**193.** Берилген суроолордун жообун жазып, сүйлөмдөгү ээнин астын сызгыла.

1. Бир жылда кандай жыл мезгилдери бар? 2. Жаз мезгили качан башталат? 3. Жазында аба ырайы кандай болот? 4. Сен жай мезгилинде кандай эс аласың? 5. Жайында Ысык-Көлгө барып эс аласыңбы? 6. Жер-жемиштер, жашылчалар качан бышып жетилет? 7. Күз мезгилинде түшүм жыйноодо ата-энеңе жардам бересиңби? 8. Кыш мезгилинде жаратылыш кандай болуп өзгөрөт? 9. Сен кайсы жыл мезгилин айрыкча жактырасың?

Сага кайсы жыл мезгили жагат? Маек түзүп келгиле.

## § 55. Көнүгүү, машыгуу иштери – Приобретение навыков

**194.** Текстти окуп, сөз айкаштарын тапкыла.

### ГЛОБАЛДЫК ТОО САММИТИ

Биздин республикада тоо чоң мааниге ээ. Тоолор – биздин өлкөнүн өнүгүү ресурстарынын бири болуп саналат. Учурда тоо аймагында жашоонун деңгээли төмөн. Тоо аймагынын жашоочулары үчүн тиешелүү шарттар жетишсиз. Мындай кырдаал адамзаттын өсүп-өнүгүү сферасында чоң жолтоо болот. Адамзаттын өнүгүү этабы анын ден соолугуна, билимине жана жашоосуна жараша болот. Ушуга байланыштуу «2002-Эл аралык Тоо жылы» деп жарыяланган. Бишкекте глобалдык тоо саммити өткөрүлгөн. Тоо саммитине чет элдик өкүлдөр да катышкан. Бул сферадагы катаал маселелер каралган. Негизги үч муктаждык: чың ден соолук, билим алуу, жетиштүү кирешеге ээ болуу аныкталган. Булар татыктуу өмүр сүрүүгө абдан керек.



**глобалдык тоо саммити** – глобальный горный саммит
**тоодогу жашоонун деңгээли** – уровень жизни в горах
**тоо жашоочулары үчүн тиешелүү шарттар жетишсиз** – для жителей гор недоступны многие блага
**адамзаттын өсүп-өнүгүү сферасында** – в сфере человеческого развития
**«2002-Эл аралык Тоо жылы»** – «2002-Международный год гор»
**чет элдик өкүлдөр** – иностранные представители
**жетиштүү кирешеге ээ болуу** – иметь доступ к ресурсам

**195.** Жогорку сөз айкаштарын пайдаланып, сүйлөмдөрдү толуктагыла жана сүйлөмдүн ээлерин тапкыла.

1. Бүгүнкү күндөгү ... .... ... төмөн экендиги айкындалды. 2. Тоо жашоочулары үчүн тиешелүү ... жетишпейт. 3. ... ... ... 2002-жылы Бишкекте өткөрүлдү. 4. ... ... ... да тоо саммитине катышты. 5. Негизги максат ... .... ээ болуу. 6. Адамзаттын өсүп-өнүгүү ... анын жашоо шарттарына жараша болот.

**196.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, ээнин милдетин аткарган зат атоочторду жана ат атоочторду тапкыла.

1. Мен Ата Мекенимдин бактылуу адамымын. 2. Элдияр быйыл Бишкектеги Кыргыз-Славян университетин аяктады. 3. Глобалдык тоо саммити негизги маселелерди чечти. 4. Арча токою Кыргызстанда 316,7 миң гектар аянтты ээлейт. 5. Күмүш электр тогун абдан жакшы өткөрөт. 6. Алар дүйнөнүн «Жети керемети» жөнүндө мазмундуу маалымат алышты. 7. Биз атактуу атуулдарыбыз менен сыймыктанабыз.

**197.** Төмөнкү сөз айкаштарын сүйлөмдүн татаал ээси катары катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Ак шумкар, кимдир бирөө, окуу жайы, Ата Мекен, ар бири, көркөм искусство.

Кыргызстандын кандай тоолорун билесиң? Аңгеме түзүп, жазып келгиле.

## § 56. Көнүгүүлөр – Упражнения

**198.** Диалогду экиден окугула, андагы маалыматтарды эсиңерге тутуп алгыла.

Б а к ы т: – Саламатсыңбы, Мирбек? Үйгө тоолор жөнүндө текст түзүп келүү тапшырылган. Сен Жер жүзүндөгү бийик тоолорду билесиңби?

М и р б е к: – Мен Гималай, Памир, Анд, Кавказ тоолорун билемин. Эң бийик тоо – Гималай болуп эсептелет. Анда дүйнөдөгү эң бийик чоку – Жомолунгма жайгашкан. Анын бийиктиги деңиз деңгээлинен 8848 метр. Бул бийик чокуга альпинисттер чыккан-бы, сен билесиңби?

Б а к ы т: – 1953-жылы гана непалдык Тенцинг менен жаңы зеландиялык Хиллари биринчи жолу чыгышкан. Гималайда бийиктиги 8000 метрден ашкан дагы 10 чоку бар. Алардын көбүнө альпинисттер чыгышкан. Сен эң узун тоо тизмеги жөнүндө айтып бере аласыңбы?

М и р б е к: – Жер жүзүндөгү эң узун тоо тизмеги Түштүк Америкадагы Анд тоолору. Ал түндүктөн түштүктү карай 9000 километрге созулат. Кавказ тоолорунун эң бийик чокулары кайсы?

Б а к ы т: – Эльбурс жана Казбек. Кыргызстан да тоолуу өлкөбү?

М и р б е к: – Албетте, алар Кан-Теңир Тоо, Какшаал-Тоо, Теңир-Тоо, Кыргыз Ала-Тоосу, Күнгөй Ала-Тоо, Тескей Ала-Тоо, Сары-Жаз кырка тоосу жана башкалар. Сен биздин өлкөдөгү эң бийик чокуну атачы?

Б а к ы т: – Жаңылбасам, Теңир-Тоодогу Жеңиш чокусу. Анын бийиктиги деңиз деңгээлинен 7439 метр.

М и р б е к: – Ооба, туура айтасың, ал дүйнөдөгү эң бийик тоолордун катарына кирет. Эми бул маалыматтар боюнча биз мазмундуу текст түзөбүз.

**199.** Жогорудагы диалогдун мазмунунан **ким? кимдер? эмне? эмнелер?** – деген суроолорго жооп берүүчү зат жана ат атоочторду көчүрүп жазгыла. Алар сүйлөмдө кандай кызмат аткарып жаткандыгын түшүндүрүп бергиле.

**200.** Текстти окугула. Сүйлөмдөрдөгү баш мүчөлөрдү тапкыла.

### КОШОЙДУН КАРА-ТООСУ

Кошойдун Кара-Тоосу Ала-Тоо түзүмүндөгү тоо. Нарын жана Ат-Башы өрөөнүнүн ортосунда, Нарын тоо тизмегине кирет. Узундугу 27 километр, орточо бийиктиги 3530 метр, эң бийик жери 4066 метр – Кошойдун чокусу деп аталат. Бул тоо «Манас» эпосундагы каарман Катагандын Кан Кошоюнун кароолу болгон. Кара-Тоонун чокусундагы Манастын ордосунда туруп Кошой баатырдын: «Балдар атка чөп салып койгула, малды сугаргыла, чыгаргыла» – дегени угулуп турчу экен.

? 1. Ала-Тоо түзүмүндөгү тоо кандай аталат?
2. Анын узундугу жана бийиктиги канча?



3. Эң бийик жери канча жана ал кимдин чокусу деп аталат?
4. Катагандын Кан Кошою деген ким болгон?
5. Кошой баатырдын буйругу кантип угулуп турчу экен?

1. Текст боюнча суроолор аркылуу маектешкиле жана өзүңөр жашаган аймактагы тоолор жөнүндө байланыштырып айтып бергиле.

## § 57. Текст менен иштөө – Работа с текстом

**201.** Текстти окугула, сүйлөмдөрдөгү баш мүчөлөрдү тапкыла.

### МЕНИН ЫСЫК-КӨЛГӨ САЯКАТЫМ



Кыргыз жеринин жаратылышы абдан кооз. Мына ушул кооз жергебиздин бермети – Ысык-Көл болуп саналат. Ысык-Көл Тескей жана Күнгөй Ала-Тоолорунун ортосунда созулуп жатат. Жагымдуу климаты, өзгөчө жаратылышы менен Ысык-Көл курорттук зонага айланган.

Мен жайында ата-энем менен бирге Ысык-Көлгө эс алуу үчүн бардым. Биз Чолпон-Ата шаарындагы «Ала-Тоо» пансионатына токтодук. Эс алуу үйү көл жээгинде жайгашкан. Ал жерде эс алуучулар үчүн зарыл шарттар түзүлгөн экен. Бөлмөлөрү таза, жарык жана ыңгайлуу. Пансионаттын ичи жашылдандырылып, түркүн кооз гүлдөр өстүрүлгөн. Эс алуучулардын көңүлдөрү куунак. Бардыгыбыз абанын тазалыгына, көлдүн кооздугуна, тунуктугуна суктанабыз. Күндүзү көлгө түшүп, күнгө күйөбүз. Балдар менен жарышып, көлдө чабак урабыз. Алар менен топ ойнойбуз, кайыкта сүзөбүз. Кечки тамактануудан кийин таза абага сейилге чыгабыз. Андан кийин машыктыруучу залга барып машыгабыз. Телевизор көрөмүн, кызыктуу китеп окуймун. Бир күнү саякатчылардын тобу менен Ысык-Көлдү айланып келдик. Көлдүн айланасындагы Каракол, Балыкчы, Чолпон-Ата шаарларын жана айылдарын басып өттүк. Тарыхый-археологиялык эстеликтер менен музейлерди көрдүк. «Жыргалаң», «Жети-Өгүз», «Тамга» сыяктуу курорт, санаторийлерди жана башка дем

алуу үйлөрдү, туристтик базаларды көрдүк. Көл жээгинде өскөн чычырканак, ит мурун, бөрү карагат, чие, чекенде бадалдарын да көрдүк. Мамлекеттик корукка алынган көл аймагында ак куу, өрдөк, боз каз жана башка куштар мекендейт экен. Ошондой эле жээгинде кыргоол, коён, ондатра жана башкалар көбөйгөн. Ал эми балыктын өстүрүлүп жаткан жыйырма эки түрүн: көк чаар, чабак, форель жана башкаларды билдик. Көл жээгине дарактар, жемиш бактары өстүрүлүп, жашылдандыруу башталганына биз кубандык. Ысык-Көлдүн табиятына, өсүмдүктөрү менен айбанаттар дүйнөсүнө суктанып кайттык.

Текстке тиешелүү жаңы сөздөрдү которуп, сөздүккө көчүрүп жазгыла.

**суктануу** –  
**тунук** –  
**сейилге чыгуу** –  
**мамлекеттик корук** –  
**өсүмдүктөр дүйнөсү** –  
**айбанаттар дүйнөсү** –

1. Тексттин мазмунуна карата суроолорду түзгүлө.
2. Текст боюнча төмөнкүлөрдү атагыла:

1) Ысык-Көл аймагындагы шаарлар жана райондор;
2) Ысык-Көлдүн жээгиндеги курорт, санаторийлер, туристтик базалар, дем алуу үйлөрү;
3) Ысык-Көлдүн жээгиндеги бадалдар, өсүмдүктөр;
4) Мамлекеттик коруктагы куштар, жапайы айбанаттар;

**202.** Жогорудагы текст аркылуу сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1. Кыргызстандын бермети – ... болуп саналат. 2. ... жагымдуу климаты менен курорттук зонага айланган. 3. ... Чолпон-Ата шаарындагы дем алуу үйүнө келип жеттик. 4. Пансионаттын ичи абдан кооз ... . 5. Ысык-Көлдүн жээгинде ... ... ... жана башкалар өсөт. 6. ... Ысык-Көлдүн кооз табиятына суктанышты. 7. ... Күнгөй, Тескей Ала-Тоосунун ортосунда чалкып жатат.

«Менин саякатым» – аттуу монолог түзүп келгиле.

## § 58. Өтүлгөн материалдарды жыйынтыктоо үчүн тесттик тапшырмалар – Тестовые задания для подведения итогов пройденного материала

I. Жөнөкөй ээнин милдетин аткаруучу сөздөрдү белгилегиле:

1. Билим – ийне менен кудук казгандай.
2. Жетөө күзгү сыноого калышты.
3. Жаман – өз камын ойлойт, жакшы – эл камын ойлойт.
4. Мен Ысык-Көлгө саякатка барамын.



II. Сүйлөмдөрдөгү тутумдаш ээлердин астын сызгыла:

1. Мамыры гүлү апакай же саргыч түстө болот.
2. Абдылас Малдыбаев биринчи жолу «Манас» операсына музыка жазган.
3. Нерв системасы организмдин бардык бөлүктөрүн башкарат.
4. Тынч океан дүйнөлүк океандын дээрлик жарымын ээлейт.
5. Ормон хан кыргыздардын өз алдынчалыгы үчүн күрөшкөн.
6. Улуу Британия мамлекети Атлантика океанындагы аралдарда жайгашкан.

III. Туура вариантты белгилегиле:

1. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү кайсылар?
   а) бышыктооч, аныктооч
   б) толуктооч, кыймыл атооч
   в) ээ, баяндооч
2. Сүйлөмдүн ээси кандай суроолорго жооп берет?
   а) ким? эмне?
   б) кандай? кайсы?
   в) эмне кылды? эмне кылып жатат?
3. Ээ сүйлөмдүн кайсы мүчөсү менен байланышып турат?
   а) толуктооч
   б) баяндооч
   в) бышыктооч
4. Ээ курамына карай кандай болуп бөлүнөт?
   а) бир өңчөй
   б) түгөйлүү
   в) жөнөкөй, тутумдаш
5. Ээлик милдетти кандай сөздөр аткарат?
   а) тууранды сөздөр
   б) зат, ат, сан, сын, кыймыл атооч сөздөр
   в) кызматчы сөздөр
6. Ысык-Көл кышында тоңбойт.
   Сүйлөмдөгү ээлик милдетти кайсы сөз түркүмү аткарып жатат?
   а) зат атооч
   б) ат атооч
   в) сан атооч
7. Экөөбүз семинарга бирге бардык.
   Сүйлөмдөгү ээлик милдетти кайсы сөз түркүмү аткарып жатат?
   а) сын атооч

б) сан атооч
в) зат атооч

8. Кыпкызылы сатылып алынды.
Сүйлөмдөгү ээлик милдетти кайсы сөз түркүмү аткарып жатат?
а) ат атооч
б) зат атооч
в) сын атооч

9. Биз спорттук мелдеште биринчиликти алдык.
Сүйлөмдөгү ээлик милдетти кайсы сөз түркүмү аткарып жатат?
а) сан атооч
б) ат атооч
в) сын атооч

10. Жөнөкөй ээ катышкан сүйлөмдү белгилегиле:
а) Аба ырайы бузулду.
б) М. Ю. Лермонтов 1814-жылы Москвада туулган.
в) Дилбаян сабаттуу жазылган.

11. Тутумдаш ээ катышкан сүйлөмдү белгилегиле:
а) Мона Лиза пейзаждын фонунда тартылган.
б) Пилдер Африкада жашайт.
в) Жамгыр кечке төктү.

12. Берилген жөнөкөй жана татаал ээлик милдетти аткаруучу сөздөрдү маанисине жараша коюп, сүйлөмдөрдү толуктагыла:

1. ... 17 жашында аскердик ишин баштаган.
2. Касиеттүү ... адамдарды дарылап айыктырган.
3. Жер астынан гана эмес, туздуу көлдөрдүн түбүнөн да ... алынат.
4. ... тамак сиңирүүнү жакшыртат.
5. ... айтылышы уйкаш, үндөш сөздөрдөн ыр сыяктанып куралат.
6. Улуу ... Кыргызстандын маанилүү бөлүгүн түзүп турган.

П а й д а л а н ы л у у ч у  с ө з д ө р: Жибек жолу, туз, жаңылмач, Александр Васильевич Суворов, кымыз, Умай Эне.

## § 59. Сүйлөмдүн баяндоочу – Сказуемое

| | |
|---|---|
| Б а я н д о о ч – ээнин кыймыл-аракетин, абалын, билдирүүчү сүйлөмдүн баш мүчөсү. | С к а з у е м о е – главный член предложения, который называет действие, состояние или признак подлежащего. |



Баяндооч *эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат? эмне болду? канттн? ким? эмне? канча? нече? кандай?*

М и с а л ы: *Салижан Шарипов космос мейкиндигине* ***учту*** *(эмне кылды?).*

*Орто топ оюнуна кыз-уландар да* ***катышат*** *(эмне кылат?).*

*Келе жаткандар –* ***бешөө*** *(канча?).*

*Акылдуунун сөзү –* ***кыска*** *(кандай?).*

*Эң улуубуз – Жылдыз (ким?).*

*Бүтүрүүчүлөр экзаменге* ***даярданып жатышат*** *(эмне кылып жатышат?).*

**203.** Макалдарды окуп, маанисин чечмелегиле, эрежеге ылайык баяндоочторду тапкыла.

| | |
|---|---|
| 1. Ак ийилет, бирок сынбайт. | – Правда гнется, кривда ломается. |
| 2. Сөз көркү – макал, эр көркү – сакал. | – Краса речи – пословица, краса молодца – борода. |
| 3. Шакылдаган жигитти жоо бетинде көрөрмүн. | – На болтливого парня я посмотрю перед лицом врага. |

**204.** Текстти окугула, жөнөкөй жана татаал баяндоочторду тапкыла.

### КОСМОНАВТИКА

«Космонавтика» сөзүн грек тилинен которгондо «кеме башкаруу» дегенди билдирет. Космос жана космостук учуулар жөнүндөгү илимди К. Э. Циолковский ачкан. Анын ойлорун конструктор С. П. Королёв жетектеген окумуштуулар ишке ашырган. Алар 1957-жылдын 4-октябрында Жердин биринчи жасалма спутнигин орбитага чыгарган. 1961-жылы 12-апрелде Ю. А. Гагарин биринчи жолу космоско учкан. Дүйнөдөгү биринчи аял космонавт В. В. Терешкова болгон. Ошондой эле космоско Г. Титов, А. Николаев, П. Попович, В. Быковский аттуу космонавттар учушкан. Космонавттар космосто узак убакыт болушуп, Ай, Күн, Венера жана Марс планеталары тууралуу көп жаңылыктарды ачышкан.



Бүгүн космос те-

масын бүткүл дүйнө окумуштуулары изилдеп жатышат. Австрия, Германия, Франция жана КМШ мамлекеттери биргелешип, космос сырларын ачышкан. Ушул ачылыштарга биздин ысык-көлдүк жердешибиз Жолдошбай Асангазиевич Бургеевдин салымы чоң. Ал өмүрүнүн акырына чейин космосту изилдөөчү 1-категориядагы башкы конструктор болгон. Космос жөнүндө ондогон ачылыштарды жасап, автордук укуктарга ээ болгон. 1986-жылы ал «Эмгектеги артыкчылык медалы» менен сыйланган. А. Бургеевдин космосту изилдөөчү приборлору, эмгектери жогору баалангандыктан «Фобос» жана «Венера-Галилей» аттуу Эл аралык китепке киргизилген.

Ал эми кыргызстандык космонавт – Салижан Шарипов 1998-жылы 22-январда АКШнын «Шаттл» космостук кемеси менен космоско учкан. Ал 2-февраль күнү жерге аман-эсен кайтып келген. Биринчи кыргыз космонавты С. Шарипов «Ак шумкар» өзгөчө белгиси жана Кыргыз Республикасынын Баатыры деген наамы менен сыйланган.

**изилдөө** – исследовать
**биргелешип** – совместно
**космос сырлары** – космические тайны
**жердеш** – земляк
**баалануу** – оцениваться
**ачылыш** – открытие
**автордук укук** – авторское право
**«Эмгектеги артыкчылык медалы»** – медаль «За трудовое отличие»
**Эл аралык** – международный

**205.** Жогорку сөздөрдү пайдаланып, сүйлөмдөрдү толуктап жазып, баяндоочтордун астын сызгыла.

1. Космонавттар аалам мейкиндигинин ... чоң салымын кошуп жатышат. 2. Бүткүл дүйнөлүк окумуштуулар ... космоско ... жүргүзүшкөн. 3. ... ... бардык изилдөөчүлөрдү кызыктырган. 4. Биздин... Ж. А. Бургеев башкы конструктор болгон. 5. Ал ондогон ... жасап, ... ... ээ болгон. 6. Конструктордун космос жөнүндөгү ... жогору ... . 7. Анын эмгектери ... ...китепке киргизилген. 8. Таланттуу конструктор ... ... ... менен сыйланган.

1. Текст боюнча маек түзүп келгиле.
2. Жаңы сөздөрдү жаттагыла жана пайдалангыла.
3. Тексттен кандай жаңы маалыматтарды ала алдыңар?

## § 60. Баяндоочтун курамына карай бөлүнүшү – Классификация сказуемых по составу

Кыргыз тилинде баяндооч да өзүнүн курамына карай, ээ сыяктуу эле, ж ө н ө к ө й жана т у т у м д а ш баяндооч болуп бөлүнөт.

Ж ө н ө к ө й  б а я н д о о ч бир сөздөн турат. Ал жөнөкөй сөз да, татаал сөз да болушу мүмкүн.

Сказуемое в кыргызском языке как и подлежащее делится по своему составу на п р о с т о е и составное.

П р о с т о е сказуемое состоит из одного слова, которое может быть как простым, так и сложным.

М и с а л ы: *Ак куу жазында түндүктү көздөй **учту**.*

Т у т у м д а ш  б а я н д о о ч аткарган кызматы боюнча эки же андан ашык сөздөрдүн ажырагыс тизмегинен турат.

С о с т а в н о е  с к а з у е м о е состоит из неразложимых по функции словосочетаний двух или более слов.

М и с а л ы: *Комузчулук өнөр күндөн күнгө **гүлдөп өнүгүп жатат**.*

**206.** Экинчи катардагы кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү биринчи катардагы сүйлөмдөргө тууралап байланыштыргыла.

| | |
|---|---|
| 1. Биз А. С. Пушкиндин «Руслан менен Людмила» поэмасын ... . | тартылууда |
| 2. Окумуштуулар табияттын маанилүү мыйзамдарын ... . | жазып жатат |
| 3. Майрам күндөрү ат чабыш оюну ... . | катышты |
| 4. «Кыргызфильм» киностудиясында кызыктуу мультфильмдер ... | окуп жатабыз |
| 5. Студенттер дипломдук ишин ... . | изилдешет |
| 6. Илимий конференцияга чет элдик окумуштуулар ... . | өткөрүлүп турат |

**207.** Тексттен төмөнкү сөздөргө маанилеш сөздөрдү таап, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

1. аалам мейкиндиги –
2. абдан жакшы окуу –
3. алгачкы учкуч –
4. спорт менен машыгуу –
5. көрүнүктүү –
6. баатырдык –
7. даража берилген –
8. ой-тилегиң ишке ашсын –

**208.** Жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочторду өз-өзүнчө топторго бөлүп жазгыла:

учуп жетүү, жазуу, бара жатышат, турушат, жылый баштады, кызыгып угушат, тыңшадык, кайтып келе жатат, ырдады, түшүп кетти, сүрөттөп берди, окуйт.

**209.** Суроолорго жооп бергиле да, сүйлөмдүн баяндоочун тапкыла.

1. Ким уккулуктуу ырдайт? –
2. Сен космос илимине кызыгасыңбы? –
3. Силердин класстын окуучулары эмне кылып жатышат? –
4. Космонавт кандай милдет аткарат?
5. Дарыгер эмне менен алек болуп жатат?
6. Дем алышта эмне иш аткарасың?

204-көнүгүүдөгү текст боюнча монолог түзүп келгиле.

## § 61. Көнүгүүлөр – Упражнения

**210.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү жазгыла да, жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочторду тапкыла.

1. Элнура Түркияга саякатка кетти. 2. Мен досумду театрга барууга чакырдым. 3. Чоң энемдин сыйкырдуу жомогун унута албаймын. 4. Өзүңдөн кичүүлөрдү таарынтууга болбойт. 5. Көптү билүү үчүн, көп окуу керек. 6. Жайында көлгө түштүм, күнгө күйдүм. 7. Кечинде балдар спорттук аянтка чогулушту.

**211.** Текстти окугула, сөздүктүн жардамы менен түшүнүксүз сөздөрдү которгула.

– Элге эр кымбат. Эрге эли менен жер кымбат. Анын баарына туюлбаган өнөр кымбат. Мен үчүн сиздин күүңүз туюлбаган өнөр, чечилбеген суроо сыяктуу. Сиз мукактанып чертип жатасыз, тарыхы караңгы. Мүмкүн, эчен жылы ушинтип черткендирсиз? Бирок эч ким билбейт. Сизге кыянат болбосо, күүнүн сырын чечип берсеңиз? – дедим.

– Олда, балам-ай,– деди карыя,– эми болбостур. Сураганыңды ал,– деп оозумдан да чыгып кетти. Бул сыр жетимиш жети жылдан бери чечилген эмес эле. Бул күүнүн башталганы жетимиш жети жыл болду. Анда мен он алтыга араң чыккан элем.

*А. Токомбаев, «Күүнүн сыры»*

1. Тексттеги сүйлөмдөрдүн баяндоочторун таап, аларды далилдегиле.
2. Тексттин мазмунундагы негизги ой эмне жөнүндө экендигин аныктагыла:

1. Туюлбаган өнөрдүн, чечилбеген суроонун күүсү.
2. Элге эрдин, эрге эли менен жердин кымбат экендиги.
3. Жетимиш жылдан бери чечилбеген күүнүн сыры.
4. Он алтыга араң чыккан баланын сыры.



**212.** 1-катардагы сөздөрдүн маанисине жараша 2-катардагы баяндоочторду байланыштыргыла.

| | |
|---|---|
| 1. Окумуштуулар ... | жазылган |
| 2. Майрамдык концерт ... | учурулду |
| 3. Турак-жайлар ... | чечилди |
| 4. Окуу китептери ... | жолугушту |
| 5. Күүнүн сыры ... | башталды |
| 6. Кызыктуу баяндама ... | салынган |

Текстти окугула, түшүнүксүз сөздөрдү которгула, баяндоочторду көчүрүп жазып келгиле. Болгон окуя боюнча ой жүгүрткүлө.

Кыздын колу өзүнүн башын кучактаган бойдон кыймылсыз жатканы көрүнө калды. Төө чала жан болуп, узун мойнун жерге ургулап, буттарын тыбыратып жатыптыр. Мен кызды кучактай жыгылдым.

– Мына, балам, бул муңканган күү ошондон бери жолдош болуп келе жатат. Бул күү өзүм менен бирге эс алат. Эми өзүм менен бирге жатат. Күүнүн сыры ушул, балам! – деди.

*А. Токомбаев, «Күүнүн сыры»*

## § 62. Текст менен иштөө – Работа над текстом

**213.** Текстти окугула, сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүн тапкыла, берилген сөздөрдүн тушуна орусчасын жазгыла.

### КОЖОЖАШ

Кожожаш – кыргыздын кытай уруусунан чыккан Карыпбай дегендин баласы болгон. Ал кичинесинен эле чырпыктан жаа, чийден ок жасап, мылтык менен алышып чоңойгон. Кожожаш 15–16 жашынан тартып эле мыкты мерген болуп чыгат. Жыйырма түтүн эл Кожожаш менен бирге Таластын башы Каракол деген жерге келип туруп калышкан. Алар Кожожаштын аманчылыгын тилеп, анын мергенчилиги менен жан сакташкан. Кыраан мергенчи элин



жалаң кайберендин эти менен баккан. Бир жылдарда жайлоодо эчки, теке калбай үркүп качат. Жалгыз гана бир Сур эчки калат. Сур эчки кайберендердин ээси катары Кожожаштан анын тукумун кырбай калтырууну суранат. Бирок мергенчи Сур эчкинин өтүнүчүн кабыл албайт. Анын тукумун кырып салат да, Сур эчкинин каргышына калат. Мергенчи аны тирүүлөй кармап алмакчы болот. Сур эчкинин артынан кууп жүрүп, акыры Кожожаш аскада камалып калат.

| | | |
|---|---|---|
| уруу – | жан сактоо – | каргышка калуу – |
| чырпык – | мергенчи – | тирүүлөй калуу – |
| чий – | кайберен – | аскада камалуу – |
| аманчылыгын тилеп – | үркүп качат – | тукумун кыруу – |
| | мергенчилик – | |

**214.** Тексттен алынган жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочторду өз-өзүнчө топторго бөлгүлө:

болгон, алышып чоңойгон, болуп чыгат, келип туруп калышкан, тилеп, жан сакташкан, баккан, калбай үркүп качат, калат, кырбай калтырууну суранат, кабыл албайт, кырып салат, калат, кармап алмакчы болот, кууп жүрүп, камалып калат.

**215.** Тексттин мазмуну боюнча төмөнкү суроолорго жооп берүү менен эки-экиден маектешкиле.

? 1. Кожожаш кимдин баласы болгон?
2. Ал кичинесинен эмне менен алек болгон?
3. Кожожаш кандай мерген болуп чыгат?
4. Эмне себептен жыйырма түтүн эл Кожожаш менен бирге жашап калган?
5. Алар кайсы жерде тиричилик кылышкан?
6. Кожожаш элин эмне менен баккан?
7. Эмне үчүн Кожожаш Сур эчкинин каргышына калган?

**216.** Тексттин мазмунуна туура келбеген сүйлөмдөрдү тапкыла.

1. Кожожаш – кыргыздын мыкты мергени болгон. 2. Анын атасы Карыпбай кытай элинин уруусунан чыккан. 3. Кожожаш кичинесинен мылтык кармап чоңойгон. 4. Атасы Кожожаш менен бирге мергенчилик кылган. 5. Мергенчи жыйырма түтүн элди кайберендин эти менен гана баккан. 6. Жыйырма түтүн эл Кожожашты колдобой, өз алдынча жашоого умтулган. 7. Кожожаш кайберендин тукумуна кол салган эмес. 8. Сур эчкинин тукуму өзүнөн-өзү кырылган. 9. Элин мергенчилик менен баккан Кожожаш Сур эчкинин каргышына калган.



«Кожожаш» эпосунан берилген үзүндүнү окуп, мазмуну боюнча ой жүгүрткүлө.

Сур эчки зарлап ыйлады,
Көзүнүн жашын тыйбады:
«Балдарымдын бири жок,
Калган башым соо койбой,
Өзүмдү кууп кыйнады.
Барбаган тоом калбады,
Эчкинин берсең тилегин,
Мергендин аскада калсын жандары!»
Капаланган Эчкинин,
Кабыл болду тилеги.
Мергендин турган аскасы,
Мелтиреген зоо болуп,
Асманга жакын тирелди.
Кожожаш тиктеп караса
Асканын орто чениндe,
Каргадай болуп турабы.
Каршында турган Эчкиге,
Мергендин, кайгырып айткан бир жообу:
Акыры келип таштадың,
Күзгүдөй таштын бооруна.
Антташып айткан кебиңе,
Камалдым келип аскага.
Эчки, жеттиң го сен да кегиңе.
Сур эчки анда кеп айтат:
Карапайым эмесмин,
Кайберендигим анықмын.
Айтканым укпай жүрчү элең,
Эми, мерген кандайсың,
Сага мен энелигим тааныттым.
Мерген болбой куруп кал,
Аскадан түшпөй туруп кал!
Атаң менен энеңиз,
Көзүнөн жашын тыйбасын
Аскада туруп саргайып,
Арманда өлсүн бир башың.
Кайыр кош, мерген, эсен бол,
Кайгы тартып, кесел бол!

## § 63. Көнүгүүлөр – Упражнения

217. Сүйлөмдөрдү маанисине ылайык кашаанын ичиндеги баяндоочтор менен толуктагыла **(даңазаланат, биригишет, болуп эсептелет, өстүрүп, кеңейтет, изилдөө жүргүзгөн, негиздеген, сезилет, жарата баштаган).**

1. Исаак Ньютон химия боюнча да ... , металлдардын касиеттерин ... . 2. Мультфильм фантазия менен кыялды ..., ички дүйнөбүздү ... . 3. В. А. Моцарт 5 жашынан музыкалык чыгармаларды ... . 4. «Манас» эпосунда адамдык жакшы сапаттар ... . 5. Химиялык реакция жүргөндө жөнөкөй заттардын атомдору молекулаларга ... . 6. Бешик ырында эненин балага болгон мээрими, сүйүүсү күчтүү ... . 7. Жыландын тили – анын сезүү органы ... .

218. Варианттардын бирин тандап, сүйлөмдөрдү толуктап жазып, баяндоочтордун астын сызгыла.

1. Кыргыздар жашоо шартына ылайык боз үйдүн ... түрүн өнүктүргөн.
а) көтөрмө б) жүктөмө в) оймолонгон

2. Ал кезде Энесайдын боюнда ар кошкон ... эл жашаган.
а) улут б) кыргыз в) уруу

3. Ата-энеңди сыйласаң, өз ... сый көрөсүң.
а) бир тууганыңдан б) балаңдан в) досуңдан

4. «Ноорузду» ... катары чыдамсыздык менен күтөбүз.
а) май майрамы б) күз майрамы в) жаз майрамы

5. 1206-жылы ... бүт монгол элинин башчысы болуп калган.
а) Тимучин б) Македонский в) Манас

219. Макалдарды маанисине карата толуктагыла жана баяндоочторго суроо бергиле.

| | |
|---|---|
| 1. Жазгы суук (Весенний холод до костей пронизывает). | ок болбойт |
| 2. Уугум, сага айтам, (Тебе унина моя, говорю, ты, сын мой, слушай). | атың барда жер тааны |
| 3. Өткөн ишке (Что было, то прошло и быльем поросло). | жандан өтөт |
| 4. Мылтык болбой, (Без ружья нет пули (она ни к чему). | уулум сен ук |
| 5. Атаң барда эл тааны, (Когда у тебя есть отец, познай народ, пока у тебя есть конь, познавай землю) | өкүнбө. |



220. Берилген сөз айкаштары менен жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочторду катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

1. Алтын күз
2. Тартиптүү окуучу
3. Жылдызы жарык
4. Табият сулуулугу
5. Биринчилик үчүн аракет
6. Илимий окумуштуу

219-көнүгүүдөгү макалдарды жаттап, маанисин түшүндүргүлө.

## § 64. Өтүлгөн материалдар боюнча алган билимдерин жөнгө салуу – Систематизация знаний по пройденным материалам

221. Төмөнкү сөздөрдү ээ, баяндооч катары пайдаланып, сүйлөм түзгүлө.

1. Мергенчи, окуу китеби, адам баласы, темир жол, бака жалбырак, мугалим, тоолор;
2. Жазып жатат, чуркап чыкты, аткарат, кайтышты, чакырган.

222. Туура вариантын белгилегиле:

1. Сүйлөмдүн баяндоочу эмнени билдирет?
а) кыймыл-аракеттин ордун
б) ээнин кыймыл-аракетин
в) кыймыл-аракеттин мезгилин

2. Баяндооч түзүлүшүнө карай кандай болуп бөлүнөт?
а) жөнөкөй, тутумдаш
б) бир өңчөй
в) татаал

3. Жөнөкөй баяндоочту белгилегиле:
а) айтып берип жатат
б) түшүндүрдү
в) көтөрүлүп калган

4. Тутумдаш баяндоочту белгилегиле:
а) кыйналды
б) аткарат
в) жыгылып кете жаздадым

5. Баяндооч кандай суроолорго жооп берет?
а) ким? эмне?
б) эмне кылып жатат? эмне кылды?
в) кайсы жерде? кайсы жакта?

6. Сүйлөмдүн маанисине карата баяндоочун туура толуктагыла:
Комуздун добушу ... кулакка жагымдуу ... .
а) жаңырып, таңшыйт

б) кубулжуп чыгып, угулат
в) акырын, сайрайт

7. Жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочторду өз-өзүнчө топторго бөлүп жазгыла.

Жардам берип жатышат, жөнөштү, кете берди, ырдайт, барууга камынып келишти, келип калган, кабарлайт, тартылган, шыктандырып тургансыйт, даярдоого кам көрүшкөн, шашылбай калышты, сүйлөдү, талдаган, жазып чыккан, башталды.

8. Биринчи катардагы сөздөргө, экинчи катардагы баяндоочторду тууралап койгула.

| | |
|---|---|
| 1) Булбул уккулуктуу ... | окуп бүттүк |
| 2) Алыстан кыздардын караанны ... | сүйүндүм |
| 3) Кыял өзүнүн сүрөтүн ... | сайрап жатат |
| 4) Бул китепчени ... | көрүндү |
| 5) Мен абдан ... | тартты. |

**223.** Сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүн тапкыла.

1. Европада 30дан ашык мамлекет орун алган. 2. Жарганат, курт-кумурскалар менен азыктанат. 3. Адамдар кагазды колдонууну II кылымда үйрөнүшкөн. 4. Чарльз Дарвин Англиядагы Шрусбери шаарында туулган. 5. Мексикалыктар кожогат кактусунун жемишинен мармелад жасашат. 6. Канадада буудай көп эгилет. 7. Гректерден таланттуу окумуштуулар көп чыккан.

Баш мүчөлөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп келүү.

## § 65. Сөз өстүрүү – Развитие речи

**224.** Төмөнкү сөздөрдү синонимдик катышы боюнча маанисин түшүндүргүлө.

1) айлануу – тегеренүү – жылуу;
2) убакыт – мезгил – маал – мөөнөт;
3) сутка – бир түн, бир күн;
4) жалпайган – жепирейген – жапыз.

225. Жогорку сөздөрдү пайдаланып, маанисине жараша сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1. Күзөтчү ..., ... бала-бакчаны кайтарат. 2. Жер планетасы Күндү ... жүрөт. 3. Балдар талаадагы чоң ... таштын үстүнө чыгып ойношту. 4. Бүтүрүүчүлөр мектеп менен коштошо турган ... да келди. 5. Жер өз огунда бир ... бир жолу айланат. 6. Асмандагы



Ай жай ... баратат. Сагын аскердик ... аткарып бүттү. Саякатчылар ... үйдүн жанынан өтүп бара жатышты. 8. Мен кечке маал келип калам.

**226.** Текстти окугула, жаңы сөздөр менен түзүлгөн сүйлөмдөрдү көторгула.

### ЖЕР



Жер – Күн системасындагы планеталардын бири. Ал Күндөн 149,6 миллион километр аралыкта, дээрлик айлана боюнча күндү айланып жүрөт. Жер Күндү толук бир жолу айланып чыккан мөөнөт жыл деп аталат. Жер өз огунун айланасында толук бир жолу айланганга кеткен убакыт сутка деп аталат. Бир жылда болжол менен 365 $^1/_4$ сутка болот. Жер шары уюлдарында азыраак жалпайып турат. Күндүн нуру Жерди ар кандай жарык кылып турат. Ошондуктан Жерде жыл мезгилдери алмашып турат. Жаздан кийин жай, андан соң күз менен кыш келет. Жердин үстүнкү катуу катмары жер кыртышы деп аталат. Жер кыртышы – таштуу катмар деп аталат. Жер астындагы суулар – Жердин суу катмарын түзөт.

Жердин аба катмары атмосфера деп аталат. Ал азот жана кычкылтектен турат.

Адам жаратылыш байлыктарын акыл-эстүүлүк менен пайдаланышы керек. Бизди курчап турган чөйрөнү – аба, суу, топуракты булгануудан сактоо зарыл.

*Мектеп окуучулары үчүн энциклопедиядан*

**227.** Суроолорго жооп берүү аркылуу эки-экиден маектешкиле.

? 1. Жер кандай планета?
2. Ал Күндү кандай айланып жүрөт?
3. Кандай мөөнөт жыл деп аталат?
4. Кандай убакыт сутка деп аталат?
5. Эмне себептен жыл мезгилдери алмашып турат?

6. Жердин үстүнкү катмары эмне деп аталат?
7. Жердин аба катмары эмне деп аталат?
8. Жаратылыш байлыктарына кандай мамиле кылышыбыз керек?

**228.** Биринчи катардагы сүйлөмдөргө экинчи катардагы сөздөрдү маанисине жараша тууралап койгула.

| | |
|---|---|
| 1. Жер Күндү толук бир жолу айланып чыккан ... жыл деп аталат. | убакыт-мөөнөт |
| 2. Жердин үстүнкү ... катмары жер кыртышы деп аталат. | бекем-катуу |
| 3. Жер шары уюлдарында азыраак ... турат. | жантайып-жалпайып |
| 4. Бир жылда болжол менен 365 4/1 ... болот. | күн – түн – сутка. |

Бизди курчап турган чөйрөнү булгануудан кантип сактайбыз, үйдөн аңгеме түзүп келгиле.

## § 66. Көнүгүү, машыгуу иштери, сөз өстүрүү – Упражнение, приобретение навыков и развитие речи

**229.** 1. Текстти окуп, сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүн тапкыла.

### ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИ

Жер жүзүндө 5 миллиарддан ашуун адам жашайт. Алар ар түркүн элдерге бөлүнүшөт. Калкынын саны 100 миллиондон ашкан элдер да бар. Мисалы, ага кытай, орус, япон, бенгалдар кирет. Немец, француз, итальяндар ондогон миллионду түзөт. Өтө аз сандагы элдер да бар. Болжолу, алардын эң эле азы – Филиппиндеги тасадай уруусу. Алар бар болгону 30дай эле киши, too үңкүрлөрүндө жашап, аңчылык кылышат. Ошондой эле жапайы өсүмдүктөрдү терип жешет.

Дүйнө жүзүндө көп жана аз калктуу 2 миңдей эл жашайт. Алардын тилдери ар башка, үрп-адаттары да ар түрдүү. Алар бири-биринен сырткы көрүнүшү боюнча да айырмаланышат.

Элдердин көпчүлүгү өз эне тилинде сүйлөшөт. Бардык элдер биригип адамзатты түзөт. Адамдар тынчтыкты каалашат. Алар бакубат турмушта жашоого умтулушат, келечек муун үчүн кам көрүшөт.

*Мектеп окуучулары үчүн энциклопедиядан*

**тасадай уруусу** – род, племя тасадай,
**үңкүр** – пещера
**аңчылык кылуу** – заниматься охотой
**жапайы өсүмдүктөр** – дикие растения
**үрп-адаттар** – обычаи
**сырткы көрүнүш** – внешний вид
**айырмаланышат** – отличаются, различаются
**бакубат турмуш** – мирная жизнь



**230.** Жогорку жаңы сөздөрдү пайдаланып, берилген сүйлөмдөрдү толуктап, алардын баяндоочун тапкыла.

1. Мергенчилер Сары-Жазга ... ... кетишти. 2. Дүйнө элдеринин ... ... ар түрдүү. 3. Адамдар ... ... боюнча да ... . 4. Филиппиндеги ... ... саны абдан аз. 5. Тоо ... жашаган адамдар да бар экендигин билдик. 6. Тынчтык элдери ... ... жашашат.

**231.** Берилген суроолуу сүйлөмдөр аркылуу эки-экиден маектешкиле.

1. Жер жүзүндө канча адам жашайт?
2. Өтө аз сандагы элдерге кайсы уруу кирет?
3. Ал уруудагы адамдар кайсы өлкөдө жашашат?
4. Алар кандай тиричилик менен күн көрүшөт?
5. Дүйнө элдери бири-биринен кандай айырмаланышат?

**232.** Кашаанын ичиндеги сөздөрдү туура формада пайдаланып, сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1. Англичандар менен америкалыктар (англис) сүйлөшөт. 2. Дүйнө элдери тынчтыкта бакубат турмушта (жашоо) умтулушат. 3. Күн-Галактиканын (жылдыздар) бири. 4. Байыркы гректер эң маданияттуу (элдер) болушкан. 5. Күрөң аюу Европа, Азия жана (Түндүк Америка) мекендейт. 6. Бамбук нымдуу, ысык (өлкөлөр) өсүмдүгү.

Жаңы сөздөр менен сүйлөм түзүп келгиле.

## § 67. Ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсү – Согласование подлежащего со сказуемым

| | |
|---|---|
| Кыргыз тилинде баяндооч грамматикалык жактан ээге баш иет жана алар өз ара жак жана сан боюнча ээрчишет. | В кыргызском языке сказуемое грамматически подчиняется подлежащему и согласуется с ним в лице и числе. |

Мисалы: *Мен жетинчи класста* ***окуймун****. Сен он үч* ***жаштасың****. Ал сабакты жакшы билет.* ***Биз*** *жайында Ысык-Көлдө эс алганбыз. Силер ата-энеңерге* ***жардам көрсөтөсүңөр****. Алар майрамдык салтанатка* ***келишет****.*

Орус тилинен айырмаланып, кыргыз тилинде ээ менен баяндоочтун ортосундагы сан боюнча ээрчишүү болбой калышы да мүмкүн.

В кыргызском языке, в отличие от русского, согласования подлежащего со сказуемым в числе может и не быть.

М и с а л ы: *Дарактар көгөрдү. Жер-жемиштер бышты.*

Бул жерде **дарактар, жер-жемиштер** деген ээ көптүк санда, ал эми **көгөрдү, бышты** деген баяндоочтор жекелик санда турат.

Здесь подлежащие **дарактар, жемиштер** во множественном числе, а сказуемые **көгөрдү, бышты** в единственном числе.

С а л ы ш т ы р г ы л а (с р а в н и т е): Деревья позеленели, ягоды поспели.

Айрым учурда ээ менен баяндоочтун ортосундагы сан боюнча ээрчишүү факультативдүү мүнөздө болушу да мүмкүн.

Иногда согласование подлежащего со сказуемым в числе может носить факультативный характер.

М и с а л ы: *Окуучулар келишти* // *Окуучулар келди.*
*Балдар ойношту* // *Балдар ойноду.*

**233.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, орус тилине которгула. Ээ менен баяндоочтун астын сызгыла. Алардын жак жана санын аныктагыла.

1. Мугалим сабакка кирди. 2. Самат эртең айылга кетет. 3. Мен шаарга бардым. 4. Ал иштеп бүттү. 5. Мен быйыл сегизинчи класста окуймун. 6. Сен өз убагында келдиң. 7. Апам ооруканада иштейт. 8. Биз жазуучулар менен жолугуштук. 9. Элдер бул аңгемени кызыгуу менен угушту.

**234.** Маекти каармандаштырып окугула жана ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсүн аныктагыла.

А й г а н ы ш: – Сен сабактарыңды окуп бүттүңбү?
К ы я л: – Үй тапшырмалар көбүрөөк берилиптир. Мен жетише албай жатамын.
А й г а н ы ш: – Сен тапшырмаларыңды аткара бергин. Апам экөөбүз базарга барып келебиз.
К ы я л: – Атам үйдө калабы?
А й г а н ы ш: – Жок, ал чоң атамдыкына барат.
К ы я л: – Кечинде филармонияга концертке барабызбы?



А й г а н ы ш: – Кайсы ырчынын концерти болот экен?
К ы я л: – Эстрада жылдызы Мирбек Атабековдун майрамдык концерти болот экен.
А й г а н ы ш: – Анын алгачкы ыры эмне деп аталат?
К ы я л: – Ал, эң биринчи «Жүзүң» аттуу ырды сахнага алып чыккан.
А й г а н ы ш: – «Жылдын мыкты ыры» деген номинацияга кайсы ыры ээ болду эле?
К ы я л: – Чоң энесин эскерүүгө арналган «Алтын энем» деген ыр чоң ийгиликке жетишти. Бүгүн Мирбек Атабеков Кыргызстандын белгилүү, таланттуу аткаруучусу.

**235.** Текстти окугула, сүйлөмдөрдөгү ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсүн түшүндүрүп бергиле.

## МУЗЫКАНЫН ТААСИРИ

Музыка адамга чоң таасир тийгизет. Ал адамдын ички сезимине кубаныч алып келет. Адамды чарчоодон жана капалыктан арылтат. Өтө жагымдуу обон адамдын артериялык кан басымын калыбына келтирет. Ошондой эле жүрөктүн иштешин оңдоп, эмгекке жөндөмдүүлүгүн жакшыртат. Андыктан биз чарчапчаалыкканда жакшы ыр-күүгө кулак төшөйбүз. Назик чыккан музыканы берилип тыңшайбыз, көңүлүбүздү көтөрөбүз.

**236.** Берилген сүйлөмдөрдү ээлик милдетти аткаруучу тиешелүү сөздөр менен толуктап, ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсүн далилдегиле.

1. IX кылымдын ортосунан тартып ... өз алдынча мамлекет болуп эсептелет. 2. Тропик өлкөлөрүндө ... ... жыл бою гүлдөп, уругу да быша берет. 3. ... Күнгө, жылдыздарга чейинки аралыкты өлчөй алышат. 4. ... ... ... Атлантика океанындагы аралдарда жайгашкан. 5. Кыргызстандын ... улуттук колориттеги кийимдердин жаңы модаларын жаратып жатышат. 6. Миллиондогон ... дүйнөнүн төрт тарабына саякатка чыгышууда.

П а й д а л а н ы л у у ч у с ө з д ө р: *илимпоздор, модельерлери, туристтер, Франция, Улуу Британия мамлекети, чай бадалы.*

«Мен сүйгөн ырчы» аттуу монолог түзүп, айтып бергиле.

## § 68. Сөз өстүрүү – Развитие речи

**237.** Берилген ырды кыраатты менен окуп, тилиңерди жатыктыргыла.

### КИТЕПТИ СҮЙ

Китепти сүй, баркын бил,
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал – ошонун жакыны.

Сүттөй таза тилеги,
Деңиздей кең талабы.
Көктөй тунук, акыйкат,
Анын ар бир барагы.

Ошондуктан баркын бил,
Кирдебесин бир чети.
Сыя төгүп булгабай,
Жакшы сакта китепти.

*А. Осмонов*

**баркын бил** – цени
**кирдебесин бир чети** – не марай даже краешка
**көктөй тунук** – прозрачное, как небо

**238.** Ырдын мазмуну боюнча суроолорго жооп бергиле. Ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсүн түшүндүргүлө.

1. Силер китепти сүйүп окуйсуңарбы?
2. Ким китеп менен достошо алат?
3. Кандай адам китептин жакыны боло алат?
4. Китептин тилеги кандай?
5. Анын ар бир барагы кандай?
6. Силер китептин баркын билесиңерби?
7. Китепти жакшы сактоону билесиңерби?
8. Адамга китептин кандай пайдасы бар?

**239.** Сүйлөмдөрдү кашаанын ичиндеги сөздөрдү туура формада коюп толуктагыла. Ээ, баяндоочторун тапкыла.

1. Билимдүүлөр акылдын булагы болгон китептердин ... ... ... . (баркын баалай бил)
2. Жакшы китептин ар бир барагы ... ... (көктөй тунук) жана акыйкат.
3. Силер урунуп жаткан китебиңердин бир четин да ... (кирдебесин) пайдаланышыңар керек.
4. Биз китепти кантип ... (сактоо) жакшы үйрөнгөнбүз.
5. Адамдар билим байлыгын китептен ... (алуу)



**240.** Текстти окугула, тааныш эмес сөздөрдү которгула. Сүйлөмдүн ээ, баяндоочторунун ээрчишүүсүн тапкыла.

### КИТЕП

Жакшы китеп силерди чексиз космос мейкиндигине алып чыгат. Ар кандай маалыматтардын булагы болгон китеп билимиңерди тереңдетет. Китептин пайда болгонуна бир нече миң жыл болду. Бул мезгилдин ичинде анын түрү аябай өзгөрдү. Вавилондуктар жана башка байыркы элдер китепти ылайдан жасашкан. Ал эми Кытайда алгачкы китептер жука бамбук тактачалар түрүндө болгон. Биздин замандын II кылымынан тартып кагазга жаза башташкан.

Байыркы Египетте таш плиталарга чегип, китеп жазышкан. Кийинчерээк папирусту ойлоп табышты. Египет папирусу ошол кездеги эң мыкты жазуу материалы катары Байыркы Греция менен Римде да дээрлик 2 миң жыл пайдаланылган. XIII кылымдан тартып Европада кагаз негизги жазуу материалы болуп калды. Акыры XV кылымда китеп басуу ойлоп табылды.

Китеп менен дос болгула, ал силерге билимдин бардык кенчтерин ачат. Китеп – бул адам баласы жасаган кереметтердин эң баалуусу.

Жогорку текст боюнча оюңарды айтып бергиле.

## § 69. Көнүгүү, машыгуу иштери, сөз өстүрүү – Упражнение, приобретение навыков и развитие речи

**241** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү ээ менен баяндоочтун ортосундагы ээрчишүүнү (сан, жак, түр боюнча) ажыраткыла.

1. Ай дайым Жердин айланасында айланып турат. 2. Акулалар медуза жана майда балыктар менен азыктанат. 3. Мен комузчулук өнөрдү абдан жакшы өздөштүрүүдөмүн. 4. Алар мамлекеттик экзамендерин ийгиликтүү тапшырып жатышат. 5. Ата-бабаларыбыз көчмөн турмушта жашашкан. 6. Ал космос мейкиндиги жөнүндө кеңири маалымат берди. 6. Биз Ч. Айтматовдун чыгармаларын окуп жатабыз.

**242.** Берилген сүйлөмдөрдү ээлик милдетти аткаруучу сөздөр менен толуктагыла.

1. ... эмгек процессинде акырындап табиятты таанып-биле баштады.

а) коом б) эколог в) адам

2. ... сөз табар, куудул катары эл арасына таанылган.
а) клоун б) Куйручук в) күлдүргүч

3. ... космоско алгачкы жолду салган.
а) биз б) ал в) мен

4. ... – тиричиликтин булагы, ... – ырыскы дарагы.
а) тоо а) эмгек
б) жаратылыш б) окуу
в) иш-аракет

5. ... фантазия менен кыялды өстүрүп, ички дүйнөбүздү кеңейтет.
а) спектакль б) мультфильм в) драма

**243.** Көп чекиттин ордуна баяндоочтук милдетти аткаруучу жана мааниси жактан туура келүүчү сөздү койгула.

1. «Кыргызфильм киностудиясында кыркка жакын мультфильм ... .
а) сүрөттөлгөн б) көрсөтүлгөн в) тартылган

2. 1980-жылы Москвада Олимпиадалык оюндар ... .
а) өткөрүлгөн б) башталган в) таанылган

3. Телефон – бул грекче үндү алыска угузуу дегенди ... .
а) айтылат б) туюндурат в) түшүндүрөт

4. Маймылдар дарактын башында гана жеңил, шамдагай ... .
а) кыймылдайт б) жүгүрөт в) басат

5. Мексикада буудай, балкамыш жана кофе ... .
а) өстүрүлөт б) айдалат в) алынат

**244.** Текстти окуп, сүйлөмдөрдөгү ээ, баяндоочторду суроо берүү аркылуу тапкыла.

МУЛЬТФИЛЬМ

Мультфильмдердеги сүйүктүү каармандар: арстан Бонифацийди, Винни Пухту, Крокодил Гена менен Чебурашканы, Микки Маусту, үлбүрөгөн Кар кызы, шок Карлсон жана даанышман Толубай сынчыны силер жакшы билесиңер. Мультфильм бөбөктөрдүн фантазиясы менен кыялдануунусун өстүрөт, ички дүйнөсүн кеңейтет. Алар кызыктуу, көңүлдүү, нускалуу мультфильмдерди берилип көрүшөт.

Кыргызфильм киностудиясында көп кызыктуу мультфильмдер тартылган. Мисалы: «Саймалуу жомок», «Эки бөжөк», «Акыл Карачач», «Куйручук», «Толубай сынчы», «Сандык» жана башка мультфильмдерди атоого болот. Анын ичинен айрымдары ар кандай фестивалдарда байгелерге ээ болгон.

*Мектеп окуучулары үчүн энциклопедиядан*





Кызыктуу мультфильм жөнүндө экиден маек түзүп келгиле.

## § 70. Ээ менен баяндоочтун сүйлөмдөгү орду – Место подлежащего и сказуемого в предложении

Сүйлөмдүн ээси дайыма баяндоочту башкарып турат да, баяндоочтон мурда орун алат.

Подлежащее всегда управляет сказуемым и стоит перед сказуемым.

М и с а л ы: *Марио Римде жашайт.*

Сүйлөмдүн баяндоочу ээден кийин келип, сүйлөмдүн аягынан орун алат.

Сказуемое в предложении употребляется после подлежащего и стоит в конце предложения.

М и с а л ы: *Ак куулар жылуу жактарга учуп кетишет.*

**245.** Текстти окугула, сүйлөмдөрдүн ээсин, баяндоочун аныктап, алардын сүйлөмдөгү орун тартибин түшүндүргүлө.

КУЙРУЧУК
(1866–1940)

Анын өз аты Кудайберген. Азыркы Жумгал районунда кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Өмүрзак байларга жалчы болгон. Апасы болсо байлардын үй жумушун жасаган. Ал эми



кичнекей Куйручук байлардын козуулагын кайтарат. Үйлөрдү кыдырып, тамак-аш сураганга мажбур болгон. Ал эл турмушуна жакын эле. Бай-манаптардын жоруктарын ашкерелеген. Ал чукугандай сөз табар, куудул катары эл арасына таанылган. Ушундан улам эл аны Куйручук атка кондурат. Куйручук төкмө ырчы,аткаруучу да болгон. Ал ашкере куудул катары кыргыз адабиятынын тарыхында калды. «Куйручук» аттуу мультфильмде анын жоруктары кызыктуу берилген.

**жалчы** – наёмный работник, батрак
**кедейдин үй-бүлөсүндө** – в семье бедняков
**байлардын жоруктарын ашкерелеген** – выявлял поведение и поступок богатых
**чукугандай сөз тапкан** – он быстро подыскал удачное слово; он вдруг сообразил
**куудул** – комик, клоун, имитатор
**эл арасына таанылган** – признанный народом
**төкмө ырчы** – певец-импровизатор

? 1. Куйручук кандай үй-бүлөдө туулган?
2. Куйручуктун өз аты ким болгон?
3. Ал кичинесинен кантип жан бакан?
4. Куудул катары кантип таанылган?
5. Ал дагы кандай өнөргө ээ болгон?
6. Кыргыз адабиятынын тарыхында ал ким катары калды?

**246.** Берилген сүйлөмдөрдүн ээ менен баяндоочунун ордун аныктагыла жана орусчага которгула.

1. Курманжан Датка Кара-Суу районуна караштуу Мады кыштагында туулган. 2. Бүгүн илимий кызматкерлер Улуттук китепканада кеңешме өткөрүшөт. 3. Мен Куйручуктун кызыктуу жоруктарын окудум. 4. Биз Толубай сынчынын өмүр баяны менен тааныштык. 5. Тропиктерде банан, бамбук жана башка өсүмдүктөр өсөт. 6. Л. Н. Толстой балдар үчүн жомокторду жана түрдүү тарыхый окуяларды жазган.

Тексттин мазмуну боюнча өз оюңарды билдиргиле.



## § 71. Сөз өстүрүү – Развитие речи

**247.** Макалдарды окуп чыгып, андагы сүйлөмдүн ээлерин оозеки ажыраткыла.

1. Кыймылдаган адам кыр ашат. 2. Дарак жемишинен таанылат. 3. Адам акылынан таанылат. 4. Шумкар учушунан таанылат. 5. Акылдуу адам ташка дан өстүрөт. 6. Ач болбой, адам ашты ойлобойт.

**248.** Берилген үлгү боюнча бири-бириңерге досуңарды тааныштыргыла.

| | |
|---|---|
| – Айдай, таанышып ал, Асель. Ал – окуучу. | – Айдай, познакомься, Асель. Она – ученица |
| – Асель, бул – Айдай. Ал биздин мектепте окуйт. | – Асель, это – Айдай. Она учится в нашей школе. |
| – Айдай жакшы окуйт. | – Айдай учится хорошо. |

**249.** Төмөнкү сүйлөмдүн ээсине баяндоочтордун тиешелүүсүн тууралап койгула.

| | |
|---|---|
| 1. Сары-Челектин бийик тоолорун марал, кулжа, кундуз | жаайт |
| 2. Көк асманда жылдыз | турат |
| 3. Пальма бутактанбай тик | мекендейт |
| 4. Деңиз, океандардан бууланган суу жерге | жымыңдайт |
| 5. Адамдын мээси көп сандаган нерв клеткаларынан | өсөт |

**250.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү баяндоочторду койгула.

1. Таланттуу жаштар эл аралык конкустарга ... . 2. Музыка адамдын ички сезимине чоң таасир тийгизет. 3. Күлкү ден соолукту чыңдайт жана өмүрдү узартат. 4. Чыңгыз хан 1162-жылы жарык дүйнөгө келген. 5. Нооруз майрамы өзгөчө даярдык менен өткөрүлөт. 6. Цейлон жана Индия чайлары абдан бааланган.

**251.** Сүйлөмдөрдү туура келген вариант (ээ) менен толуктагыла жана баш мүчөлөрүн аныктагыла.

1. ... жыгачтан, кийизден, чийден жана боо-чуудан турат.
а) жыгач үй   б) чатыр   в) боз үй

2. ... ... муундан-муунга мурас катары сакталып келе жатат.
а) «Манас» эпосу   б) тарыхый чыгарма   в) эне тили

3. ... ... кулакка мукам угулат.
а) ыр-күү б) комуз күүлөрү в) ырчынын үнү

4. ... эзелки заманда Энесайдын боюнда жашашкан.
а) түрктөр б) орустар в) кыргыздар

Табышмактарды окугула, орус тилине которгула жана жандырмагын тапкыла.

1. Узун жолдо уй мөөрөйт. (п...)
2. Кандай көк деп шашылба,
Бул куш жашайт чатырда. (к...)

3. Мындай сары тоодо өсөт,
Көктөмдө үзүп эл жешет. (с...к)

4. Желими жок, мыгы жок,
Чебер уста жасаган.
Ал кандай жай, төрт мезгил,
Ата-бабаң жашаган? (Б..-ү.)

## § 72. Чейректик кайталоо үчүн тапшырмалар – Задания для повторения материалов за четверть

1. Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү кайсылар? Түшүндүрүп бергиле.

2. Жөнөкөй ээ менен түзүлгөн сүйлөмдү тапкыла:
а) Ысык-Көл – кыргыз деңизи.
б) Эр жигит эл четинде.
в) Ат – адамдын канаты.

3. Татаал ээ менен түзүлгөн сүйлөмдү тапкыла:
а) Мен мектепте окуп жатамын.
б) Атам шаарга жөнөп кетти.
в) Тарбия үйдөн башталат.

4. Ээнин милдетин аткаруучу зат атоочту тапкыла:
а) Окумуштуу илимий ачылыш жасады.
б) Ал 7-класста окуйт.
в) Беш окуучу семинарга катышты.

5. Ээнин милдетин аткаруучу жекелик сандагы ат атоочту тапкыла:
а) Биз жакшы окуп жатабыз.
б) Бул – Айдай деген кыз.
в) Алиппе – окууга, жазууга үйрөтөт.



6. Ээнин милдетин аткаруучу сын атоочту тапкыла:
а) Окуу оңой эмес.
б) Ала-Тоо көркко келди.
в) Жаман – өз камын ойлойт, жакшы – эл камын ойлойт.

7. Ээнин милдетин аткаруучу сан атоочту тапкыла:
а) Билимдүү өз эмгегине ишенет.
б) Мен китеп окуп жатамын.
в) Бешөө Москвага кетишет.

8. Тутумдаш ээнин милдетин аткаруучу кош сөздөрдү тапкыла:
а) Курбу-курдаштар чогулушту.
б) Темир жол салынды.
в) Биз жакшы окуп жатабыз.

9. Жөнөкөй баяндооч менен түзүлгөн сүйлөмдү тапкыла:
а) Таң атты.
б) Чыңгыз ойноп жатат.
в) Топ алыс ыргып кетти.

10. Тутумдаш баяндооч менен түзүлгөн сүйлөмдү тапкыла:
а) Сөз көркү – макал.
б) Апам үй жумуштары менен алек болуп жатат.
в) Көктөгү жылдыздар жымыңдайт.

11. Баяндоочтун милдетин аткаруучу сөздөрдү тапкыла:
а) аныктооч, толуктооч, бышыктооч
б) зат, ат, сын, сан атооч сөздөр
в) кош, кошмок сөздөр

12. Ээнин сүйлөмдөгү ордун тапкыла:
а) сүйлөмдүн аягында
б) баяндоочтон мурда
в) баяндоочтон кийин

13. Баяндоочтун сүйлөмдөгү ордун тапкыла:
а) ээден кийин келип, сүйлөмдүн аягында
б) сүйлөмдүн ортосунда
в) ээден мурда

14. Ээ менен баяндооч кандай ээрчишет?
а) ээге баш ийбейт
б) ээге баш иет, өз ара жак жана сан боюнча ээрчишет
в) бирдей суроого жооп берүү менен ээрчишет.

1. Текстти окугула.
2. Ээ менен баяндоочтун сүйлөмдөгү ордун жана алардын ээрчишүүсүн тапкыла.
3. Тексттин негизги идеясы кандай?

## КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ



Калыгул 1785-жылы Ысык-Көлдүн Кара-Ой айылында Бай деген оокаттуу адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Атасынан калган дүнүйөгө ээ болгон Калыгул өмүрү өткүчө эч нерседен кор болбоду. Калыгул эр жеткен кезинен эле тамсилчи, маселчи акын катары тааныла баштайт. Ал сөзүн макалдатып, акырын, токтоолук менен акыл-насыят катарында сүйлөгөн. Бий катары бардык маселени калыстык менен чече билген. Ушундай даанышмандыгы аркылуу карапайым элдин урмат-сыйына ээ болгон. Ошондон улам, «Кара кылды как жарган, Калыгулдай калыс бол» деген ылакап калды.

Калыгул олуя, көзү ачык, даанышман катары таанылган адам. Акындын «Акыр заман», «Калыгулдун сөзү», «Ысык-Көл тууралуу айтканы», «Санат, насыят, терме ырлары» эл оозунан жыйналып алынган. Бул чыгармаларында акыр заман идеясы терең берилет. Ошондой эле санат, насыят, терме, адамдын адепсиз жүрүш-турушун сындаган, жаштарды адептүүлүккө чакырган саптары да арбын. Калыгулдун «шайыры болбой эл болбойт, пейили жакшы кем болбойт» деген санаты биз үчүн классикалык саптар болуп калды. «Өзөндүү сууга тал бүтөт, өлбөгөн кулга мал бүтөт» деген анын сөзү бизге ылакап болуп калды.

Калыгулдун 243 саптан турган насыят-санат ырларынан:

Кызаргандын баарысы,
Манат болот турбайбы.
Кылган иштин баарысы,
Адат болот турбайбы.
Ырдагандын баарысы,
Санат болот турбайбы.

«Акыр заман» казалынан:

Акыр заман адамы,
Алым болот деп айткан.
Аяттын сөзүн бек тутпай,
Залым болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай,
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай,
Жайыл болот деп айткан.

Түшүндүрмө сөздүк:

1. алым – тантык деген мааниде
2. аят – курандын бөлүмдөрү
3. жайыл – чачыранды
4. залым – ыймансыз



# IV ЧЕЙРЕК

## § 73. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн кайталоо – Повторение главных членов предложения

Эске түшүргүлө: – Вспомните:

| | |
|---|---|
| 1. Баш мүчөлөр деген эмне? | – Что такое главные члены предложения? |
| 2. Ээ, баяндооч кандай суроолорго жооп берет? | – На какие вопросы отвечают подлежащее и сказуемое? |
| 3. Баш мүчөлөр түзүлүшү боюнча кандай бөлүнөт? | – Как классифицируются главные члены по составу? |
| 4. Баш мүчөлөрдүн кызматын кайсы сөз түркүмдөрү аткарат? | – Чем выражаются главные члены предложения? |
| 5. Кыргыз жана орус тилдеринде ээ менен баяндооч кандай ээрчишет? | – Как согласуется подлежащее со сказуемым в кыргызском и русском языках? |

**252.** Текстти окугула. Сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүн (ээ, баяндоочун) көчүрүп жазып, аларды орус тилине которгула.

## АСАН КАЙГЫ



Асан Кайгы – ойчул, акылман, сынчы-философ акын болгон. Өмүр бою элдин муңун муңдап, зарын зарлап жүргөндүктөн, Асан Кайгы аталган. Болжолу, ал XIV кылымда жашап өткөн. Асан Кайгы элдин камын ойлоп, жер издеп Талас, Нарын, Ак-Сай, Ат-Башыга чейин барган. Бирок ал адамга сыйлуу, малга жайлуу жер таппай, кайгыда жүрүп, каза тапкан.

Асан Кайгы дүйнөгө бейкуттукту алып келе турган жолду издеген. Уламыштарда анын замандаштары Жээренче Чечен, Акыл Карачач, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Алдар Көсөө болгондугу айтылат.

Бизге акылмандын чыгармалары уламыш жана үзүндү түрүндө келип жеткен.

Асан Кайгынын айткандарынан:

Жатарына жайы жок,  
Көрө турган көзү жок,  
Чымын байкуш кантти экен?  
Куйругу жок, жалы жок,  
Кулан байкуш кантти экен?  
Боорунда буту жок,  
Жылан байкуш кантти экен?  
Салган тамы жок,  
Кылган камы жок.  
Алган даны жок,  
Баккан малы жок,  
Мал багарга алы жок,  
Көзү-башын көгөртүп,  
Баягы көгөн байкуш кантти экен?

? 1. Асан Кайгы ким болгон?
2. Эмне себептен ал Асан Кайгы атка конгон?
3. Ал кайсы кылымда жашаганы болжолдонот?
4. Асан Кайгынын максаты эмне эле?
5. Ал жашоонун кандай жолун издеген?
6. Анын замандаштары кимдер болгон?
7. Берилген үзүндүдө эмнелер жөнүндө айтылат?

**253.** Төмөнкү берилген сөздөрдүн синонимин тексттен тапкыла.

1. күйүт, сарсанаа, санаа –
2. кеменгер, көсөм, даанышман, билгич, билерман
3. кайгы, убайым –
4. көздөн учуу –
5. камкор, камбыл, сактай билген –
6. ыңгайлуу, ылайыктуу, ыктуу –
7. тынчтык, жайчылык –
8. курдаш, теңтуш, кесиптеш –

**254.** Тексттин мазмунунан 1) **ким? кимдер? эмне? эмнелер?** 2) **эмне болгон? эмне кылган? эмне болот?** – деген суроолорго жооп берүүчү сөздөрдү өз-өзүнчө топтоп жазып, алар сүйлөмдүн ээ, баяндоочу боло тургандыгын жана алардын кызматын кайсы сөз түркүмдөрү аткарып жаткандыгын аныктагыла.

Ү л г ү: *Ким? – Асан Кайгы (зат атооч).*
*Эмне кылган? – муңдап, зарлап жүргөн (этиштик).*

1. Асан Кайгынын сөзүнөн берилген үзүндүнү жаттап келгиле.
2. Асан Кайгынын жан-жаныбарларга болгон боорукердигин сүрөттөп бергиле.

## § 74. Баяндоочтун түрлөрү – Виды сказуемого

| | |
|---|---|
| Баяндооч этиштик жана атоочтук баяндооч болуп бөлүнөт. | Сказуемое бывает глагольным и именным. |



| | |
|---|---|
| Сүйлөмдө баяндооч этиш сөздөрдөн болсо, ал **этиштик баяндооч** деп аталат. | Если сказуемое выражено глаголом, оно называется **глагольным.** |

М и с а л ы: *Биз мектепке кирдик. Айганыш кыргыз тилинен экзамен берди.*

| | |
|---|---|
| Сүйлөмдө баяндооч атооч сөздөрдөн (зат атооч, сын атооч ж.б.) болсо, **атоочтук баяндооч** деп аталат. | Если сказуемое выражено именем существительным, прилагательным и др., оно называется **именным.** |

М и с а л ы: *Өнөр алды – кызыл тил. Баяндоочу кызыл тил-зат атооч.*
*Биздин өлкө тоолуу. Баяндоочу тоолуу-сын атооч.*

**255.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, баяндоочторду тапкыла.

1. Кыял апасына ар дайым жардам берет. 2. Кыргызстандагы чет элдик волонтёрлор кыргыз тилин окуп-үйрөнүп жатышат. 3. Толкуп жаткан Ысык-Көл. 4. Сабыр деген менмин. 5. Анын жашы жыйырма бештерде. 6. Менин адабий китептерим кызыктуу.

**256.** Берилген сүйлөмдөрдү маанисине жакындаштырып өзгөртүп түзгүлө. Баяндоочтордун астын сызгыла.

Ү л г ү: *Менин атам үй курат. Менин атам куруучу.*

1. Апам кийим тигет. 2. Агам институтта окуйт. 3. Иним мектепте окуйт. 4. Эжем жалаң «бешке» окуйт. 5. Мен мектепте иштеймин.

С ү й л ө ш ө б ү з: – П о г о в о р и м:

| | |
|---|---|
| Сен азыр кайда барасың? | – Куда ты пойдешь сейчас? |
| Мен азыр китепканага барамын. | – Я сейчас пойду в библиотеку. |
| Сен эртең кечинде кайда барасың? | – Куда ты пойдешь завтра вечером? |
| Эртең кечинде мен циркке барамын. | – Завтра вечером я пойду в цирк. |
| Сен дем алыш күнү кайда болосуң? | – Где ты будешь в выходной день? |
| Дем алыш күнү мен көлгө барамын. | – В выходной день я поеду на озеро. |

**257.** Төмөнкү сүйлөмдөрдүн баяндоочун түрлөрүнө карай бөлүп жазгыла.

1. Акыл – тозбочу тон, илим – түгөнбөгөн кен. 2. И. Арабаев атындагы илимий-коомдук сыйлык уюштурулган. 3. Акылдуунун сөзү – кыска, айта салса – нуска. 4. Саякатчылар Түндүк уюлга жетүүгө аракет кылышкан. 5. Келе жаткандар – бешөө. 6. Кыргыздын ак карлуу Ала-Тоосу – ушул. 7. Бүгүнкү күндө туризм тездик менен өнүгүүдө. 8. Бруно Жордано көп жылдар бою Италия, Франция, Англия, Германияны кыдырган. 9. Жокко суу да жок. 10. Алты жерде алты – отуз алты.

а) этиштик баяндооч: уюштурулган,

б) атоочтук баяндооч: тон, кен,

Баяндоочтун түрлөрүнө карай төрт сүйлөм түзүп келгиле.

## § 75. Этиштик баяндооч – Глагольное сказуемое

Кыргыз тилинде баяндооч демейде сүйлөмдүн аягында колдонулат жана көпчүлүк учурда анын милдетин этиш аткарат.

Эгерде сүйлөмдө ээнин милдетин 1-жактагы **(мен, биз)** же, 2-жактагы **(сен силер, сиз, сиздер)** жактама ат атоочтор аткарып турса, анда баяндоочко тиешелүү жак мүчөлөрү жалганат.

Сказуемое в кыргызском языке обычно стоит в конце предложения и выражается чаще всего глаголом.

Если в предложении подлежащее-личное местоимение 1-го лица **мен** (я), биз (мы) или 2-го **сен (ты), силер (Вы), сиздер** (вы), то сказуемое соответственно принимает личное окончание глагола.

М и с а л ы: *Мен окуучу**мун**. Биз окуучубуз. Сен окууч**усуң**. Силер окуучусуңар. Сиз мугалимсиз. Сиздер мугалимсиздер. Мен жазып жатамын. Сен окуп жатасың. Биз жазып жатабыз. Мен улуумун. Сен кичүүсүң.*

Этиштик баяндоочтун милдетин этиштин бардык жакталуучу формалары аткарат.

Глагольное сказуемое выражается всеми спрягаемыми формами глагола.

М и с а л ы:
*1. Мен жетинчи класста окуп жатамын.*
*2. Биз аларды кечээ көргөнбүз.*
*3. Мага кызыктуу жомок айтып бересиң.*
*4. Эмгекчил адамды эл баалайт.*
*5. Алардан көп окумуштуулар чыгышты.*



**258.** Төмөнкү этиштик баяндоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

1. Даярданып жатышат, көрүштү, келип калышар, ырдап жатты, баалайт, тарбияланууда, окуйбуз, сүйлөй баштайт, иштеп жүрөт, жаздым.

**259.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү баяндоочторду жазгыла.

1. Бөбөктөр үчүн жаңы жомоктор телеберүүдөн ... ... . 2. Ибн Сина шакирттерин дарыгерлик өнөргө ... . 3. Альп тоолору Италияны муздак шамалдан ... ... . 4. Адамдар темирди эритүүнүн ыкмасын ... . 5. Календарь бүгүнкү күндү, айды жана жуманы ... . 6. Кыргызстандын аймагы жети облуска ... .7. Ата-бабаларыбыз көчмөн турмушка ылайык келген боз үйлөрдө ... . 8. Кыргыз Республикасында ондогон энциклопедиялар ..., басмадан ... .

П а й д а л а н ы л у у ч у с ө з д ө р: *тосуп турат, жашашкан, тартууланып турат, бөлүнгөн, жазылып, чыкты, билип алышкан, үйрөткөн, көрсөтөт.*

**260.** Текстти окугула жана ээ, баяндоочторду тапкыла, берилген сөздөрдүн тушуна орусчасын жазгыла.

### АК КАЙЫҢ



Ак кайың бутактап өсүүчү, сымбаттуу дарак. Ачык жерде кайың жалгыздап өсөт. Ал апрелдин аягында гүлдөйт. Анын гүлү «чачы гүл» деп аталат. Ак кайыңдын жалбырагынын саргая баштаганы, күздүн – келгени. Ак кайыңдын уругу шамал менен тарайт. Ак кайың тез өсөт. Чейрек кылымда, ал беш кабат үйдөй узарат. Ак кайың экен – керектүү дарак. Бүчүрүнөн дары, шагынан шыпыргы жасалат. Ак кайың таптуу отун. Ак кайыңдан тактай тилинип, сөңгөгүнөн фанера, эмерек жасалат. Жыгач спирти алынат.

*Балдар энциклопедиясынан*

бутактап өсүүчү –
сымбаттуу дарак –
бүчүр –
шагы –

жалгыздап өсөт –
чейрек кылымда –
таптуу отун –
сөңгөк –

? 1. Ак кайың кандай дарак?
2. Ал качан гүлдөйт?
3. Ак кайыңдын жалбырагынын саргайышы эмнени билдирет?
4. Анын уругу эмне болот?
5. Чейрек кылымда ал кандай болот?
6. Ак кайыңдан эмнелер жасалат?

Тексттин мазмунунан алынган баяндоочторду дептериңерге жазгыла жана сүйлөм түзүп келгиле.

өсөт, гүлдөйт, аталат, тарайт, узарат, жасалат, алынат.

## § 76. Атоочтук баяндооч – Именное сказуемое

Э с к е т ү ш ү р г ү л ө: – В с п о м н и т е:

Баяндоочтун милдетин зат атооч, сын атооч, сан атооч же ат атооч да аткарышы мүмкүн. Кыргыз тилинде атоочтук баяндооч орус тилинен айырмаланып, 1-жана 2-жактын жак мүчөлөрүн кабыл алат.

Сказуемое может быть выражено существительным, прилагательным, числительным или местоимением. В кыргызском языке именное сказуемое, в отличие от русского, принимает личные окончания 1-го и 2-го лица.

М и с а л ы: *Мен чет тилдер факультетинин* ***студентимин****. Сен 7-класстын* ***окуучусусуң****. Бишкек шаары – Кыргызстандын* ***борбору****. Биздин жерибиз* ***өтө кооз****. Чыңгыз тартиптүү, сылык. Менин бөбөгүм* ***жетиде****. Токтогул деген акын –* ***ошол****.*

**261.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

1. Мен спортсмен... . 2. Сиз сүйүктүү мугалим... . 3. Силер бир тууган... . 4. Биз ынтымактуу достор... . 5. Сен жыйырма беште... . 6. Мен Мөөржандан улуу... .

**262.** Берилген суроолорго жооп бергиле. Атоочтук баяндоочторду аныктагыла.

1. Силердин класс жетекчиңер ким?
2. Окуу бөлмөңөр канчанчы?
3. Сиздин кесиптешиңизби ошол?
4. Анын атасы канчада?
5. Сенин атың ким?
6. Ысык-Көл – ушулбу?



**263.** Текстти окугула, анын мазмуну боюнча ой жүгүрткүлө.

### РАЙКАН ШҮКҮРБЕКОВ
### (1931–1962)



Райкан Шүкүрбеков – кыргыздын белгилүү драматургу жана акыны. Ал актёр да болгон. Райкан Шүкүрбеков атактуу төкмө акындар, ырчылар Алымкул, Осмонкул, Калык, Атайлар менен замандаш болгон. Алардын накыл сөздөрүн,эстен чыккыс ырларын уккан. Өзү да калеми курч акын болгон. Р. Шүкүрбеков түрдүү темадагы чыгармаларды жараткан. Анын «Жашыл токой», «Эки жол», «Кек», «Каныкей» сыяктуу драмалары, «Сагызган менен Түлкү», «Карга менен Чыйырчык» жана башка тамсилдери бар. Райкандын балдарга айтаар жомогу көп эле. Жомокторун ыр түрүндө айтчу. Анын «Эки бөжөк» деген жомогу мындайча башталат:

Адырлуу тоонун ары жагында,
Ала-Тоонун бери жагында,
Калың чийдин арасында,
Кең сары Чүйдүн талаасында,
Коён тууган экен баласын коён бойдон...

Э с к е р т ү ү: Балдарга арнап жазган: «Иттин жомогу», «Аңгемелер», «Карга», «Түлкү менен Теке» деген китептерин да окуп чыккыла.

**атактуу** – знаменитый
**төкмө акын** – акын-импровизатор
**эстен чыккыс** – незабываемый
**калеми курч** – у него острое перо
**накыл сөз** – мудрое слово
**тамсил** – басня
**чий-чий** (высокая жёсткая степная трава, стебли которой идут на изготовление циновок)

**264.** Жогорку сөз жана сөз айкаштары менен берилген сүйлөмдөрдү толуктагыла. Сүйлөмдөрдүн ээ, баяндоочторун тапкыла.

1. Р. Шүкүрбеков балдар үчүн ... чыгармаларды жазып калтырган. 2. Ал ... менен бирге жүргөн. 3. Райкан Шүкүрбеков замандаштарынын ... көп уккан. 4. Р. Шүкүрбеков ... жазуучу болгон. 5. Калың ... арасында узун кулак коён болгон. 6. ... акын түркүн жомокторду жазган. 7. Р. Шүкүрбековдун кызыктуу ... окуп чыгабыз.

Түзүлгөн суроолорго жооп берүү менен жазуу түрүндө маек түзгүлө.

1. Райкан Шүкүрбеков кандай чыгармалары менен белгилүү болгон?
2. Ал кимдердин накыл сөздөрүн, ырларын көп уккан?
3. Калеми курч акын кандай жомокторду, тамсилдерди, драмаларды жараткан?
4. Ыр түрүндөгү кандай жомокторун атап бере аласың?
5. Сен анын кандай чыгармаларын окудуң?

## § 77. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби – Порядок слов в предложении

Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби алардын синтаксистик кызматына ылайык аныкталат:

ээ менен баяндоочтун орду;

аныктооч жана аныктагычтын орду;

толуктооч жана аны башкаруучу сөздүн орду;

бышыктооч жана аны башкаруучу сөздүн орду.

Сүйлөмдө ээ мурда, баяндооч андан кийин келип, түз орун тартиби боюнча орун алат.

Порядок слов в предложении по синтаксическим функциям определяется:

подлежащим и сказуемым;

определением и местом определяемого;

дополнением и местом управляющего слова;

обстоятельством и местом обстоятельства.

Подлежащее имеет место перед сказуемым, а сказуемое после подлежащего, они образуют прямой порядок слов предложения.

Мисалы: *Кундуз Москвадан келди.*

Аныктооч аныкталгычтан мурда келет.

Определение ставится перед определяемым словом.

Мисалы: *Нурбек чоң шаарда окуйт (аныктооч – чоң).*

Толуктооч менен бышыктооч өздөрүн башкарган сөздөн мурда келет.

Дополнение и обстоятельство должны быть перед управляющим ими словом.

Мисалы: *Окуучулар тапшырманы аткарышты (толуктооч – тапшырманы). Быйыл жаз эрте келди (бышыктооч – эрте).*



Сүйлөм мүчөлөрүнүн ушундай тартипте орун алышы сөздөрдүн түз орун тартиби деп аталат.

Бирок бул дайыма эле сакталбайт. Сүйлөмдүн маанисине, стилдик максатына ж. б. жараша сөздөрдүн орун тартиби өзгөрөт.

Сөздөрдүн түз орун тартибинин өзгөртүлүп колдонулушу алардын терс орун тартиби деп аталат.

Такой порядок слов в предложении называется прямым порядком слов.

Но это не всегда соблюдается. Порядок слов изменяется по смыслу предложения, стилистической цели и т. д.

Изменение прямого порядка слов называется отрицательным порядком слов.

Мисалы: *Даниярдын мүнөзүнө күлө турганбыз биз.* (Ч. А.)

**265.** Сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартибин салыштыргыла.

1. Ай сүттөй жарык. 2. 1837-жылды М. Лермонтов Кавказда өткөрдү. 3. «Манастын» көп варианттары жана аткаруучулары бар. 4. Сары аары мыкты аңчы болуп эсептелет. 5. Булбулдун үнү абдан мукам, адамды кубантат. 6. Токойдо өсүмдүктөр кабат-кабат болуп өсөт. 8. Табияттын көптөгөн табышмактуу сырлары ачыла элек.

**266.** Сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартибин өз ара салыштыргыла. Кайсынысында ой түшүнүктүү болуп турат?

1. Канатбектин оюу акыры иш жүзүнө ашты. – Оюу иш жүзүнө Канатбектин ашты акыры. 2. Бу баланын эки жомогу боло турган (Ч. А). – Эки жомогу турган болобу баланын. 3. Анын балдарга арнап жазган көп чыгармалары бар. – Көп чыгармалары анын арнап жазган балдарга бар. 4. Адамды байлык, бийлик көркүнө чыгара албайт. – Албайт чыгара көркүнө байлык, бийлик адамды. 5. Кожомкул – кыргыз элинин атактуу балбаны. – Балбаны атактуу Кожомкул – кыргыз элинин.

**267.** Берилген сүйлөмдөрдү маанисине, стилдик максатына жараша сөздөрдүн орун тартибин өзгөртүп тууралагыла.

1. Пайда болгон мындан миллиондогон жылдар мурун Жер шарында тоолор. 2. Эң керектүү адам баласына болуп калды буюм компьютер. 3. Атайбыз макал-ылакап деп биз учкул сөздөрдү. 4. Тундрада кездешет майда суулар жана саздар көп. 5. Байыркы

гректер чыгарышкан миф ырчы Орфей жөнүндө. 6. Маугли кошо чоңоёт бөлтүрөктөрү менен карышкырдын.

**268.** Төмөнкү сөздөрдү иретке келтирип, сүйлөм түзгүлө. Түзүлгөн сүйлөмдөрдүн мааниси жактан байланышын аныктагыла.

1. Бадминтон, оюнуна, окшош, теннис. 2. Ойнолот, бул, да, тегиз, түз аянтта. 3. Бул, оюн, сыяктуу, волейбол, оюну, созулат, алганга, чейин, 15 упай. 4. Талап, кылып, шамдагайлыкты, оюн, ойнолот, тез. 5. Бадминтонду, болот, ойноого, каалаган жерде, талаада, көк жайыкта, көл жээгинде.

Жогорку мааниси жактан сүйлөмдөрдүн байланышынан түзүлгөн текстти уланткыла жана ага тема койгула.

## § 78. Жалаң сүйлөмдөр – Нераспространенное предложение

Баш мүчөлөрдүн катышына карай эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөм ж а л а ң (айкындооч мүчө жок) жана ж а й ы л м а (айкындооч мүчөлөрү бар) болуп бөлүнөт.

Жалаң сүйлөмдүн курамында баш мүчөлөр гана турат.

По наличию (или отсуствию) второстепенного члена предложения простые предложения – двусоставные делятся на н е р а с п р о с т р а н е н н ы е и р а с п р о с т р а н е н н ы е простые предложения.

Нераспространенные простые предложения в своем составе имеют только главные члены.

М и с а л ы: *Коңгуроо кагылды. Сабак башталды.*

**269.** Текстти окуп, орус тилине которгула. Жалаң сүйлөмдөрдү көрсөткүлө.



ЖАЗ МЕЗГИЛИ

Жаз келди. Күн жылыды. Асман ачык. Жер жашылданды. Бак-дарактар бүрдөдү. Гүлдөр ачылды. Канаттуулар кайтып учуп келишти. Күкүк таңшыды. Торгой сайрады. Талаа жумуштары башталды. Жер айдалды. Үрөн себилди. Үй бакчалары, короо-жайлары тазаланды. Алма-өрүк жана башка жер-жемиш бактарынын түбү жумшартылды. Алар сугарылды. Мектептин айлана-чөйрөсү да иретке келтирилди. Гүлзар тазаланды. Түркүн гүлдөр отургузулду. Окуучулар көп жумуштарды бүткөрүштү. Мугалимдер аларга абдан ыраазы болушту. Жазгы жумуштар аяктады. Балдар топ ойношот. Ары-бери чуркашат. Көңүлдөрү куунак. Алар таза абада дем алышат.



**270.** Төмөндөгү сол жактагы сөздөргө мааниси ылайык келген оң жактагы сөздөрдү байланыштырып, жалаң сүйлөмдөрдү түзгүлө.

| | |
|---|---|
| Китеп | аткарылды |
| Биз | жаады |
| Көл | гүлдөдү |
| Тапшырма | ачык |
| Күкүк | кызыктуу |
| Айлана | аткарылды |
| Күн | сайрады |
| Жаз | толкуду |
| Жамгыр | ырдадык |
| Ландыш | келди |

**271.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Аларды салыштыргыла, баш мүчөлөрүн аныктагыла.

1. Кызгалдактар ачылды. 2. Рафаэль сүрөт өнөрү менен замандаштарын таң калтырган. 3. Күлүк тапталды. 4. Чоң тоту куштар жаңгак чагып жей алат. 5. Мелдеш күчөдү. 6. Шаркыратмалар дайыма эле бир калыпта тура бербейт. 7. Күн күркүрөдү. 8. Н. Н. Носов Незнайка жөнүндөгү жомокту жазган. 9. Таң атты.

**272.** Текстти окугула. Жалаң сүйлөмдөрдү тапкыла.

– Апаң кайда?
Бала үндөбөдү. Апасынын жайын айтуудан кыйналчу.
– Дайынын билгизбей кетти го апаң. Сен кайдан билмексиң.
– Билбейм.
– Атаңчы? Атаңы да билбейсиңби?
Бала унчукпады.
– Эчтеме билбегениңе жол болсун, жигит? – дүкөнчү саал жекире тамашалады. – Болуптур, эмесе... билбесең билбессиң. Келе чөнтөгүңдү тос,– деп конфет уучтап сунду.

– Чоң жигит бол!
Бала тартынды.

*Ч. Айтматов, «Ак кеме»*

Жалаң сүйлөмдөрдү катыштырып, чакан текст түзгүлө.

## § 79. Көнүгүү, машыгуу иштери – Упражнения для приобретения навыков

**273.** Ээлик милдетин аткаруучу сөздөргө кашаанын ичиндеги сөздөрдүн маанилешин тууралап байланыштырып, жалаң сүйлөмгө айландыргыла.

| | |
|---|---|
| 1. Бала ... | (аткарылды, жаады, ойгонду). |
| 2. Даракттар ... | (күчөдү, бүрдөдү, келди). |
| 3. Ландыш ... | (ырдады, күлдү, ачылды). |
| 4. Ысык-Көл ... | (толкуду, акты, жайнады). |
| 5. Жомок ... | (көрүндү, басылды, айтылды). |
| 6. Айтыш ... | (күчөдү, гүлдөдү, көбөйдү). |

**274.** Берилген суроолорго жооп бергиле да, сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла.

1. Китеп кандай?
2. Булбул сайрадыбы?
3. Мектеп чоңбу?
4. Жер-жемиш быштыбы?
5. Чыңгыз келдиби?
6. Жомок жактыбы?
7. Гүлдөр кандай?

**275.** Диалогду эки-экиден окугула да, жалаң сүйлөмдөрдү көрсөткүлө.

### ЖАЙ МЕЗГИЛИНДЕГИ ЖОЛУГУШУУ

А й д а й: – Алина кандайсың? Шаардан качан келдиң?
А л и н а: – Жакшымын. Шаардан, бүгүн келдим.
А й д а й: – Шаарда күн ысыдыбы?
А л и н а: – Күн ысыды. Ысыкка чыдабай көлгө келдик.
А й д а й: – Абдан жакшы болду. Көлгө бирге түшөбүз.
А л и н а: – Сен көлдө сүзө аласыңбы?
А й д а й: – Ооба, мен сүзөмүн. А, сенчи?
А л и н а: – Мен сүзгөндү жакшы билбеймин. Сен үйрөтөсүңбү?
А й д а й: – Анда эмесе, кеттик көлгө!
А л и н а: – Жакшы болот, кеттик!

**276.** Берилген сүйлөмдөрдү жалаң сүйлөмдөргө айландыргыла.

1. Мен кызыктуу китеп окудум. 2. Коңгуроо кагылып, сабак башталды. 3. Күн күркүрөп, жамгыр жаады. 4. Апам келип, биз



сүйүндүк. 5. Көлгө түшүп, чабак урдук. 6. Жаз келип, гүлдөр жайнады. 7. Таң атып, жарык кирди. 8. Кар эрип, байчечекейлер ачылды.

Ү л г ү: *Мен окудум. Китеп кызыктуу.*

Жалаң сүйлөмдөрдү катыштырып, диалог түзүп келгиле.

## § 80. Сөз өстүрүү – Развитие речи

**277.** Төмөнкү ырды окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Жалаң сүйлөмдөргө көңүл бургула.

### КӨКТӨМ

Жаз келди, гүлдөр жайнап.
Алма бак бүчүр байлап.
Жел жүрөт, булут калкып.
Күн күлөт, нуру жаркып.
Аскалар шиштей учтуу.
Коо-колот жыпар жыттуу.
Жер жашыл, асман көпкөк.
Ар кайсыл гүлдөр: ак, көк...

**көктөм** – ранняя весна  **коо-колот** – узкая горная долина

**278.** Жалаң сүйлөмдөрдөгү баяндоочтук милдетти аткаруучу сөздөрдүн синонимин тапкыла.

Ү л г ү: *Окуучу саламдашты – учурашты.*

Эжем жарыялады –
Маселе далилденди –
Мугалим кубанды –
Спортсмендер мелдешти –
Сабактар аяктады –
Атам сезди –

**279.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп, сүйлөмдөрдү толуктагыла. Алардын баш мүчөлөрүн аныктагыла.

Ү л г ү: *Музыка угулду.* (салынды, окуп жатат, угулду, чоңойду, түштү, акталды, чертилди, сугарылды, башталды, токтоду)

Уулу ... .
Мектеп ... .
Үй ... .
Студенттер ... .
Суу ... .
Бакча ... .
Той ... .
Чагылган ... .
Комуз ... .

**280.** Төмөндөгү баяндоочтор менен жалаң сүйлөм түзгүлө.

1. ... отурат. 2. ... учту. 3. ... сүйлөдү. ... 4. ... жазды. 5. ... түштү. 6. ... келди.

**281.** Төмөнкү макалдардын маанисин түшүндүргүлө.

| | |
|---|---|
| Ууру байыбайт. | – Вор не разбогатеет. |
| Озунган утат. | – Кто старается, тот добивается. |
| Кыз – конок. | – Дочь-гость (в доме родителей) |
| Тааныбасты сыйлабас. | – Кого не знают, того не уважают. |

Төмөндөгү кластердин жардамы менен жалаң сүйлөмдөрдү катыштырып текст түзгүлө.




## § 81. Жайылма сүйлөм – Распространённое предложение

| | |
|---|---|
| Жайылма сүйлөмдүн курамында баш жана айкындооч мүчөлөр турат. | Распространенные предложения в своем составе имеют главные и второстепенные члены. |

Мисалы: *Жылдыз англис, испан, кыргыз тилдеринде эркин сүйлөйт.*

**282.** Сүйлөмдөрдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүн аныктагыла. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү эрежеге ылайык салыштыргыла.

1. Таң атты. Эч жерде булут жок. Асман ачык. 2. Ысык-Көл мелтиреп турат. Күн ысык. Балдар чабак уруп жарышат. 3. Жаз келди. Жазгы жумуштар башталды. Адамдар талаада иштеп жатышат. Жумуш күчөдү. 4. Айлана жымжырт. Жамгыр төгө баштады. Суу болдук. Мен үшүдүм. Аңгыча үйгө да жетип калдык.



**283.** Төмөндөгү диалогду эки-экиден окугула. Жайылма жана жалаң сүйлөмдөрдү аныктагыла.

Рысбек: – Сен эртең менен саат канчада турасың?
Нурбек: – Мен эртең менен саат 7де турамын.
Рысбек: – Мектепке канчада жөнөйсүң?
Нурбек: – Сегизде.
Рысбек: – Сабактар кызыктуубу?
Нурбек: – Ооба, кызыктуу.
Рысбек: – Китепканага барып турасыңбы?
Нурбек: – Барып турамын.
Рысбек: – Бош убактыңда эмне кыласың?
Нурбек: – Мен машыгамын. Компьютерде иштеймин. Үй тапшырмаларын аткарамын.
Рысбек: – Ата-энеңерге ким жардам берет?
Нурбек: – Мен жардам беремин. Алар ыраазы болушат.
Рысбек: – Сен азыр бошойсуңбу? Киного бирге баралы.
Нурбек: – Мен бош элемин.
Рысбек: – Анда эмесе, кеттик, киного.

**284.** Көп чекиттин ордуна баяндоочтук милдетти аткаруучу сөздөрдү жак мүчөлөрүнө карай тууралап жазгыла. Баш жана айкындооч мүчөлөрүн таап, астын сызгыла.

1. А. С. Пушкин жыйырма жашында «Руслан менен Людмила» поэмасын ... (жаратуу). 2. Окуу жылы Индияда июнь айында ... (башталуу). 3. Биз тынчтыкта жашоону ... (каалоо). 4. Ал Жаңы Гвинеяда көп жыл ... ( иштөө). 5. Мен симфониялык музыканы көңүл коюп ... (угуп жатуу). 6. Силер улуттук оюндар мелдешине ... (катышуу).

**285.** Берилген жалаң сүйлөмдөрдү жайылма сүйлөмдөргө айландыргыла.

Жел жүрдү.–
Сырт капкараңгы.–
Таң атты.–
Жылдыздар тарады.–
Окуу аяктады.

Үлгү: *Эгин-тегин жыйналды. – Быйыл эгин-тегин эрте жыйналды.*

Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү катыштырып маек түзүп келгиле.

## § 82. Текст менен машыгуу иштери – Работа над текстом для приобретения навыков

**286.** Текстти окугула, сүйлөмдөрдүн баш жана айкындоочмүчөлөрүн тапкыла.

### КУРМАНЖАН ДАТКА



Курманжан датка 1811-жылы Кара-Суу районуна караштуу Мады айылында туулган. 1832-жылы ал Алайды башкарып турган Алымбек даткага турмушка чыккан. Алымбек датка бардык кыргыздарды бириктирүүнү каалаган. Ал чечкиндүүлүк менен өз максатына жеткен. Бирок ал 1862-жылы козголоңчулар тарабынан өлтүрүлгөн. Эркиндикти сүйгөн кыргыздарды Курманжан өз колуна алат. Ал кыргыз элин акыл-эстүүлүк менен башкарып турган. Ага датка деген наам берилген. Курманжан датка орустар менен кыргыздардын ортосунда тынчтык келишимин бекем сактап турган. Анын кыраакылыгы менен далай жерде кан төгүлбөй калган. Дипломатиялык сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө орус генералы М. Скобелев даткага чоң урмат-сый көрсөткөн. Курманжан датканын кыраакылыгына жараша ага «Алай ханышасы» деп баа берген.

Алымбек датка менен Курманжан датканын уулдары Абдылдабек, Баатырбек, Асанбек, Маматбек, Камчыбек Кокон хандыгына каршы күрөшкөн. Эң сүйүктүү уулу Камчыбек дарга асылган. Уулу Маматбек жана эки небереси Арсланбек менен Мирзапаяс Сибирге айдалган.

Курманжан датка 1907-жылы дүйнөдөн кайткан. Анын легендарлуу аты биздин күнгө чейин белгилүү болду. «Алай ханышасынын» неберелери Кадырбек Камчыбеков жана Жамшыбек Карабеков совет доорунун даңк орденинин кавалери болушкан. Ал эми чөбөрөсү Адышев Муса Мирзапаясович – окумуштуу-геолог, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын президенти болгон.

**наам** – звание
**датка** – одно из высоких званий, присуждавшихся в Кокандском и Бухарском ханствах
**козголоңчу** – мятежник
**башкаруу** – правление
**тынчтык келишими** – мирный договор
**кыраакылык** – бдительность, дальновидность, догадливость
**дарга асылган** – вздернут на виселице
**дүйнөдөн кайткан** – скончалась
**«Алай ханышасы»** – «Алайская царица»
**доор** – эпоха, век
**небере** – внук
**чөбөрө** – правнук



1. Төмөнкү сөздөрдүн маанилешин тексттен таап жазгыла:

| | |
|---|---|
| Ү л г ү: төрөлгөн – көз жарган – | туулган |
| башында туруу – жетектөө – | ... |
| баш кошуу – үйлөнүү – | ... |
| билимдүү – кыраакы – | ... |
| баалоо-барктоо – | ... |
| көз жумган – өлгөн – | ... |
| билгичтик-билермандык – акылмандык – | ... |

2. Тексттен алынган сүйлөмдөрдү айкындооч мүчөлөрдүн катышына карай далилдегиле, талдагыла жана орус тилине которгула.

1) Алымбек датка бардык кыргыздарды бириктирүүнү каалаган.
2) Курманжан датка кыргыз элин ишенимдүү башкарып турган.
3) Курманжан датка орустар менен тынчтык келишимин түзгөн.
4) Курманжан датка 1907-жылы дүйнөдөн кайткан.

? 1) Курманжан датка ким болгон?
2) Ал кыргыз элин кандай башкарып турган?
3) Эмне себептен ага «Алай ханышасы» деген наам берилген?
4) Датканын уулдары кимдер болгон? Алар кандай иш-аракеттерди жүргүзүшкөн?
5) Анын небере, чөбөрөлөрү жөнүндө кандай маалыматтарды билдиңер?
6) Курманжан датка качан дүйнөдөн кайткан?

1. 1-тапшырмада берилген сөздөр менен тексттин мазмунуна байланыштырып сүйлөм түзүп келүү.
2. Тексттин негизги идеясына ой жүгүрткүлө.

## § 83. Сөз өстүрүү – Развитие речи

**287.** Текстти окугула. Ээ жана баяндоочтук милдетти аткаруучу, мааниси жактан туура келүүчү сөздөр менен сүйлөмдөрдү толуктагыла. Баш жана айкындооч мүчөлөрүн тапкыла.

### БИШКЕК

Эгемендүү Кыргызстандын борбору – ... шаары болуп эсептелет. Ал Чүй өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө ... . Деңиз деңгээлинен

700–900 метр бийиктикте ... . Бишкек – Борбор Азиядагы ири шаарлардын бири катары ... . Бишкек 1825-жылы чеп болуп ... . 1878-жылы Бишкек уездинин ... ... укугун алган. 1924-жылы ... Кыргыз автономиялуу облусунун борборуна ... . 1926-жылдан баштап ... ... деп аталган. 1991-жылы ага тарыхый өз аты ... ... . Аянты 15,7 миң га, ... 4 административдик аймакка ... .

Пайдаланылуучу сөздөр: *кайтарылып берилген, жайгашкан, Фрунзе шаары, шаар, бөлүнөт, негизделген, борбор шаары, айланган, эсептелет, орун алган, Бишкек.*

**288.** 1. Суроолорго жооп бергиле. Баяндоочтук милдетти аткарган сөздөрдүн синонимин тапкыла.

? 1. Бишкек шаары кайсы жерде орун алган?
2. Деңиз деңгээлинен канча метр бийиктикте жайгашкан?
3. Бишкек кандай шаар катары эсептелет?
4. Ал кандай административдик аймактарга бөлүнөт?

Үлгү: *эсептелет – кабыл алынат – аталат.*

**289.** Берилген сөздөрдү байланыштырып жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү түзгүлө.

| | |
|---|---|
| 1. Ак кайың | бүрдө |
| 2. Бөбөгүм сүрөт өнөрү | кызыгуу |
| 3. Байчечекейлер | жайна |
| 4. Биз көлгө түшүү | баруу |
| 5. Экзамендер | бүтүү |
| 6. Бишкек күндөн-күнгө | жакшыруу бара жатат. |

**290.** Белгиленген сөздөрдүн маанисин карама-каршы маанидеги сөздөрдүн жардамы менен аныктагыла жана аларды катыштырып жайылма сүйлөмдөрдү түзгүлө.

тырышчаак – жалкоо
кубануу – өкүнүү
мээримдүү – таш боор
жумшак – катуу
боорукер – кайрымсыз

288-көнүгүүдөгү текстти «Бүгүнкү Бишкек» деген мазмунда улантып келгиле.



## § 84. Жылдык өтүлгөн материалдар боюнча алган билимдерин жөнгө салуу – Систематизация знаний по пройденным материалам за год

**291.** Сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү ат атоочторду коюп толуктагыла. Сүйлөмдөрдү сөз түркүмүнө карай талдагыла.

(алар, эч качан, биз, бул, ким, ал)

Үлгү: *Бул мектеп жаңы салынган.* Бул – мааниси боюнча шилтеме ат атооч, түзүлүшү боюнча жөнөкөй, жекелик санда, атооч жөндөмөсүндө турат.
Мектеп –

... мектеп жаңы салынган.
... Москва шаарына окууга кетти.
... апамды унутпаймын.
... мелдеште биринчиликти алды?
... экзаменди ийгиликтүү тапшырышты.
... англис тилин волонтёр менен үйрөнүп жатабыз.

**292.** Сүйлөмдөрдөн табыш жана элес тууранды сөздөрдү аныктагыла.

1. Балдар шашылбай шылдыр-шылдыр аккан булакка келишти. 2. Асмандагы түнкү жылдыздар жылт-жулт этишет. 3. Корккондуктан анын жүрөгү шуу дей түштү. 4. Мен күүгүмдө сереӊ эткен караанды байкадым. 5. Шарп-шарп жээкке урунган толкун күчөдү. 6. Асел мөлт-мөлт кеткен көз жашын токтото алган жок.

**293.** Сүйлөмдөрдөгү кызматчы сөздөрдү тапкыла. Аларды маанисине карай бөлүп жазгыла.

1. Окуучулар мектепти көздөй чуркашты. 2. Ысык-Көлдүн кооздугу менен байлыгына сыктанабыз. 3. Акылдуу адам абдан ак ниет жана өтө маданияттуу болот. 4. Бүтүрүү кечесине карата концерт уюштурдук. 5. Гүлзат тестирлөөдөн көп упай топтоду, себеби ал жакшы окуду. 6. Нарбек гана эч тартынбастан суроолорго жооп берип жатат.

1. жандоочтор: 2. байламталар: 3. бөлүкчөлөр:

**294.** Төмөнкү сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карай тыныш белгилерин коюп, дептериңерге көчүрүп жазгыла.

1. Бүтүрүү кечесине арналган салтанаттуу майрамыңар кут болсун... 2. Аймактык предметтер боюнча олимпиадага катышууга силер даярдандыңарбы... 3. Биз А. Осмоновдун поэзиялык чыгармаларын окуп жатабыз... 4. Улууларга урмат, кичүүлөргө

ызат көрсөткүлө... 5. Айлыңардагы жардамга муктаж адамдарды билдиңерби... 6. Жашасын бактылуу балалыктын таттуу күндөрү...

Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүн кайталап келгиле.

## § 85. Өтүлгөн материалдар боюнча алган билимдерин жөнгө салуу – Систематизация знаний по пройденным материалам

**295.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү жөнөкөй жана тутумдаш ээ, баяндоочторду өз-өзүнчө бөлүп жазгыла.

1. Эр жигит эл четинде, жоо бетинде. 2. Алар чет өлкөгө саякатка даярданып жатышат. 3. Ак куулар кайтып келишти. 4. Калп – ырыс кесет. 5. Ата-энем жумушка кетет. 6. Мен тексттин мазмунун айтып берип жатамын. 7. Кыргыз тили мамлекеттик тил болуп саналат. 8. Кундуз өз ишин мыкты уюштурат. 9. Ата-бабаларыбыз тынчтыкта, ынтымактуу жашоону ыйык тутуп келишкен. 10. Менин курбум диссертациялык ишин ийгиликтүү жактады.

1. жөнөкөй ээ: 3. жөнөкөй баяндооч:
2. тутумдаш ээ: 4. тутумдаш баяндооч:

**296.** Сүйлөмдөрдөгү ээнин милдетин аткаруучу сөздөрдү тапкыла.

1. Биз терең билим алууга умтулабыз. 2. Сабак кызыктуу өтүлдү. 3. Үчөө бизге абдан чоң жардам көрсөтүштү. 4. Мен тарых сабагына кызыгамын. 5. Салтанат аспирантурада окуп жатат. 6. Көпкөгү тандалып алынды.

**297.** Сүйлөмдөрдүн баяндоочторун түрлөрүнө карай топтоп жазгыла.

1. Беш жерде беш – жыйырма беш. 2. Чойбек – прокурор. 3. Айдай мектепте окуп жатат. 4. Агам – бизнесмен. 5. Мен 8-класска көчөмүн. 6. Анын айылы – тоолуу. 7. Бөбөгүм бала-бакчага барат. 8. Ал – студент. 9. Алар бүгүн чогуу келип калышат. 10. Эрмек жоопкерчилик менен иштеп жатат.

1. атоочтук баяндоочтор:

2. этиштик баяндоочтор:

**298.** Төмөнкү сөздөрдүн орун тартибин тууралап коюп, сүйлөм түзгүлө.

1. Меймандар, узады, үйдөн, бүгүн.
2. Сегизде сабак, саат, эртең менен, башталат.



3. Мактоо, баракча, менен, сыйланды, жакшы, окуучу.
4. Кулпунат, Ала-Тоо, жазында.
5. Үйлөр, бийик, курулду.

**299.** Сүйлөмдөрдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүн тапкыла.

1. Алма-өрүк бышып жетилди. 2. Мен англис тилинде эркин сүйлөй аламын. 4. Үмүтбек Испанияга кетүүгө даярданып жатат. 5. Окуу китеби жазылды. 6. Алар жакында Чолпон-Атага келишти. 7. Коён качты.

Төмөнкү текстти окугула, түшүнүксүз сөздөрдү сөздүктүн жардамы менен которгула. Тексттин мазмуну боюнча ой жүгүрткүлө, анын негизги идеясын тапкыла.

### ЖУСУП БАЛАСАГЫН



Жусуп Баласагын илим-билим, маданият гүлдөп турган орто кылымдын көрүнүктүү өкүлү. Анын турмуш жолу, чыгармачылыгы жөнүндө маалыматтар аз. Жусуп Баласагын болжолу 1010–1016-жылдары же, 1018-жылы Токмокко жакын Баласагын шаарында туулган. Анын 18 айда жазып бүткөн энциклопедиялык баалуу чыгармасы «Кут алчу билим» деп аталат. Ойчул өз чыгармасын жогору баалап, аны билимдүү адамдарга арнаган. Билим – турмуш куту. Ошондуктан адам талбай билим алып, окуп-үйрөнүп издениши керек. Жусуп Баласагындын оюу боюнча адам өз өмүрүн окуу, үйрөнүү, үлгү алуу менен гана байыта алат. Акыл адам баласына табиятынан берилген касиет. Ойчул – акын акылды адептүүлүк жолун тутуунун бирден-бир зарыл шарты деп эсептеген. «Кут алчу билим» поэмасында адамдагы жөнөкөйлүк жана кичипейилдик касиеттерин жогору баалаган. Ошондой эле адамдын көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук сыяктуу наркутуу касиеттердин артыкчылыгын да кеңири айткан. Жаш баладагы бул сапаттар алды менен үй-бүлөдө, ата-эненин таалим-тарбиясы менен калыптана тургандыгын аныктайт. Үлгүлүү ата-энеден өрнөктүү тарбия көргөн балдар маданияттуу, акыл-эстүү жана бактылуу болорун жеткиликтүү түшүндүргөн. Балдары акылдуу болсун деген ата-эне аларга жаштайынан билим берүүсү зарыл экендигин чыгармада баса белгилейт.

## § 86. Чейректик жазуу ишин жүргүзүү – Проведение письменной работы за четверть

**300.** Сөз айкаштарынын маанилешин тексттен таап жазгыла.

2. белгилүү көсөмү – атактуу даанышманы – ?
3. өмүр баяны – жашоосу – ?
4. мазмундуу поэмасы – сапаттуу дастаны – ?
5. акыл-эстүүлөргө – билимдүү-илимдүүлөргө – ?
6. өрнөк кылуу – үйрөнүү – ?
7. акылман акын – чыгарма жаратуучу – ?
8. тарбия-таалимдүүлүк –
9. ыйгарылган шык-жөндөм – жаралган талант – ?

Ү л г ү: 1. *өркүндөгөн учурдагы – гүлдөп турган*

**301.** Сүйлөмдөрдү жогорку сөз айкаштары менен маанисине ылайыктап, толуктап жазгыла.

1. Ж. Баласагындын ... ... «Кут алчу билим» деп аталат. 2. ... ... акылды ... ... тутуунун бирден-бир зарыл шарты деп эсептеген. Ж. Баласагын илим-билим, маданият ... ... орто кылымдын ... ... . 4. Анын ... ... , чыгармачылыгы жөнүндө маалыматтар аз. 5. Ж. Баласагындын ою боюнча адам өз өмүрүн окуу, ... ... менен гана байыта алат. 6. Акыл адам баласына табиятынан ... ... . 7. Улуу ойчул өз чыгармасын ... ... гана арнаган.

**302.** Төмөнкү суроолорго жазуу түрүндө жооп бергиле.

1. Ж. Баласагын кайсы кылымдын көрүнүктүү өкүлү?
2. Ал кайсы жерде жана болжолу канчанчы жылдары туулган?
3. Анын эң баалуу чыгармасынын аталышы кандай?
4. Ж. Баласагын өз чыгармасын кандай баалаган жана аны кимдерге арнаган?
5. «Кут алчу билим» чыгармасында адамдын кандай сапаттары бааланат?

**303.** Тексттин негизги идеяларын далилдеп бергиле.

1. Ж. Баласагын маданият гүлдөп турган орто кылымдын атактуу даанышманы. 2. Анын оюу боюнча адам өз өмүрүн билим алуу, үйрөнүү, үлгү алуу менен байыта алат. 3. Ойчул акын адамдын жөнөкөйлүк, кичипейилдик, көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук сыяктуу касиеттерин жогору баалайт. 4. Үлгүлүү ата-энеден жакшы таалим-тарбия алган адептүү балдар гана акыл-эстүү, бактылуу болорун өзүнүн чыгармасында жеткиликтүү түшүндүрө



алган. 5. Ал балдары акыл-эстүү, адептүү болсун деген ата-энелер аларга кичинесинен билим берүүсү зарыл экендигин баса белгилеген. 6. Ж. Баласагындын «Кут алчу билим» чыгармасын билимдүүлөргө, акылдууларга гана арнаган.

**304.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдөрдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүн аныктап, астын сызгыла.

1. Биз Ж. Баласагындын «Кут алчу билим» чыгармасын окуп-үйрөнөбүз. 2. Ж. Баласагын чыгармасын билимдүүлөргө гана арнаган. 3. Окурмандар чыгармадагы касиеттүү адамдык сапаттарды баалашат.

Ж. Баласагын жана анын чыгармасы жөнүндө кандай маалыматтарды билдиңер, кыскача айтып бергиле.

## § 87. Жыйынтыктоочу сабак – Итоговый урок

Ө т ү л г ө н д ө р д ү э с к е т ү ш ү р г ү л ө: – В с п о м н и т е:

1. Тууранды сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?
2. Тууранды сөздөр маанисине карай кандай болуп бөлүнөт?
3. Табыш жана элес тууранды сөздөргө мисалдар келтиргиле.
4. Кыргыз тилинде кандай кызматчы сөздөр бар?
5. Сүйлөм деген эмне? Айтылыш максатына карай кандай болуп бөлүнөт?
6. Сүйлөмдүн грамматикалык негизин эмнелер түзөт?
7. Сүйлөмдүн ээси курамына карай кандай болуп бөлүнөт? Мисал келтиргиле.
8. Ээнин милдетин кайсы сөздөр аткарат?
9. Сүйлөмдүн баяндоочу курамына карай кандай болуп бөлүнөт? Мисал келтиргиле.
10. Баяндоочтун кандай түрлөрү бар? Аларды мисал келтирүү менен түшүндүргүлө.
11. Сүйлөмдөр баш жана айкындооч мүчөлөрдүн катышына карай кандай болуп бөлүнөт?

Мисал келтирүү менен түшүндүргүлө.

**305.** Биринчи катардагы сүйлөмдөрдү мааниси туура келүүчү экинчи жактагы сөздөр менен байланыштыргыла. Алар сүйлөмдө кандай милдет аткарат?

1. ... ... адамдык жакшы сапаттар жөнүндө терең ой жүгүрткөн. «Кут алчу билим».

2. Анын «Кут алчу билим» аттуу поэмасы түрк тилинде ... . боло алат.

3. «… …» акыл-эстүү, адептүү адамды кут-бакытка карай багыт берет. жазылган.

4. Акылы тунук, билимдүү адам башкаларга өрнөктүү … … . Ж. Баласагын.

**306.** «Кут алчу билим» чыгармасынан үзүндүнү көркөм окугула. Мазмунуна терең ой жүгүрткүлө да, аны жаттагыла.

Ушул китеп улуу күндөр жемиши,
Билимдүүгө – терең билим деңизи.
Чексиз баалуу билимдердин ширеси,
Аны окуп каниет табар ким өзү?
Жалаң акыл-насаат сөздөн түзүлгөн,
Шуру сымал жипке тизилген.
Бул китептин баркын билет окуган,
Билимсиздин эмне келет колунан!

Билимсиздер кантип окуп түшүнөт?
А билимдүү окуйт, барктайт, күтүнөт.
Мындан артык мурун китеп бар беле?
Жаралабы кийин буга тең, тете?
Эгер чыкса андай белдүү азамат,
Даңктанганга мен даярмын кубаттап!

? а) «Кут алчу билим» чыгармасы кандай бааланып жатат?

б) Бул китептин баркына жетээр ким?

в) Билимсиздер бул чыгарманы окуп, маани-мазмунун түшүнө алабы?

г) Ушундай баалуу китеп жаратуучу азамат келечекте чыгабы?

д) Силерге Ж. Баласагындын чыгармачылыгы кандай таасир берди?



## КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА СӨЗДҮК
## КЫРГЫЗСКО-РУССКИЙ СЛОВАРЬ

**А**

**агуу** – течение
**агыз** – сплавлять; уносить
**адилеттик** – справедливость
**адис** – специалист
**ажайып** – удивительный, изумительный
**азоо** – необъезженный
**ай балта** – бердыш
**айдарым** – легкий ветерок
**айтылуу** – известный
**акиташ** – известь
**акмак** – глупец
**акта** – белить
**ала бүркөк** – пасмурный
**алачык** – лачуга, шалаш
**алгачкы жолу** – первый раз
**алдын ала** – заранее
**алек бол** – метаться
**алкымдан ал** – вцепиться в горло
**алынча** – не так уж
**амал менен** – хитростью
**анар** – гранат
**анда-санда** – иногда, изредка
**анчалык** – сколько, на сколько
**аңгычакты** – вдруг
**аралык** – промежуток, расстояние
**араң** – еле-еле, едва-едва
**аргендей** – приятный, красивый
**ардак** – почёт, уважение
**«Ардак белгиси» ордени** – орден «Знак Почёта»
**ардакталган** – уважаемый, почётный
**арзырлык** – достойный
**ар кайсы** – некоторые
**аркар** – архар, горный баран
**арс чычкан** – горностай
**арттыруу** – умножать, усиливать
**артыкчылык** – превосходство, преимущество
**аска таш** – вздымающаяся скала
**асман тиреген** – возвышающиеся к небу
**асыл** – благородный
**атак алып келген** – принесло славу, прославило
**аткар** – исполнять, выполнять
**атынып алуу** – застрелиться
**ачарчылык** – голод
**ачуулуу түрдө** – сердито
**ачык-айкын** – ясно
**ачылыш** – открытие
**ашкереле** – выявлять; обличать

**Б**

**баалуу** – ценный
**баам** – понимание
**баамчыл** – догадливый
**багын** – подчиняться, сдаваться
**бадам** – миндаль
**байгелүү орун** – призовое место
**байкаба** – не замечать
**байкоо** – наблюдать
**байкоосуздан** – неожиданно
**байла** – ставить на откорм; перекрыть (реку)
**бакан** – шест
**бака-шака түшүп** – в суматохе, второпях
**бактысын ач** – осчастливить, дать счастье
**бакча** – бахча
**бакыр** – громко закричать
**балбан жүрөк** – богатырское сердце
**балбылда** – сверкать, пламенеть
**балык кармоочу чарбалар** – рыболовецкие хозяйства
**баркын бил** – понять ценность
**Басма күнү** – День печати
**баш кесер** – головорез
**башынан кечирген** – переживший, испытавший
**баянда** – рассказывать, повествовать
**беде** – клевер; люцерна
**белек** – подарок
**бел** – поясница; талия
**беленде** – готовить
**бел чечпей** – *здесь:* не раздеваясь
**бергич** – передатчик
**бети албыруу** – раскрасневшееся лицо
**бешмант** – верхняя одежда на подкладке
**бийкеч** – девушка, девица
**билеги жоон** – *здесь:* сильные руки
**билим алуу** – получить образование
**бир жагынан** – с одной стороны
**бир топ** – изрядно, довольно много
**бойлой бастыруу** – ехать вдоль
**болочок** – будущий
**болуптур** – ну ладно
**бороз сал** – вспахивать борозду

**бороон күчөгөндүктөн** – из-за сильного бурана
**борпоң** – рыхлый
**бөгөл** – быть перекрытым
**бөкчөңдө** – горбиться
**бөлүм** – отдел; часть
**бөрү карагат** – барбарис
**бурал** – виться, извиваться
**бүлбүлдөгөн** – мерцающий
**бүтүндөй** – целиком, полностью
**бүтүрүү** – кончать, заканчивать
**бүчүр байла** – распустить почки

Г
**граждандык согуш** – гражданская война
**гүлдүн ширеси** – нектар

Д
**дал бол** – растеряться, опешить
**даңкта** – прославлять
**дароо** – быстро
**демилге** – старание, усилие
**демилгелүүлүк** – инициативность
**деңгээл** – уровень
**деңиз** – море
**долоно** – боярышник
**доңуз** – дикая свинья, кабан
**доо** – тяжба; претензия
**дөбө** – холм
**дөөлөт** – богатство, достояние
**дуу күл** – хором засмеяться
**дээрлик** – почти

Ж
**жаанын огу** – стрела
**жак** – нравиться
**жадыра** – доставлять удовольствие
**жай** – положение
**жайдары жүз** – приветливый; весёлый
**жайкалган эгин** – густая пшеница
**жайна** – во множестве рассыпаться
**жайнаган** – многочисленный
**жайыл** – распространиться
**жактыр** – одобрять; понравиться
**жакшынакай** – хорошенький, миловидный
**жакырлык** – бедность, нищета
**жал** – грива
**жалбырттаган** – вспыхнувший
**жалжылдаган** – сияющий
**жал куйругу төгүлгөн** – длиннохвостый и длинногривый
**жалчы** – батрак, наёмник
**жалын** – пламя
**жамал** – красота
**жамы журт** – весь народ
**жамын** – укрываться; покрываться
**жамынган** – покрытый
**жан аяган** – жалеющий свою жизнь
**жандай сүйкүм** – любимая
**жан дос** – задушевный друг
**жан дүйнө** – мир души
**жан талаш** – приложить все усилия
**жаңгактуу** – орехоплодный
**жаңгактын кабыгы** – скорлупа ореха
**жаңылуу** – ошибаться
**жаңыр** – обновиться
**жар** – обрыв, крутой берег
**жаратуу** – создать
**жарашкан** – красивый
**жарк-журк этүү** – сверкать
**жарыша сүйлө** – перебивать друг друга
**жарышуу** – соревнование
**жасалгалоо** – украшать, обставлять
**жашыл деңиз таш бакасы** – зелёная морская черепаха
**жел** – ветерок
**жел кайык** – парусная лодка
**желмогуз** – чудовище
**жел сыйпайт** – ласкает ветерок
**жем бол** – стать жертвой
**жеме** – упрёк, попрёк
**жем-чөп** – корм
**жеңилбес күч** – непобедимая сила
**жер айда** – пахать землю
**жер иштетүү** – обработка земли
**жер кыртышы** – почва
**жетекчилиги астында** – под руководством
**жон** – спинной хребет
**жоо бетинде** – перед лицом врага
**жөлөк** – опора
**жөнөкөйлүк** – скромность, простота
**жугушат** – передаётся
**жулкуу** – дергать
**жулуп ташта** – вырывать, выдернуть
**жумшарт** – смягчать, делать мягким
**жуушап жаткандай** – словно отдыхают
**жүгүн артуу** – навьючить груз
**жүзүнөн нур жаап турган** – лучезарная, лучистая
**жүрүш** – поход
**жыбылжып аккан** – медленно текущий
**жылба** – не двигаться
**жылга** – ложе ручья; длинная впадина
**жылгын** – юлгун, бисерник, тамариск



**жылкычы** чымчык – трясогузка
**жылмайган калыбында** – улыбаясь
**жыпар жыттуу** – благоухающий
**жырга** – наслаждаться
**жыргал күү** – мелодия благополучия

З
**запкысын тартуу** – терпеть унижение
**зоо** – скала
**зордук менен** – насильно
**зуулаган** – *здесь:* стремительный
**зуулда** – мчаться
**зээндүү** – понятливый

И
**ий** – гнуть, сгибать
**ийил** – гнуться, сгибаться
**ийри-буйру** – извилистая
**илеп** – дуновение
**илин**– зацепиться
**ирмем** – мгновение
**ит мурун** – шиповник
**ичи** – внутренняя часть
**ичим түтпөй** – не выдержав
**ишенич** – доверие

К
**каардан** – сердиться, гневаться
**кабар** – весть, известие
**кабыл алуу** – принимать
**кадыр** – уважение; достоинство
**кадырга жетпеген** – не отдавший дань
**кайгы-капа** – печаль, тоска
**кайраты өткүр** – решительный, храбрый
**кайрылуу** – вернуться, возвратиться
**как жарып өтүү** – пересекать
**калкан көпөлөк** – крупная бабочка; мотылёк
**калыңдык** – плотность
**калышпа** – не уступать
**камак** – арест
**камчы** – нагайка, плётка
**канат бүтүрүү** – окрылять
**кандай болсо да** – как бы то ни было
**кан көксө** – жаждать крови
**каңылда** – визжать, кричать протяжно
**капчыгайлуу** – имеющий ущелье
**кара тору** – смуглый
**кармалуучу балыктар** – промысловые рыбы
**карт** – *здесь:* старец
**кары** – *здесь:* стареть
**касиет** – хорошее свойство
**катаал** – суровый
**каттаган сайын** – в каждом приезде
**качыра** – скрипеть, трещать
**кекилик** – каменная куропатка
**келген кезинде** – *здесь:* когда ему исполнилось
**кемчил** – нехватка, недостаток
**кепил бол** – ставший свидетелем
**кесип өт** – переправиться, перейти брод
**кескелдирик** –ящерица
**кескин түрдө** – решительно, категорически
**кийиз чокой** – валенки
**кокту, коктуча** – горная ложбина
**кожогат** – земляника
**кон** – садиться (о птице)
**коогалаңдуу** – беспокойный
**кооздук** – красота
**коргон** – забор
**кочкул** – тёмно-красный
**кош** – плуг
**кошо** – вместе
**кош чокулуу** – двухвершинный
**көбүк** – пениться
**көгөрүү** – зеленеть; процветать
**көз ачып-жумганча** – мгновенно
**көзгө кадал** – вперить взор
**көздөрүн алайтуу** – вытаращить глаза
**көз жеткис** – необозримый
**көз караш** – взгляд
**көзүн жашыр** – скрывать
**көзүн жогот** – убрать с глаз долой
**көйкөл** – спокойно дремлет; переливаться
**көк жон** – гребень горы
**көкөлөтө карма** – нести высоко
**көктүн бети** – небосвод
**көкүрөк** – грудь
**көлгө куюучу** – впадающие в озеро
**көл-шал түш** – обливаться потом
**көңүл** – чувство
**көңүлгө толуу** – понравиться
**көөдөн** – грудь
**көөнөрбөс** – незабываемый
**көп кырдуу** – многогранный
**көп улуттуу** – многонациональный
**көрксүз** – некрасивый
**көрпө тебетей** – шапка из мерлушки
**кубат** – сила, мощь; энергия

**кубаттуу** – сильный, мощный; энергичный
**кубаттуулук** – мощь, мощность
**куду** – точь-в-точь
**кудук** – колодец
**кулак** – *здесь:* разветвление арыка
**кулак угуп, көз көрбөгөн** – неслыханное и невиданное
**кулаткан** – опрокинувший
**куру** – пустой
**куру эмес** – не обделена, не лишена
**курч абал** – напряженная обстановка
**куттуу** – счастливый, благодатный
**куугунтук** – гонение, травля
**кучагында** – в объятиях
**күл азык** – хлеб, провизия
**күлгүндөй** – яркий, красочный
**күн сайын** – ежедневно
**күнү бүгүн** – как сегодня
**күнгөй** – сторона, обращенная к солнцу
**күрөң ат** – бурый конь
**күрүлдө** – бушевать, реветь
**кыбыраган жан-жаныбарлар** – все живые существа
**кыжыры кайна** – обозлиться
**кызыктар дүйнөсүндө** – в мире интересного
**кыйла** – значительно
**кык** – навоз
**кылдат** – мастерски
**кымкап** – парча
**кыңыр иш** – дурное дело
**кыстар** – всунуть, втиснуть
**кыялдан бүткөндөй** – как возникшая мечта

М

**маанай** – настроение
**магдыра** – млеть, наслаждаться
**маданий** – культурный
**майрам** – праздник
**майтар** – сбить спесь, сломить
**майышпаган** – несгибаемый
**мала тарт** – бороновать
**малга-жанга жайлуу** – удобный для всех
**машакат** – трудность, затруднение
**машык** – упражняться, тренироваться
**машыккан** – тренированный
**мезгилдин талабына жараша** – по духу времени
**мээрман** – милостивый
**мелтиреген талаа** – ровное, как долина, поле
**мемиреген** – тихий, спокойный
**мостой** – дуться
**мотурайган** – миловидный
**мөгдөп келген** – многострадальный
**мөлтүрө** – быть прозрачным, чистым
**мөмө** – фрукты, плоды
**мөңгү** – горный ледник
**муз капта** – оледенеть, покрыться льдом
**мунарык тарткан** – мглистый
**мээнет** – труд
**мээрим төк** – проявить большое радушие

Н

**наам** – звание
**назар сал** – обратить внимание
**наристе курак** – детский возраст
**натыйжа** – результат
**негиздөөчү** – основатель
**никелешүү** – вступать в брак
**нук** – русло
**нур** – луч
**нуска** – экземпляр

О

**обдул** – подаваться корпусом вперед
**обончу** – мелодист
**ой** – 1. мысль; 2. низина, котловина
**окко уч** – его сразила пуля
**омкор** – вывернуть
**оңдо** – исправлять, отремонтировать
**оозуңа май** – в уста твои масла
**оозуңдан айланайын** – благословенны уста твои
**оошуу** – переходить
**оро** – завернуть, обвернуть
**оттуу** – горящий

Ө

**өбөлгө** – предпосылка
**өздүк** – личный
**өзү курдуу** – ровесник
**өз ыктыяры менен** – добровольно
**өмүр берген** – дающий жизнь
**өмүрлүү болушсун** – пусть живут долго
**өмүр сүр** – существовать, жить
**өрдөп кеткен** – идущий вверх
**өнөр** – ремесло
**өнөрчүлүк** – ремесло
**өркүндөтүү** – усовершенствование



**өрөөн** – долина
**өткөр** – проводить

П

**перзент** – дитя, ребёнок

Р

**радиобайланыш** – радиосвязь

С

**сагын** – тосковать, соскучиться
**сайра** – петь (о птицах)
**сакалы куудай** – седобородый
**салмактуу** – серьёзный
**салтка айланып калган** – стало традицией
**Саманчынын жолу** – Млечный путь
**санат-насыят ырлар** – назидательные песни
**сап** – рукоятка
**сапар** – путешествие; дальний путь
**сапарчылар** – путешественники
**саратан** – майский жук
**сезимталдык** – чувствительность
**сейил** – прогулка, гуляние
**селки** – девушка
**сергит** – освежить
**сермеген** – взмахивающий
**согуп тур** – дуть (о ветре)
**соконун туткасы** – ручка плуга
**сөйкө** – серьги
**сугарылган** – орошаемый, поливной
**суналып жатуу** – лежал, растянувшись
**сунуш** – предложение
**сурдан** – бледнеть
**сурмалуу көз** – *здесь:* красивые глаза
**суу башында** – у истока воды
**суук кабар** – плохое сообщение
**суу сактагыч** – водохранилище
**суусар** – куница
**суусу көп** – полноводный
**суусун кандыруу** – утолять жажду
**суу ташкыны** – наводнение
**сүйлө** – произнести речь
**сүргүн** – ссылка
**сүрөттө** – описывать
**сызыл** – струиться
**сыйла** – уважать
**сыйлан** – награждать
**сыла** – погладить
**сырда** – красить, окрашивать
**сыяктуу** – подобный

Т

**таасир** – впечатление
**табигый** – естественный, природный
**табылгы** – таволга, спирея
**тай** – жеребёнок
**тайбай келүү** – не меркнуть
**тайыз** – *здесь:* мелкий (неглубокий)
**такшал** – получить навык
**талам** – интерес
**талыкпа** – не уставать
**талыкпас** – неутомимый
**тамак-аш өнөр жайы** – пищевая промышленность
**таң аткыча** – до рассвета
**таң кылая баштады** – начало светать
**таппай калчудай** – как будто не найдёт
**тарап** – сторона, направление
**тартуу эт** – дарить
**тартып кал** – дёрнуть
**таш** – камень
**таштак жер** – каменистое место
**ташкындап агуу** – течь, переливаясь через край
**таяке** – дядя (по материнской линии)
**теңдешсиз** – несравнимый
**тепши сымал** – корытообразный
**тер агыз** – проливать пот
**терде** – вспотеть
**теребел** – окрестность; вокруг
**терең** – глубокий
**тереңде** – углубиться
**тизген** – нанизанный
**тилектештик** – солидарность
**тиричилик** – существование
**толкуган** – всколыхнувший
**томсор** – мрачно смотреть
**томсоруп туруучу** – хмурый, печальный
**тоң** – замерзать, мёрзнуть
**тоо-кен институту** – горный институт
**тоо-геологиясы** – горно-геологический
**тоонун боору** – склон горы
**тоонун этеги** – подножье горы
**тоотпо** – не признавать
**тоо эчки** – горная коза
**топурак** – земля, почва
**тордомо** – сорт дыни
**төгөректүн төрт бурчу** – весь мир
**төгүл** – рассыпаться
**төгүп жибер** – литься

**төр** – высокогорье
**төрт аттуу** – четырёхконный
**тула бой** – всё тело; весь, целиком
**тунук** – прозрачный, чистый
**туңгуч** – первенец
**турмуштун айынан** – из-за сложившихся обстоятельств
**туруштук бер** – выдерживать
**туткун** – пленник, узник
**туу чоку** – вершина
**туш-туштан** – с разных сторон
**түгөнгүс** – нескончаемый, неиссякаемый
**түйшүк** – хлопоты, заботы
**түк** – никак; никогда; нисколько
**түнкү** – ночной
**түрткү бер** – дать толчок
**түтүн** – как отдельная семья
**тыкан** – аккуратный, собранный
**тынчыт** – успокоить, утихомирить
**тыным албастан** – без передышки
**тыптыйпыл** – чисто-начисто; совсем
**тыш** – внешняя сторона

**У**
**убайын көр** – получить пользу
**убараланган** – утруждающий себя
**удаалаш** – вслед за
**узакка дейре** – долго
**уйкусун ач** – разогнать сон
**укмуштар** – небывалые; невиданные
**укук таануу** – правоведение
**улар** – улар, горная индейка
**унутулгус** – незабываемый
**урат** – свергнуть
**урмат** – почёт, уважение
**учкан куштай** – как птица
**учкул** – крылатый
**учтуу** – заострённый
**учуш** – взлёт; полёт
**учу шиш** – остроконечный
**уюк** – рой

**Ү**
**үмүт** – надежда
**үн кат** – раздаются голоса
**үңүл** – внимательно смотреть
**үрөн сеп** – сеять
**үстүндө кийгени** – верхняя одежда
**үшүтүп албоо** – не дать замерзнуть

**Ч**
**чаалык** – утомляться
**чаалыкпас** – неутомимый
**чагылган** – молния
**чай куурай** – зверобой
**чайыттай ачык** – совершенно чистое
**чакыр** – призвать
**чакырык** – призыв
**чамын** – мчаться
**чаңка** – жаждать
**чапкан бойдон** – вскачь
**чачып койгон** – рассыпанный
**чеберчилик** – мастерство
**чеке** – лоб
**чектеген** – намеченный
**чектегис** – беспредельный
**чеңгелдей** – пятерня
**чепкен** – род верхней одежды
**чет-жака** – окрестность; окраина
**чет өлкөлүк** – зарубежный
**чоң шашке** – время перед полуднём
**чоочун** – чужой, посторонний
**чөгүүдөн сактоо** – спасение утопающих
**чөмүл** – купаться
**чөнөк** – лунка; грядка
**чубап кел** – идти гуськом
**чуру-чуу** – шум; суматоха
**чыдоо** – терпеть
**чыдамкайлык** – терпеливость
**чыйрак** – крепкий, выносливый
**чыйрал** – закаляться, твердеть
**чыкылдаган аяз** – трескучий мороз
**чым** – дёрн
**чымчып ал** – взять щепотку
**чымын-чиркейлер** – гнус (мухи, комары)
**чыны карагат** – чёрная смородина
**чырак** – светильник

**Ш**
**шак** – *здесь:* ветвь
**шаркыра** – бурлить; грохотать камнями
**шаттык** – радость, веселье
**шатыра** – барабанить (о дожде)
**шейшеп** – простыня
**шибер** – метлица; высокая густая трава
**шилби** – жимолость
**ширелүү** – сочный
**шумдук экен** – удивительный
**шурудай** – как бусы
**шыбоо** – мазать, штукатурить
**шылдыр аккан** – журчащий
**шыпылда** – быстро двигаться



**Ы**
**ыдыратуу** – разъединить
**ызат** – почтение, уважение
**ыйгарылган** – был удостоен
**ылдамдык** – скорость
**ынануу** – поверить
**ынтаа кой** – быть очень внимательным
**ынтызарлык** – сильное желание
**ыңгыра** – самодовольствоваться
**ыраазычылык** – удовлетворение
**ырайымсыз** – жестокий
**ыргуу** – качаться, покачиваться
**ыргып туруу** – вскакивать
**ырчы** – певец

**Э**
**эбегейсиз** – очень, весьма, чрезмерно
**эгин айдоо** – производить вспашку и посев
**эзелтен бери** – издавна, с давних пор
**экинчи жагынан** – с другой стороны
**эки тиштүү** – двухлемешный
**элден мурун** – прежде всего
**элестөө сезими** – чувство образа
**элестүү** – образный
**эмгек сиңирген** – заслуженный
**эмгек үзүрү** – результат труда
**эмне дээрин билбей** – не зная, что сказать
**эңсе** – сильно желать
**эптеп** – как-нибудь, кое-как
**эрги** – бушевать, не зная удержу
**эр жигит** – храбрый молодец
**эрме чөл** – пустыня, дикая степь
**эрк** – воля, свобода
**этек-жең** – полы одежды
**эчакы өткөн күндөр** – давно прошедшие дни
**эчен** – несколько

## РУССКО-КЫРГЫЗСКИЙ СЛОВАРЬ – ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮК

**А**
**ад** – тозок

**Б**
**беспризорность** – багуусуздук

**В**
**взрыв** – жарылуу
**воля** – эрк
**выворачивать руку** – колун толгоо
**выпускать** – жасап чыгаруу
**вырывать** – жулуп алуу
**высокорослый** – узун бойлуу
**вытолкнуть** – түртүп чыгаруу
**выхватить** – жулуп алуу
**гигантский** – эң чоң
**гордиться** – сыймыктануу
**гордо** – сыймык менен
**грандиозные дела** – эң зор иштер
**грешники** – күнөөлүүлөр
**грузовик** – жүк ташуучу автомобиль

**Д**
**добровольный** – ыктыярдуу

**Ж**
**жестоко** – абдан катуу

**З**
**заботиться** – кам көрүү
**загореться** – күйө баштоо
**заживо** – тирүүлөй
**заморозить** – суукка тоңдуруу

**И**
**изменник** – чыккынчы
**испокон веков** – эзелтен бери
**испытанный** – сыналган
**испытывать** – сезүү

**К**
**кочевка** – көчүү

**Л**
**легковой автомобиль** – жеңил автомобиль

**М**
**мгновение** – заматта

**молоть зерно** – данды тегирменге тарт

Н

**набег** – чабуул, кол салуу
**неграмотность** – сабатсыздык
**наотрез** – кескин, таптакыр
**напомнить** – эске салуу
**наслаждаться** – ыракаттануу
**начертать** – көрсөт

О

**облить водой** – суу куюу
**огромный** – абдан чоң, эң зор
**организация** – уюм
**оказаться** – баш тартуу

П

**пацан** – бала
**передовик** – алдыңкы
**печь** – бышыруу
**пламя** – жалын
**подавить** – басуу
**подвиг** – эрдик, баатырдык
**подтолкнуть** – түртүү
**помешать** – жолтоо кылуу
**последователь** – жолун жолдоочу, ишин улантуучу
**праведник** – такыба, сопу киши
**предать** – чыккынчылык кылуу
**пытать** – кыйноо

Р

**разложить** – бөлүп коюу
**рай** – бейиш

С

**самоотверженно** – өз жанын аябай
**святая вода** – касиеттүү суу
**слава** – даңк, атак
**смолкнуть** – жымжырт болуу
**специально** – атайын

У

**увековечение** – атын түбөлүккө калтыруу
**увлекаться** – кызыгуу
**улыбаться** – жылмаюу



## МАЗМУНУ

**I ЧЕЙРЕК**
§ 1. Киришүү сабагы – Вводный урок ........ 3
6-класста өтүлгөн материалды кайталоо үчүн көнүгүүлөр – Упражнения для повторения пройденного материала 6-класса ........ 4
§ 2. Ат атоочту кайталоо – Повторение местоимения ........ 4
§ 3. Ат атоочтун түрлөрүн кайталоо – Повторение видов местоимений ........ 6
§ 4. Тууранды сөздөр – Подражательные слова ........ 8
§ 5. Тууранды сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү – Виды подражательных слов ........ 9
§ 6. Элес тууранды сөздөр – Образно подражательные слова ........ 11
§ 7. Тууранды сөздөрдүн жазылышы – Правописание подражательных слов... 12
§ 8. Кызматчы сөздөр – Служебные слова ........ 14
§ 9. Жандоочтор – Послелоги ........ 15
§ 10. Жандоочтун түрлөрү – Виды послелогов ........ 17
§ 11. Байламталар – Союзы ........ 18
§ 12. Жөнөкөй жана татаал байламталар – Простые и составные союзы........ 20
§ 13. Багындырбас байламталар – Сочинительные союзы ........ 21
§ 14. Багындырбас байламталардын бөлүнүшү – Виды сочинительных союзов ........ 23
§ 15. Багындырма байламталар – Подчинительные союзы ........ 24
§ 16. Багындыргыч байламталардын маанисине карай бөлүнүшү – Виды подчинительных союзов по значению ........ 26
§ 17. Бөлүкчөлөр (гана, го) – Частицы ........ 28
§ 18. Бөлүкчөлөр (экен, эле) – Частицы ........ 29
§ 19. Бөлүкчөлөр (эң, өтө, абдан) – Частицы ........ 31
Чейрек боюнча кайталоо – Повторение пройденного за четверть ........ 33
§ 20. Тууранды сөздөрдү кайталоо ........ 33
§ 21. Жандоочторду кайталоо – Повторение послелогов ........ 35
§ 22. Байламталарды кайталоо ........ 37
§ 23. Бөлүкчөлөрдү кайталоо ........ 39
Сөз өстүрүү сабактары, текст менен иштөө – Уроки развития речи, работа с текстами ........ 40
§ 24. Зат атоочту кайталоо – Повторение имени существительного ........ 40
§ 25. Сын атоочту кайталоо – Повторение имени прилагательного ........ 41
§ 26. Сан атоочту кайталоо – Повторение имени числительного ........ 44
§ 27. Сөз өстүрүү үчүн текст үстүндө иштөө – Работа над текстом для развития речи ........ 46
Өтүлгөн темаларды кайталоо – Повторение пройденных тем ........ 48

**II ЧЕЙРЕК**
§ 28. Текст менен иштөө аркылуу кызматчы сөздөрдү кайталоо ........ 48
§ 29. Сүйлөм – Предложение ........ 49
§ 30. Сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү – Виды предложений по цели высказывания ........ 51
§ 31. Жай сүйлөм боюнча машыгуу, көнүгүү иштери – Упражнения для приобретения навыков по составлению повествовательных предложений.... 53
Сөз өстүрүү сабактары – Уроки развития речи ........ 55
§ 32. Этишти кайталоо – Повторение глагола ........ 55
§ 33. Этиштин өткөн чагын кайталоо – Повторение прошедшего времени глагола ........ 57
§ 34. Этиштин учур чагын кайталоо – Повторение настоящего времени глагола ........ 58

§ 35. Этиштин келер чагын кайталоо – Повторение будущего времени глагола ........ 60
§ 36. Суроолуу сүйлөм, анын интонациясы, тыныш белгиси – Вопросительное предложение, его интонация и знаки препинания ........ 61
§ 37. Суроолуу сүйлөмдүн жай сүйлөм менен байланышы – Связь вопросительного предложения с повествовательным ........ 63
§ 38. Суроолуу сүйлөм боюнча машыгуу, көнүгүү иштери – Упражнения для приобретения навыков по составлению вопросительных предложений ........ 64
§ 39. Көнүгүүлөр – Упражнения ........ 65
§ 40. Буйрук сүйлөм, анын интонациясы – Побудительное предложение и его интонация ........ 67
§ 41. Буйрук сүйлөмдүн жай сүйлөм менен байланышы – Связь побудительного предложения с повествовательным ........ 68
§ 42. Көнүгүү, машыгуу иштери – Упражнения для приобретения навыков..... 70
§ 43. Илептүү сүйлөм, анын интонациясы – Восклицательное предложение и его интонация ........ 71
§ 44. Көнүгүү, машыгуу иштери – Упражнения для приобретения навыков 73
§ 45. Текст менен иштөө – Работа с текстом ........ 75
§ 46. Сүйлөмдүн түрлөрү боюнча алган билимдерин жөнгө салуу – Систематизация знаний по видам предложений ........ 76
§ 47. Чейрек боюнча кайталоо – Повторение пройденного за четверть........ 77

III ЧЕЙРЕК
§ 48. Сүйлөмдүн түрлөрү (жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөр) боюнча көнүгүүлөр – Упражнения по видам предложений (повествовательные, вопросительные, восклицательные) ........ 80
§ 49. Көнүгүүлөр – Упражнения ........ 81
§ 50. Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү – Главные и второстепенные члены предложения ........ 82
§ 51. Сүйлөмдүн ээси – Главный член предложения – подлежащее ........ 84
§ 52. Ээнин курамына карай бөлүнүшү – Классификация подлежащего по составу ........ 87
§ 53. Ээнин милдетин аткаруучу сөздөр – Способы выражения подлежащего ........ 90
§ 54. Көнүгүү, сөз өстүрүү – Упражнения и развитие речи ........ 92
§ 55. Көнүгүү, машыгуу иштери – Приобретение навыков ........ 94
§ 56. Көнүгүүлөр – Упражнения ........ 95
§ 57. Текст менен иштөө – Работа с текстом ........ 97
§ 58. Өтүлгөн материалдарды жыйынтыктоо үчүн тесттик тапшырмалар – Тестовые задания для подведения итогов пройденного материала........ 98
§ 59. Сүйлөмдүн баяндоочу – Сказуемое ........ 100
§ 60. Баяндоочтун курамына карай бөлүнүшү – Классификация сказуемых по составу ........ 102
§ 61. Көнүгүүлөр – Упражнения ........ 104
§ 62. Текст үстүндө иштөө – Работа над текстом ........ 105
§ 63. Көнүгүүлөр – Упражнения ........ 108
§ 64. Өтүлгөн материалдар боюнча алган билимдерин жөнгө салуу – Систематизация знаний по пройденным материалам ........ 109
§ 65. Сөз өстүрүү – Развитие речи ........ 110
§ 66. Көнүгүү, машыгуу иштери, сөз өстүрүү – Упражнение, приобретение навыков и развитие речи ........ 112



§ 67. Ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсү – Согласование подлежащего со сказуемым ........ 113
§ 68. Сөз өстүрүү – Развитие речи ........ 116
§ 69. Көнүгүү, машыгуу иштери, сөз өстүрүү – Упражнение, приобретение навыков и развитие речи ........ 117
§ 70. Ээ менен баяндоочтун сүйлөмдөгү орду – Место подлежащего и сказуемого в предложении ........ 119
§ 71. Сөз өстүрүү – Развитие речи ........ 121
§ 72. Чейректик кайталоо үчүн тапшырмалар – Задания для повторения материалов за четверть ........ 122

IV ЧЕЙРЕК
§ 73. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн кайталоо – Повторение главных членов предложения ........ 125
§ 74. Баяндоочтун түрлөрү – Виды сказуемого ........ 126
§ 75. Этиштик баяндооч – Глагольное сказуемое ........ 128
§ 76. Атоочтук баяндооч – Именное сказуемое ........ 130
§ 77. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби – Порядок слов в предложении..... 132
§ 78. Жалаң сүйлөмдөр – Нераспространенное предложение ........ 134
§ 79. Көнүгүү, машыгуу иштери – Упражнения для приобретения навыков 136
§ 80. Сөз өстүрүү – Развитие речи ........ 137
§ 81. Жайылма сүйлөм – Распространенное предложение ........ 138
§ 82. Текст менен машыгуу иштери – Работа над текстом для приобретения навыков ........ 140
§ 83. Сөз өстүрүү – Развитие речи ........ 141
§ 84. Жылдык өтүлгөн материалдар боюнча алган билимдерин жөнгө салуу – Систематизация знаний по пройденным материалам за год.... 143
§ 85. Өтүлгөн материалдар боюнча алган билимдерин жөнгө салуу – Систематизация знаний по пройденным материалам ........ 144
§ 86. Чейректик жазуу ишин жүргүзүү – Проведение письменной работы за четверть ........ 146
§ 87. Жыйынтыктоочу сабак – Итоговый урок ........ 147
Кыргызча-орусча сөздүк. Кыргызско-русский словарь ........ 149
Русско-кыргызский словарь – Орусча-кыргызча сөздүк ........ 155

*Учебное издание*

Мамытов Жумаш, Сыдыкова Бурулжан

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

Учебник для учащихся 7-го класса
с русским языком обучения

Третье издание, переработанное

На кыргызском и русском языках

*Окуу китеби*

Мамытов Жумаш, Сыдыкова Бурулжан

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин
7-классы үчүн окуу китеби

Кайрадан иштелип, үчүнчү басылышы

Жооптуу редактору *Д. Андашев*
Редакторлору *М. Молдалиева, Ж. Медералиева*
Сүрөт редактору *А. Касымалиев*
Тех. редактору *Ж. Жолдошева*
Компьютердик калыпка салган *Т. Сандыбаева*

ИБ № 260

Терүүгө 15.09.10 берилди. Басууга 10.04.12 кол коюлду.
Офсет кагазы. Форматы $60\times84^1/_{16}$. Мектеп арибі. 10,0 накта басма табак.
Нускасы 29 500. Заказ № 115.

«Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясында даярдалган жана
бекитилген сигналдык нускасы, «ST.art LTD» ЖЧК типография-
сында басылды

«Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясы
720040, Бишкек ш., Эркиндик проспектиси, 56

«ST.art LTD» ЖЧК
720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46